# пайгамбарым

НЕГИЗГИ ДИНИЙ МААЛЫМАТТАР

DİYANET İŞLERİ BAŞKANLIĞI

ДИН ИШТЕРИ БАШКАРМАЛЫГЫ

Н Е Г И З Г И   Д И Н И Й   М А А Л Ы М А Т Т А Р

ДИН ИШТЕРИ БАШКАРМАЛЫГЫ

# пайгамбарым


**Редактор:**
Проф. Док. Мехмет Эмин Өзафшар - Проф. Док. Режаи Доган

**Басылма Боюнча Жооптуу**
профессор, доктор Хурийе Марты

**Басып чыгарууга даярдаган:**
Доктор Фатих Курт

**Координатор:**
Йылдырай Каплан

**Проект:**
ДИБ. Диний Билим Берүү Бөлүмүнүн Башчылыгы

**Авторлор:**
1 - 2 - 3-Бөлүмдөр: Проф. Док. Нахиде Бозкурт
4-Бөлүм: Проф. Док. Нахиде Бозкурт - Док. Ремзие Йылмаз
5 - 6-Бөлүмдөр: Док. Ремзие Йылмаз

**Оңдоо иши:**
Мустафа Кая

**Которгон**
Жамалбек Марасулов

**Дизайн жана Ишке ашырган:**
Угур Алтунтоп

**Басмакана**
Korza Yayın Basım A.Ş.
Tel: +90 312 342 22 08

Дин Иштери Башкармалыгынын Басылмалары: 1374
Кесиптик Китептер: 136

1-Басылышы 2018, Анкара

Дин Иштери Жогорку Кеңештин Чечими: 12.08.2016

2018.06.Y.0003.1374
ISBN 978-975-19-6857-9
Сертификат No: 12931


© Дин Иштери Башкармалыгынын Диний Басылмалар Жалпы Башкармалыгы


Байланыш:
Диний Басылмалар Жогорку Башкармалыгы
Üniversiteler Mah. Dumlupınar Bulvarı No: 147/A Çankaya / Ankara
Tel.: +90 312. 295 72 81 - Faks: 0312. 284 72 88
e-posta: yabancidiller@diyanet.gov.tr

# Мазмуну

**I БӨЛҮМ**

ПАЙГАМБАРДЫККА ЧЕЙИНКИ ДООР

1-Пайгамбарыбыз Туулган Чөйрө .............. 7

2-Пайгамбарыбыз жана Үй-Бүлөсү .......... 12

3-Жаштык Кези жана Кылган Иштери......... 15

4-Аз. Хадичага Үйлөнүүсү жана Уул-Кыздары......................................... 18

5-Куран Боюнча Аян Келгенге Чейинки Убагы .................................... 19

**II БӨЛҮМ**

ПАЙГАМБАРДЫК: МЕККЕ ДООРУ

1-Пайгамбардыктын Алгачкы Жылда-ры ............................................ 27

2-Мусулмандардын Бири Бирине Көмөк Болуусу жана Карым-Катн-аш ы ................................ 32

3- Аз. Пайгамбарга Каршы Чыгуу; Ага Жалаа Жабуу жана Курандын Жообу.................................................. 32

4-Мусулмандардын Кордук Көрүүсү, Социалдык Басмырлоолор жана Хабешистанга Көчүү............................. 36

5-Түнкү Сапар (Исра) ................................ 41

6-Мадиналыктар менен Жолугуу жана Акабада Ант Ичүү ........................ 42

7-Мадинага Көчүп аруу............................ 43

**III БӨЛҮМ**

ПАЙГАМБАРДЫК: МАДИНА ДООРУ

1-Пайгамбардын Мадинада Кылган Иштери.................................................. 55

2-Мушриктер менен Болгон Байлан-ыш ........................................... 58

3-Еврейлер менен Болгон Байланыш...... 67

4-Христиандар менен Болгон Байлан-ыш ........................................... 70

5-Мусулмандардын Меккени Алуусу...... 72

6-Исламга Чакырган лчилер ..................... 75

7-Акыркы Ажылык Сапары жана Пайгамбарыбыздын Акыркы айрылуусу ............................................. 76

8-Аз. Пайгамбардын Өлүмү...................... 78

**IV БӨЛҮМ**

МҮНӨЗҮ жана ҮЛГҮ БОЛУУСУ

1-Куран Боюнча Аз. Мухаммед................ 85

2-Аз. Пайгамбардын Диний Жактан Үлгү Болуусу.................................................. 89

3-Аз. Пайгамбардын Адеп-Ахлагы ........... 95

**V БӨЛҮМ**

АЗ. ПАЙГАМБАРДЫН КАРЫМ-КАТНАШ ТҮШҮНҮГҮ

1-Өмүрлүк Жолдош Катары Аз. Мухамм-ед......................................... 109

2-Ата Катары Аз. Мухаммед................... 110

3-Чоң Ата Катары Аз. Мухаммед............ 112

4-Коңшу Катары Аз. Мухаммед.............. 113

5-Тууган Катары Аз. Мухаммед............. 114

6-Дос Катары Аз. Мухаммед................... 115

**VI БӨЛҮМ**

ТАРБИЯЧЫ КАТАРЫ АЗ. МУХАММЕД

1-Мугалим Катары Жөнөтүлүүсү............ 123

2-Сабаттуулукка Басым Жасоо ............... 124

3-Аялдарга Билим Берүүнүн Маани-Маңызы............................................... 126

4-Билим Берүүнүн Негиздери ................ 127

**СУРООЛОРДУН ЖООПТОРУ** ................... 132

**КОЛДОНУЛГАН БУЛАКТАР** ..................... 133

## киришүү

Ырайымдуулуктун ээси болгон Улуу Аллах, инсанды эң кооз абалда жараткан. Аны жогорку өзгөчөлүктөргө ээ кылып, ага аян жөнөткөн. Аны кадыр барктын ээси кылуу менен бирге, жоопкерчилик да жүктөгөн. Бул дүйнөдөгү жашоосунда аны өз башынча таштап койбой, ыймансыздыктын түңгүюгунан чыгарып, ыйман жана адеп-ахлактын жарык нууруна жеткирүү үчүн, жаратылгандын ырайымы жана белеги болгон пайгамбарларды жана ыйык китеперди жөнөткөн.

Адам заты жаралгандан бери бар болгон дин бул, инсандын бар болуу муктаждыгы б.э. Дин бул, жашоонун бир бүтүндүгүн жана түпкү маңызын бизге үйрөткөн, бул дүйнө жана акыретти, акыл-эс менен жан дүйнөбүздү тең салмакта кармаган, инсандын жан дүйнөсүн тынчтандырган, коомго сүйүү жана адилеттүүлүк алып келген, жеке өзүбүзгө жана коомго болгон милдетибизди ибадат сыяктуу баалуу жоопкерчилик деп эсептеген, бир бүтүн болгон жашоо тууралуу насыйкаттардын жыйындысы.

Ааламды жана жаратканды түшүнүүгө аракет кылып, аны сүйүп, ага баш ийген адам, жаратуучу жөнөткөн пайгамбарлардын жана китептердин жолун жолдоп, Аллахка кул болууга жана акыйкатты түшүнүүгө багыт алат.

Ушул себептен улам инсандын динге болгон муктаждыгы туура маалымат менен камсыздандырылышы керек.

Диндин эң негизги максаты инсанга жол көрсөтүү болгондуктан, диний маалыматтын жашообузду жөнгө салгыдай болуп, өзүн өзү жаңылап туруусу жана илим менен жашоо турмуштун ортосунда тыгыз байланыш болуусу керек. Андыктан элибиздин диний маалымат алуу муктаждыгын, туура диний маалымат менен камсыздоону, калкыбызды ыйман, ибадат, пайгамбардын өмүр баяны жана адеп ахлактык жактан кабардар кылууну туура көрдүк. Колунуздагы “Пайгамбарым” аттуу китеп “Дин Иштери Башкармалыгы”на караштуу курстарда окутулган программага карата даярдалды.

Чыгармада Аз. Пайгамбарыбыздын пайгамбардыкка чейинки убагы, пайгамбардык убагы, кулк мүнөзү, адеп-ахлагы, илимге, билим берүүгө жана билим алууга басым жасагандыгы каралды.

Китеп окурмандар үчүн пайдалуу болот деген үмүттөбүз. Аракет бизден, ийгилик Аллахтан.

Дин Иштери Башкармалыгы

# пайгамбарым

пайгамбарым
пайгамбарым



# I БӨЛҮМ

# ПАЙГАМБАРДЫККА ЧЕЙИНКИ ДООР

1-Пайгамбарыбыз Туулган Чөйрө

2-Пайгамбарыбыз жана Үй-Бүлөсү

3-Жаштык Кези жана Кылган Иштери

4-Аз. Хадичага Үйлөнүүсү жана Уул-Кыздары

5-Куран Боюнча Аян Келгенге Чейинки Убагы

6

## БӨЛҮМ ТУУРАЛУУ

Бул бөлүм Ислам дини келгенге чейинки Арабистандын социалдык, маданий, диний түшүнүгү жана Аз. Мухаммеддин пайгамбар болгондон мурдагы жашоосу тууралуу болмокчу.

Пайгамбарыбыз Аз. Мухаммед (с.а.с.) 571-жылы Меккеде туулган. Бала чагы жана жаштык кези Меккеде өтүп, пайгамбар болгондон кийин да он үч жыл Меккеде жашап, андан соң Мадинага көчүп барып, ал жерде он жыл жашаган.

Бул бөлүмдө сүйүктүү пайгамбарыбыздын Меккедеги турмушу, кээ бир маанилүү окуялардын тегерегинде каралды: Каабадагы Калыстыгы, Хилфул-Фудулга мүчө болуу сыяктуу окуялар жана Курандын Аз. Пайгамбарды кантип тааныткан каралды.

## ПЛАН

1-Пайгамбардыктан мурда Аз. Мухаммед төрөлгөн жана жашап өскөн чөйрөнүн социалдык шарттары, маданий абалы жана диний жашоо тууралуу маалымат берүү.

2-Аз. Мухаммеддин жаштык кези; Кылган иштери

Хилфул-Фудулга мүчө болуусу;

Каабадагы Калыстыгы;

Соодагерчилик сыяктуу окуялар аркылуу таанытылат.

3-Пайгамбарыбыздын жашоосунда негизги орунду ээлеген аялы Аз. Хадичага үйлөнүүсү тууралуу маалымат берүү.

4-Пайгамбарыбыздын уул-кыздарын таанытуу.

5-Куранда пайгамбарыбыздын аян келгенге чейинки убагы тууралуу кандай маалымат берилгенин түшүндүрүү.

## ОКУУ ЭРЕЖЕСИ

Бул бөлүмдү окуунун эрежеси:

1-План коюп окуу жана тийешелүү бөлүмдү анализдөө;

2-Аз. Мухаммеддин (с.а.с.) өмүр баянын үйрөнүү үчүн бул китеп менен чектелбөө; Кошумча булактарды изилдөө;

3-Аз. Мухаммеддин (с.а.с) өмүр баянына тийешелүү кино тасмаларды көрүү.

# 1 Пайгамбарыбыз Туулган Чөйрө

**Ой Жүгүртүү**

Пайгамбарыбыз туулган чөйрө тууралуу эмне билесиз? Ой жүгүртүп, жазыңыз.

Араптар Ислам дининен мурда бир тектен жана бир кандан тараган уруулар абалында жашаган. Уруунун эң кичүү биримдигин үй-бүлө түзгөн.

Ал убактагы каада салт боюнча, эркектер көп аялга үйлөнөт болчу. Үйлөнүүнүн түрдүү жолу болгон. Негизинен жалпыга маалым болгон нике кыюу жолу менен үйлөнүүдөн сырткары, убактылуу нике (Мута Нике), аялдарды алмаштырып нике кыюу, калың бербөө үчүн өз кыздарын алмаштырууга таянган нике сыяктуу нике түрлөрү болгон.

Каада салт боюнча кыздар жаш кезинде турмушка берилген. Аялдар болсо бала төрөгөндөн кийин гана үй-бүлө катары кабыл кылынган. Мындан улам бир аял бала төрөбөй каза болсо күйөөсүнө тазыяга барылган эмес. Баласы жок аял кандайдыр бир жазага туш болсо, бул жазаны күйөөсү эмес, ал аялдын жакындары төлөгөн.

Ажырашуу көп болгон жана бул маселеде эрк эркеке берилген. Кээ бир учурда аялдар ажырашуу укугу өздөрүндө болуусун талап кыла алган. Ажыршкан аял жаңыдан турмуш куруу үчүн бир жыл күтүүгө мажбур болгон. Эркек бөбөк сүйүнүчтүн булагы болсо, кыздардын Куранда да айтылгандай кадыр баркы болбогон, кээде тирүүлөй көмүлгөн (Таквир, 81/8-9).

“Уул-кыздарыңарды жакыр болуудан коркуп өлтүрбөгүлө ...” (Исра, 17/31), аятында айтылгандай, жаш балдарды кээде жакырдык алып келет деп өлтүрүп салышкан.

Исламдан мурда Араптардын үй-бүлө тууралуу маселелеринин бири “бала асыроо” болгон. Асыранды болгон биреөгө, асыранды кабыл кылган адамдын балдары ээ болгон укук берилген.

Исламга чейинки араптар көчмөн болуп жана отурукташып жашаган. Көчмөндөр сууга жана жашылдыкка бай аймактарды кууп жүрүшкөн. Отурукташкан эл болсо айыл жана шаарларда турушкан. Көчмөндөр да жергиликтүү эл да “урууччулук” түшүнүгүнө ээ болгон.

Уруунун баалуулугу бир эркектин тукумунан тараган адамдардын биримдигине таянган. Бирок өздөрүнөн башканы толугу менен четке кагышкан эмес. “Келишим”, “расмий коргоого алуу” жана ”көзөмөл болуу” аркылуу да тууганчылык мамилеси түптөлгөн. Биреө жарым уруусун таштап кетсе же болбосо уруусу тарабынан куулса, ал адам башка уруу башчысынын карамагына киргенде ал уруунун мүчөсү болуп эсептелген. Мындай адамга “халиф” (келишимдүү) деп айтылган. Расмий коргоого алынган адам менен “жаар” (расмий коргоого алуу) жана согушта колго түшкөн же болбосо сатып алынган кул бошотулса алардын ортосунда “велаа” (көзөмөл болуу)

мамилеси түптөлгөн; кулчулуктан бошотулган адам, аны бошоткон уруунун “мевла-асы” (көзөмөлгө алынган адамы) болот. Бир топ жерде халиф, жар жана мевла ал уруунун инсандарындай мамиле көргөн.

Уруу узак туугандарды да ичинде камтыган коомдук топ болгондуктан, коомдогу даражасына жараша бири бирин толуктап турган. Бул биримдик жакындык даражасына карата башка башка аттар менен аталган. Мисалы Хашим Уулдары, Зухра Уулдары жана Мутталип Уулдары сыяктуу. Урууччулук социалдык жашоонун нугун жөнгө салып турган күчкө ээ болгон. Тагырак айтканда уруулар арасындагы үстөмдүк күрөшү бат бат согуш чыгуусуна себеп болгон. Согушуунун негизги себептеринен бири азык түлүк табуу маселеси эле.

Уруу урууччулукка таянган. Урууччулук бул, бир адамдын урук тууганын; бир атадан тараган жакын адамдарын же болбосо уруусун, туура болсо да туура эмес болсо да аларды коргоого ар дайым даяр болуу б.э.

Чөл шарттарында жашоону уланта билүү үчүн, уруунун биримдиги абзел болгон. Башка бирөө уруунун мүчөсү болгон бир адамды өлтүрүп койсо, андан өч алуу ар-намыс катары каралчу. Кээ бир учурда өлтүрүлгөн адам үчүн кун алынса да, көпчүлүк учурда кан төгүүгө чейин барып, ортодогу душмандык көп жылдар бою уланчу. Уруунун мүчөсү болгон ар бир адам, таандык болгон уруунун ар намысын, кызыкчылыгын коргоого, өзүнө тийешелүү милдетин аткарууга, жакындарын душмандан коргоого мажбур болгон. Тагырак айтканда тууган уругу карапайым болсо да, башка бироого зулум кылса да аларга жардам берүү анын милдети болчу.

Уруулар жеке мүнөзүнөн улам же болбосо байлыгынан улам араларынан чыгаан бирөөнү тандашып, аны уруу башчы кылып шайлашкан.

Араптар Исламан дининен мурда социалдык коомдо эркин адам, кул жана эркиндикке жеткендер болуп үч класска бөлүнүшкөн.

Эркин адамдар уруунун тең укука ээ мүчөлөрү болгон. Байлар, бакшылар, акындар, эр жүрөк баатырлар башкаларга караганда жогорку даражада каралса да негизинен журт которгондо, согушка барганда, адилеттүү турмушта жашоодо бири биринен айырмасы болгон эмес.

Кулдар болсо эркин адамдарга тийешелүү укук жана кадыр баркка ээ болушкан эмес. Булар согушта колго түшкөн же болбосо сатып алынган инсандар болгон. Кулдар менен күңдөр түрдүү иштерде иштетилген.

Ислам дининен мурда кулдар жана күңдөр буюм сыяктуу алып сатылып, мурас катары башка бирөөгө өтүп же болбосо белек катары берилген. Кул менен күңдүн ээси аларга каалагандай мамиле кылып, аларга кылган мамилеси үчүн жоопкерчиликке тартылган эмес. Күңдөн туулган бала да кул болгон. Эгер атасы аны балам деп кабыл кылса анын тукумунан болуп эсептелген.

Эркиндикке чыккан кул, кулдар менен эркин адамдардын ортосундагы статуска ээ болгон. Эркиндике чыккан адам, аны эркиндикке жеткирген адамдын уруусунун мүчөсү болуп, тууган урук катары мамиле көргөн. Алар кулдар сыяктуу алып сатылган эмес. Бирок кээ бир укуктарга да ээ болгон эмес; мисалы эркиндикке жеткен бирөө, эркин кыз же болбосо аялга үйлөнө алган эмес.

**Кезек Сизде**

Пайгамбарыбыз туулган социалдык коом менен сиз туулган социалдык коомдогу окшоштуктарды жана айырмачылыктарды талкуулаңыз!

## Маданий Турмуш

Ислам мурда Арап Жарым Аралында маданий жашоо жакыр болчу. Ислам динине чейинки маданий калыптануу, көчмөн турмуштун татаалдыгынан туулган тажрыйба, каада салт, үрп адаттардын натыйжасында келип чыккан маалыматтар аркылуу түптөлгөн. Хижаз аймагындагы араптар жазууну Ислам дини келе электен бираз мурда, соода сатыкка барганда Набаттыктардан үйрөнүшкөн. Азыркы учурдагы арап жазуусу түрдүү этаптардан өткөн Набат жазуусунан келип чыккан.

Ислам динине чейинки араптарда жазуунун кеч колдонулуусу жана аз колдонулуусу, алардын маданияттан таптакыр узакташына себеп болгон эмес. Себеби көркөм адабиятты өнүктүрө алышкан болчу. Жашоонун бир топ багытын камтыган ыр саптары, көпчүлүк учурда элге кара сөз аркулуу тараган. Ыр ырдоо маанилүү иш катары каралган. Диний жана соода маарекелеринде уюштурулган ыр ырдоо жарыштарынын натыйжасында таанылуу акындар келип чыккан.

Бул ырлардын маани маңызынан, Ислам дининен мурдагы доордогу араптардын, түрдүү багыттарда кандай маалыматтарга жана каада салтка ээ болгондугун табуу мүмкүн. Ырлардын маңызы негизинен мактоо, кемсинтүү, баатырдык жана махабат сыяктуу темалардан турган. Акындардын коомдогу орду жогору болгон.

Араптар тарых илими менен да жакындан алектенишкен. Тарыхка болгон жакындык, алардын эң негизги өзгөчөлүгү болгон. Тарых маалыматтарына маани берүүнүн негизги себептеринин бири санжыра б.э. Араптар тарых илимин эки багытта үйрөнүшкөн. Биринчиси санжырага тийешелүү багыты. Экинчиси Арап Күндөрү деп аталып, арап уруулардын ортосунда болгон согуштардын маалыматын камтыган. Бул тарыхый аң сезим, кара сөз түрүндө муундан муунга өтүп турган. Башка улуттардын тарыхын болсо, түрдүү динге, маданиятка таандык адамдардын соодачылык, саякат ж.б. максат менен Арабистанга келүүсүнөн улам үйрөнүшкөн.

**Билесизби?**

Араптар чөл турмушу үчүн өтө керек болгон астрономияны Келданийлер менен Бабилден үйрөнүшкөн. Араптардын жылдыздардагы өзгөрүүлөр менен алек болушканы анык. Алар асмандагы жылдыздардын бир тобун изилдешкен. Астрология аларга убакытты өлчөө үчүн керек болгон. Жылдыздардын ордуна, орун алмашуусуна карап сапарга чыгышкан. Күндү жана айды көзөмөлдөп, мезгилдерди жана күндөрдү такташкан.

Исламдан мурдагы Араптарда көзү ачыктык жана бакшылыктын өзгөчө орду болгон. Араптар көзү ачыктарга сый-урмат көрсөтүшкөн. Аларды жан дүйнөнүн табыпкери деп эсептешкен. Оор күндөрдө көзү ачыктарга барып жардам сурашчу. Ошондой эле бакшылардын күчүнө да ишенишкен. Бакшынын бир адамды аялынан ажыратуу, адамга коркунучтуу нерселерди көрсөтүү жана коркутуу күчү бар экенине ишенишкен.

**Ой Жүгүртүү**

Азыркы учурда көзү ачык жана бакшылардын көбөйүүсүнүн себеби эмне? Мындай иш аракеттен качуу үчүн кандай чара көрсө болот?

## 10 Диний Жашоо

Араптар Ислам дини келгенге чейин бутпарас болушкан. Арап Жарым Аралындагы калк, Аз. Ибрахим менен уулу Исмаил курган Меккедеги Каабаны ыйык жер катары кабыл кылып, Аллахтын жалгыз экендигине ыйман кылышкан болчу. Убакыт өткөн сайын араптар тавхид (Аллахтын жалгыз экенине ишенүү) ишениминен узакташып, бутпараска айланышкан. Бул абал Ислам дини келгенге чейин уланган. Араптар Аз. Ибрахим жана анын уулу Исмаилдин динин унуткандан кийин бутпарас болуп жашашса да, ааламдын жаратуучусу жана коруучусу катары жалгыз Теңирге ишенишкен. Алардын көз карашы боюнча баардык жандуулар ага таандык жана анын буйругуна моюн сунат. Ыйык китебибиз Куранда, Исламга чейинки араптардын Аллахка ишенишкендиги тастыкталган.

“Айткын: Көк асмандан жана жерден ырыскы берген ким? Кулак жана көздөрдүн ээси ким? Тирүүнү өлүктөн, өлүктү тирүүдөн ким чыгарган? Баардык иштиi тартипке ким салган? Алар: Аллах!, деп айтышат ...”(Юнус, 10/31).

“Эй Мухаммед! Айткын: Билсеңер айткыла, жер жүзү жана жерде болгон нерселер кимдики? Аллахтыкы, деп айтышат. Андай болсо сабак албайсынарбы?, дегин. Жети асмандын Рабби, улуу арштын Рабби ким? дегин, Аллах, деп жооп беришет! ...” (Муминун, 23/84-87).

Алар балбал таштарды (бут), Аллахка жеткирген ортомчулар катары эсептешкен. Ушул себептен улам Ислам динине чейинки араптардын ишеними мушрик (Аллахка шерик кошуу) ишеним болуп аталат. Мушрик ишеним Аллах менен кошо Аллахтан башка жандыктарды ыйык деп кабыл алуу, алардан жардам суроо, аларга дуба кылып курмандык чалуу, Аллахка кайрылганда жана ибадат кылганда ага орток кошуу ишеними б.э. Куран бул абалды төмөндөгүчө сүрөттөйт:

“Алардын көпчүлүгү орток кошпой Аллахка ишенишпейт” (Юсуф, 12/106). Меккедеги диний жашоонун борбору болгон Каабада 360 балбал таш болгондугу айтылат. Булардын эң чоңу жана маанилүүсү Хубел атындагы балбал таш болгон. Таиф шаарында жашаган Сакиф уруусунун балбал ташы “Лат”, Мадинадагы Авс жана Хазраж урууларынын “Манат” жана Курайш менен Кинане урууларынын балбал ташы болгон “Узза” эң маанилүү таштардын арасында болгон. Куранда бул балбал таштардын аттары да аталып өткөн:

“Эми болсо Лат, Узза жана үчүнчү турган Манаттын эмне экенин айткылачы?” (Нажм, 53/19-20).

Каабаны Аз. Ибрахим, аялы Хажар жана уулу Исмаил менен бирге Меккеде курушкан.

“Чынында адамдар үчүн курулган биринчи үй, бул дүйнө үчүн улуу жана туура жол көрсөткөн Меккедеги Кааба б.э. Ал жерде так далилдер, Ибрахимдин орду (даражасы) бар ...” (Аал-и Имран, 3/96-97).

Аз. Ибрахим Каабаны куруп бүткөндө кудайга минтип жалбарат:

“Раббибиз! Мен уулдарымын кээ бирин, намаз кылсын деп сенин сыйлуу үйүңүн жанына, эгин эккенге жарабаган жерге жайгаштырдым. Раббибиз! Инсандардын көңүлүн аларга бургун, шүгүр кылуусу үчүн аларга ырыскы бер” (Ибрахим, 14/37).

Аллах Таала анын дубасын кабыл кылат жана тилегин орундатуу үчүн Аз. Ибрахимге:

“Инсандарды ажылыка чакыр; басып же болбосо унаага минип узак жерлерден сага келишсин” (Хаж, 22/27), деп буйрук кылат.

Ушинтип Каабаны зыярат кылуу деп эсептелген ажылык ибадаты башталган. Мындан кийин Кааба Аллахтын үйү деп аталып, Арап Жарым Аралынын түрдүү аймактарынан келген зыяратчылар тарабынан таваф кылынатурган болду. Ажылык зыяраты согушууга тыюу салынган, арам ай деп аталган Зилкада, Зилхижжа, Мухаррам жана Ражап айларында кылынган.

Арап Жарым Аралынын ар бир аймагынан Каабаны зыяратка келген ажылардын зыяратын жеңилдетүү үчүн тамак аш, жатканга жай берилип турган.

**Үйрөнүү**

Каабадагы кызматтардын эң маанилүүлөрү төмөндөгүчө:

Хижаба-Сидаана: Каабаны коруу милдети. Каабанын ачкычы ушул кызматты кылган адамдын колунда болот. Бул кызматкер Каабаны ачат, жабат жана зыяратчылар үчүн даярдайт. Бул милдет диний кызматтардын эң ыйыгы б.э.

Сикаая: Каабанын зыяратчыларына суусундук таратуу милдети.

Рифаада: Каабага келген зыяратчылардын, өзгөчө кембагал ажылардын тамак ашын камсыздоо милдети.

Куранда айтылгандай Исламдан мурда араптар, өлүмдөн кийин тирилүүгө, сурака алынууга, акыретте сооп алууга жана жаза тартууга ишенишкен эмес.

"Жашоо бир гана ушул дүйнө менен чектелген, биз кайра тирилбейбиз", деп айтышты" (Анъам, 6/29).

"Жашообуз ушул дүйнөдөгү жашоо гана. Жашайбыз жана өлөбүз; бизди убакыттын өтүүсү гана жок болууга түртөт, дешет ..." (Жашиа, 45/24).

"Өлүп топурака жана сөөкө айланганда тирилебизби? Биз жана ата бабабыз да минтип коркутулган болчу; бул мурдагылардын жомогунан башка нерсе эмес, деп айтышкан болчу" (Муминун, 23/82-83).



**Кезек Сизде**

Аз. Пайгамбарыбыз туулган диний чөйрө менен анын пайгамбар болуп жөнөтүлүүсүнүн ортосунда кандай байланыш бар деп ойлойсуз?

## 2 Пайгамбарыбыз жана Үй-Бүлөсү

### Төрөлүүсү

Пайгамбарыбыз Аз. Мухаммед (с.а.с.) Меккедеги Курайш уруусунун Хашим уулдары тегинен болгон. Атасы Абдуллах, чоң атасы Абдулмутталип болгон. Абдулмутталиптин атасы, м.а. Аз. Мухаммеддин чоң атасынын атасы Хашимдин негизги аты Амр болгон. Хашим өз убагында Меккеге Каабаны зыяратка келген элге суу жана тамак аш таратуу кызматын кылган. Ал ошону менен бирге кээде соодагерчилик кылып турган.

Хашим Сирияга жасаган соода сапарынын биринде, Мадинада Нажжар уулдарынан Амрдын кызы Салмага үйлөнүп, бул баш кошуудан пайгамбарыбыздын чоң атасы Абдулмутталип (чын аты Шайба) туулган. Хашим Сирияга жасаган башка соода сапарында Газза деген жерде каза болгон. Хашим каза болгондон кийин бир тууганы Мутталип, Мадинада энеси менен жашап жаткан Шайбены Меккеге алып келет. Меккедеги эл Шайбены Мутталиптин кулу деп ойлоп, ага “Мутталиптин кулу” деген мааниде Абдулмутталип деген ат коюшуп, Шайба мындан кийин Абдулмутталип деп чакырыла баштаган. Абдулмутталип кийин Хашим уулдарынын башчысы болуп калган.

Абдулмутталип Каабанын жанындагы Замзам кудугунун ордун жаңыдан таап, ал жерди казган адам б.э. Ал учурдагы жалгыз уулу Харис менен Замзам кудугун казып жатканда, Курайш уруусунун башчылары жолтоо болгондо: “эгер он уулдун атасы болуп, өздөрүн душмандан коруугa мажбур болуп калса, арасынан бирөөсүн Теңир үчүн Каабада курмандыка чалаарына” сөз бергендиги тарыхчылар тарабынан айтылат. Аллах аны бул тилегине жеткирип, ага 10 уул насип кылганын, мындан улам Абдулмутталип сөзүндө туруп, курмандык чалынчу уулун тандоо үчүн Каабага уулдарын алып барганда, тандалган уулу пайгамбарыбыздын атасы Абдуллах болуп чыккан. Ал учурдун салты боюнча Абдуллахты куткаруунун жолу, анын ордуна бир төөнү курмандык чалуу болгон. Абдуллах менен төөнүн ортосунда тандоо болгондо кайра Абдуллах тандалып, төөнүн эсеби 100гө жеткенде гана анын ордуна төө тандалган. Жыйынтыгында Абдуллахтын ордуна 100 төөнү курман чалышкан.

Абдулмутталип ажылардын суусундук жана тамак ашы менен алек болуу менен бирге, Курандагы Фил сүрөсүндө айтылган Пил окуясы убагында, Каабаны жыгуу үчүн келген Йаман өкүмдары Абраха менен бетме бет сүйлөшүүгө барган адам да Абдулмутталип болгон.

Абдулмутталиптин уулу, Аз. Пайгамбарыбыздын атасы Абдуллах да үй-бүлөнүн башка мүчөлөрүндөй болуп Сирияга соодага барып турган. Абдуллах Курайш уруусунун Зухра тегиндеги Вахбинин кызы Аминага үйлөнгөн. Үйлөнгөндөн бир эки айдан кийин Газзеге соодага барат. Кайтып жатканда Мадинадагы тагаларын көргөнү барат. Ал жерде ооруп, жаш кезинде каза болот. Мухаммед (с.а.с.) атасы өлгөндөн кийин көп өтпөй, 571-жылы 20-апрельде Меккеде дүйнөгө келет. Ал туулган жыл, Абраханын Каабаны жыгуу үчүн Меккеге согуш жарыялаган убагы болчу.

**Кезек Сизде**

Калкыбыз пайгамбарыбыздын төрөлүүсү тууралуу кандай маалыматка ээ? Бул маселе тууралуу кандай ой-пикирге ээсиз?

## Балалык Кези

Пайгамбарыбыз атасы каза болгондон кийин төрөлгөндүгү үчүн, аны чоң атасы Абдулмутталип карап калган. Ал убакта Меккенин таанымал үй-бүлөлөрү жаңы төрөлгөн уул-кыздарын, жайлоонун таза абасында чоңоюшу үчүн, көчмөн уруулардын арасынан бир аялга аларды эмизип өстүрүү үчүн берүүсү салт болгондуктан, кичүү Мухаммед да эмизүүчү энеге берилген. Аны эмизген эне Таифтин жан жакасында жашаган Хавазин уруусунун Сад бин Бакир тегине таандык Халима деген аял болгон.




Аз. Мухаммед Төрөлгөн Үй

Аз. Пайгамбар (с.а.с.) эмизген энеси менен бирге, Меккедеги чоң атасын жана өз энесин ар көргөнү келгенде аба ылгап ооруп калат. Жайлоонун абасы балага жагыптыр деп, өз энеси Амина да аны эмизген эненин колунда көбүрөк жүрүүсүнө макул болгон. Мухаммед (с.а.с.) 4-5 жашка чейин эмизген энесинин жанында, Халиманын өз уулдары менен бирге жашагандан кийин, Меккеге өз энесинин жанына жөнөтүлгөн. Алты жашында энеси Амина жана күңү Умму Айман менен бирге Мадинага барган. Амина үчүн бул сапардын максаты Аз. Пайгамбардын атасы Абдуллахтын мазарын жана жакын туугандарын зыярат кылуу болгон. Мадинада бир ай туруп кайтып жатканда, Мадинага 190 км узактагы Абва деген жерде Амина ооруп калып каза болот. Алты жаштагы Мухаммед (с.а.с) үчүн энесиниин өлүмү оор болгон. Меккеге Умму Айман күң менен кайтып барат.

Айман жетим калган Мухаммедди чоң атасы Абулмутталипке тапшырат. Сегиз жашында чоң атасы да каза болгондон кийин, аны авасы Абу Талип карап калган. Абу Талип аны өтө жакшы көрүп, ага өзгөчө мамиле көрсөтүп турган. Соода менен алектенгендиктен, Мухаммед (с.а.с.) анын кээ бир иштерине жардамдашып, кээде аны менен соода сапарына да чыгып турган.



**Изилденип-Үйрөнгүлө**

Пайгамбарыбыздын балалык кези тууралуу окуяларды изилдеңиз. Сиз окуган окуялардын сизге кандай таасир калтырганын жазыңыз.

# 3 Жаштык Кези жана Кылган Иштери

## Аз. Пайгамбардын Коомдогу Орду

Пайгамбарыбыз Аз. Мухаммед (с.а.с.) эл арасында кадыр барктуу киши болгон. Жыйырма жаш кезинде авалары менен бирге Хашим уулдарынын атынан Хилфул-Фудул (Акылмандар Биримдиги) чогулушуна катышуусу анын өз чөйрөсүндө маанилүү орунга ээ экендигинин белгиси. Авасы Зубайрдын чакыруусунан улам, бул келишимге катышууну кабыл кылуусу, кызыл төө берилсе да бул келишимден баш тартпастыгын айтуусу маанилүү нерсе. Пайгамбар болгондон кийин да бул келишим сыяктуу башка чогулуштарга чакырылса, аларга да бара тургандыгын баса белгилеген. Ал баарынан да “Амин” деген сапатка ээ адам болгон. Бул наам ишеничтүү жана өзүнө да ишеничи толук деген мааниге келген.


“(Биринчи) эң жакын тууганыңа эскерт” (Шуара, 26/214), аяты аян болгондо Сафа деген дөңгө чыгып:

“Эгер мен силерге ушул дөңдүн аркасында шаарды басып алганы келген душман жоокери бар десем мага ишенесиңерби?”, деп сураганда элден мындай жооп алган: “Сен эч качан жалган сүйлөбөдүң, сен эмне десең ишенебиз” (Ибн Саъд, ат-Табакаат, II, 200).

Ыймандуулар да ыймансыздар да аны туура жана ишенимдүү деп кабыл кылган. Ал жашаган чөйрөсүнүн эң туура-түз адамдарынан болгон. Бул сапатын элдин баары билгендиктен, узак сапарга чыккандар баалуу буюмдарын ага таштап кетишчү. Соодадан пайда тапкысы келгендер да андан жардам сурашкан. Себеби ишенимдүү адам болгондуктан, кербенден түшкөн пайданы уурдабай, пайданы кербендин ээсине толук кайтарчу.

Аз. Пайгамбар (с.а.с.) үйлөнгөнгө чейин Аз. Хадичанын соода ииштерин кылуусунун себеби, анын туура, дурус жана адеп-ахлактуу болгондугу жана ушул сапаттарынан улам ага бул иш берилгендиги маалым.

Ал адеп-ахлактуулугунан улам коомдун көңүлүн өзүнө буруп жана эл арасында да үлгү катары көрсөтүлгөн. Анын калыстыгы, Хажарул-Асвадды (кара таш) ордуна коюу маселесинде, уруулардын ортосунда чыккан жаңжалды басууга жардамчы болгон. Калк аны калыс кылып шайлап, жыйынтыгында анын чечимине элдин баары ыраазы болуп, бул иш ызы чуусуз аяктаган.



**Кезек Сизде**

Пайгамбарыбыздын жаш кезинде кадыр барктуу болуусунун себеби эмне?

## Саякаттары

Пайгамбарыбыз биринчи саякатын алты жашында энеси менен бирге Меккеден Мадинага жасаган болчу. Меккеде атасынын мазарын жана туугандарын зыярат кылган. Бирок кайтып жатканда Абва деген жерде энеси каза болуп, Меккеге Умму Айман деген күңү менен бирге кайтып келет. Аз. Пайгамбар кийин Меккеден Мадинага көчкөндө, энеси менен коноко барган үйдү эстеп, жанындагыларга: "Энем мени ушул үйгө алып келген болчу. Бул жерде атам Абдуллахтын мазары бар. Мен Адий бин Нежжар тагамдын бассейнинде суулда сүзгөндү үйрөнгөн элем", деп айткан.

Ал кийинки сапарында авасы Абу Талип менен бирге Шамга барган. Тогуз же он эки жаш кезиндеги бул сапарда, авасы менен бирге Сириядагы Бусра деген жерге барган.

Жаштык кезинде болсо соода максатында Бахрейн, Хабешистан, Йеменге жана экинчи жолу Сириядагы Бусрага баргандыгы билинүүдө.

Анын жаш мезгилинде Хабешистанга деңиз аркылуу саякатка баргандыгы да айтылат. Аз. Пайгабар Аз. Хадича үчүн соода сапарына чыгып турган. Бул соода саякаттары Йемен менен Сирияга жасалган. Йемендин Жураш деген жерине барган жана Хижаз менен Йемен жолундагы Хубаше жарманкесине катышкан.

## 16 Аз. Мухаммеддин (с.а.с.) Акылмандар Биримдигине Мүчө Болуусу

Акылмандар Биримдигине Мүчө Болуусу

Аз. Пайгамбар авасы Зубайрдын жетекчилигинде курулган, бирок убакыт өткөн сайын күчүн жоготкон "акылмандар биримдигине" мүчө болот. Бул биримдиктин максаты бай жана күчтүү уруулардын зулумдугун чектеп, адилеттүүлүктү орнотуу жана колдоо болгон.

Меккеде Абдуллах бин Жуданын үйүндө уюштурулган маарекеде, акылмандар биримдигинин мүчөлөрү төмөндөгүчө ант ичишкен:

"Баарыбыз зулумдука туш болгон адамга жөлөк болуп, заалымга каршы чыгып, заалымдан бей-бечаранын акысын алып берүү үчүн даайыма бирге болууга, Аллахтын аты менен ант ичебиз. Бул биримдигибиз Хира жана Сабир тоолору жок болгуча уланат" (Махаммед Хамидуллах, Ислам Пайгамбары, I, 57).

Пайгамбарыбыз ушинтип жыйырма жашында заалымдарга каршы күрөшүүгө чечим кылган жана бул биримдике кошулганын кийинки жашоосунда сыймыктанып айтып жүргөн.


**Сөз Сизде**

Пайгамбарыбыздын Акылмандар Биримдигине мүчө болуусуна эмне себеп болгон?

## Аз. Пайгамбардын Каабадагы Калыстыгы

Аз. Пайгамбардын пайгамбардыкка чейинки жашоосундагы негизги окуялардын бири, 35 жаш курагында Каабадагы Хажарул-Асвадды (кара таш) ордуна жайгаштыруу учурунда чыккан чыр чатакты калыстык менен басуусу болгон.

Меккеде сел жүрүп Кааба кулап калат. Ошондон улам Курайш уруулары топтолуп, Каабаны оңдоого чечим кылат. Ар бир урууга иш бөлүштүрүлүп, ар ким өз ишин кыла баштайт. Бирок Аз. Ибрахим тарабынан, тавафтын башталгычы катары белгиленген жердеги Хажарул-Асвадды ордуна коюу маселесине келгенде ортодо пикир келишпестик келип чыгат.


Хажаруль-Асвад

Себеби ар бир уруу башчысы бул ташты өзү ордуна коюп, кадыр барк ээси болууну каалаган. Маселе чоңоюп, жаңжал чыгып, Каабаны оңдоо иши 4-5 күн токтоп калат. Акырында Курайштын ак сакалы болгон Абу Умайя бин Мугира сунуш айтат. Бул сунуш, Харемуш-Шарифке биринчи болуп кирген кишинин калыс болуп шайлануусу тууралуу болчу. Эшиктен биринчи болуп Аз. Мухаммед кирип келген. Анын ишеничтүү адам болуусу, калыс болуп шайлануусуна себеп болгон. Маселе ага айтылгандан кийин, ал кийизди жайып, Хажарул-Асвадды кийиздин үстүнө коёт. Ар уруудан бир адам чакырып, кийиздин чекесинен карматып, коюлчу жерге алып келип, ташты өз колу менен жайгаштырат. Бул чечимге баары ыраазы болушат. Ушинтип маанилүү маселе анын жардамы менен жыйынтыкталат.

**Сөз Сизде**

Каабадагы калыстыгы пайгамбарыбыздын кайсыл өзгөчөлүгүнүн белгиси б.э?

## Аз. Пайгамбардын Соода Менен Алектенүүсү

Пайгамбарыбыз авасы Абу Талибден соода-сатык тууралуу тажрыйба топтойт жана жаш кезинен баштап соода менен алек болот. Ал кызмат акы алып, Аз. Хадичанын кербенин да Сирияга алып барат.

Аз. Хадича Курайш уруусунун Асад уулдарынан Хувайлид бин Асаддын кызы болгон.

Ал эки жолу күйөөгө тийип, алардан ажырагандан кийин өз алдынча соода менен алек болуп, Сирия жана Йеменге кербен жөнөтүп турган. Абу Талип 25 жаштагы Мухаммедди (с.а.с.) Аз. Хадичадан иш сурагын деп жөнөтөт. Аз. Хадича Мухаммеддин (с.а.с.) ишенимдүү, туура жана адептүү экендигин эл оозунан угуп жүргөндүктөн аны ишке алып, Сирияга барчу кербенди ага тапшырган. Аз. Хадича Майсара деген кулун да ага кошуп берген. Мухаммед (с.а.с.) Сирияга барып, Меккеден алып барган буюмдарды сатып, ал жактан алынчу буюмдарды да алып, Майсара менен бирге Меккеге кайтып келет. Ал алып барган кербенден чоң пайда түшкөндүктөн жана Майсара да аны мактап айтып бергенинен улам, Хадичанын ага ишеними артат.

**Билесизби?**

Араптардын салты боюнча, биринчи болуп туулган уулдун атын наам катары алышкан. Ошондуктан Мухаммед (с.а.с.) биринчи уулу Касымдын атасы катары, "Абул-Касым" (Касымдын Атасы) деп чакырылган.



## 4 Аз. Хадичага Үйлөнүүсү жана Уул-Кыздары

Аз. Хадича пайгамбарыбызга үй-бүлө курууну сунуштайт. Пайгамбарыбыз бул сунушту кабыл кылып, экөөсү турмуш курушат. Үйлөнгөндөн кийин да бир топко чейин Аз. Хадичанын соода иштерин кылып жүрөт.

**Кезек Сизде**

Аз. Хадичанын пайгамбарыбызга турмушка чыгуусуна эмне түрткү болгон?

Пайгамбарыбыз эки уул, төрт кыздын атасы болгон. Уулдарынын аты Касым жана Абдуллах, кыздарынын аттары болсо Зайнап, Рукия, Умму Гүлсүм жана Фатима болгон. Уулдары бөбөк кездеринде, калган кыздары болсо Аз. Фатима төрөлгөнгө чейин каза болушкан.

# 5 Куран Боюнча Аян Келгенге Чейинки Убагы

Аз. Пайгамбар аян келе электен мурда кандай абалда болгондугу төмөндөгү аяттарда айтылган:

"... Сен жетим болсоң да сени өстүрбөдүбү? Жолуңан адашсаң туура жолду көрсөтпөдүбү? Кембагалдыктан куткарып бай кылбадыбы? ..." (Духа, 93/6-8), аяттары Аз. Мухаммеддин өсүп чоңоюусун, аян келгенге чейинки жашоосун мүнөздөгөн мааниде. Белгилеп кетчү нерсе, ал пайгамбардык келгенге чейин пайгамбар болорун билбейт болчу.

• "Айткын: Аллах каалабаса мен аны силерге окубайт элем, силер да кабардар болбойт элеңер. Көп жыл бою араңарда жашадым, эч ойлонбойсуңарбы?" (Юнус, 10/16).

• "Сен китеп эмне экенин, ыйман эмне экенин билбейт болчусуң ..." (Шура, 42/52).

• "Биз бул Куранды аян кылып, сага эң жакшы окуяларды айтып жатабыз. Болбосо сен мурда бул нерселерден кабарың жок эле" (Юсуф, 12/3).

• "... Аллах сага китеп жана акылмандуулук жөнөтүп, сага билбегендериңи үйрөттү. Аллахтын сага деген ырыскысы ушунчалык көп" (Ниса, 4/113).

Куранда белгилеп өткөндөй, Пайгамбар окуп жазууну билбеген адам болгон.

• "Сен мурда китеп окубаган жана китеп жазбаган элең. Андай болбосо бузуку сөзгө ишенгендер күмөн санайт болчу" (Анкабут, 29/48).

Куранда Аз. Пайгамбардын адеп-ахлагын жана акылмандыгын сүрөттөгөн аяттар көп. Бул аяттар анын пайгамбардыкка чейинки жана пайгамбардыктан кийинки убагы тууралуу ажырым кылбайт. Бирок Курандын биринчи аян болгон аяттарында анын жүрүм туруму макталып айтылат:

• "Сен эң сонун адеп-ахлакка ээсиң" (Калам, 68/4).

• "Аларга бир аят келгенде: Аллахтын пайгамбарларына берилген убада бизге да берилмейинче ишенбейбиз, деп айтышат. Аллах пайгамбардыкты кимге берүүнү так билет ..." (Анъам, 6/124).

Бул эки аят Аз. Пайгамбардын адеп-ахлагын, жөндөмдөрүн, айрыкча пайгамбардыктан мурдагы жашоосун чагылдырган мааниде.

• "Аллахтын мээримдүүлүгүнөн улам сен аларга жылуу мамиле жасадың. Эгер копол жана мээримсиз болгонуңда сенден узактап кетишет болчу ..." (Аал-и-Имран, 3/159). Бул аят анын адептүү, кичипейил экенин көрсөтүп, адепсиздиктен жана ташбоордуктан узак экендигин билдирип турат.

• "Араңардан силерге күйгөн, ишенгендерге боорукер жана мээримдүү

пайгамбар келди” (Тавба , 9/128).

Бул аятта болсо сүйүктүү пайгамбарыбыздын боорукердиги жана мээримдүүлүгү, коомдун жана ыймандуулардын пайдасын ойлогондугу, аларды азапка салган нерселерден азап тарткандыгы, кыйынчылыка дуушар болгондо аларга кошо кайгыргандыгы айтылып өткөн.

**Кезек Сизде**

Жогорудагы аяттарда пайгамбарыбыздын пайгамбардыкка чейинки абалы кандай сүрөттөлгөн?

## Бөлүмдү Жыйынтыктоо

Араптар Ислам дини келгенге чейин уруу уруу болуп жашап келишкен. Уруунун эң кичүү абалы үй-бүлө болгон.



Ал убактагы каада салт боюнча эркектер каалаганча аялга үйлөнө алышкан. Кыздар негизинен жаш курагында турмушка берилген. Аялдар болсо бала төрөгөндөн кийин гана үй-бүлөнүн мүчөсү катары кабыл кылынган.

Ажырашуу көп кездешкен жана бул темада эркектин чечими басымдуу болгон. Кээ бир аялдар ажырашуу эрки өздөрүнө берилүүсүн талап кыла алышкан.

Эркек наристе сыймыктанчу нерсе болгон. Куранда да айтылгандай наристе кыздын баркы болбогон жана кээ бир учурда тирүүлөй көмүлгөн.

Кээде болсо жаш балдар ачкачылыктан улам өлтүрүлгөн.

Исламдан мурдагы араптардын үй-бүлөлүк маселелеринен бири бала асырап алуу болгон. Асыранды болгон бала, асырап алган адамдын өз уулдарынын укугуна ээ болгон.

Исламга чейинки араптар эркин адамдар, кулдар жана эркиндике жеткендер болуп үч класска бөлүнгөн.

Исламга чейин араптар өтө маданиятсыз болушкан эмес.

Исламдан мурдагы араптарда кол жазманын кеч колдонулуусу жана аз колдонулуусу, алардын маданий өнүгүүдөн артта калуусуна себеп болгон эмес. Себеби араптарда адабият өтө өнүккөн болчу.

Араптар Исламга чейиин да тарых билими менен алектенишкен. Тарых билимин баалоо, баа берүү араптардын негизги өзгөчөлүктөрүнөн бири болгон.

Араптар чөл турмушу үчүн керек болгон астрологияны, убакытты өлчөө үчүн колдонушкан.

Исламдан мурда араптар көзү ачыктарга жана бакшыларга өзгөчө маани беришкен. Исламга чейин араптар бутпарас болушкан.

Араптар негизинен Аз. Ибрахим менен уулу Исмаил Меккеде курган Каабанын ыйыктыгына, Аллахтын бир экендигине жана Аз. Ибрахим менен уулуна келген динге ишенишкен. Араптар убакыт өткөн сайын Теңирдин жалгыз экендигине болгон ишенимден узакташып, бутпараска айланышкан жана бул абал Ислам дини келгенге чейин уланган.

Пайгамбарыбыз (с.а.с.) Меккеде отурукташкан Курайш уруусунун Хашим уулдары тегинен келген. Атасы Абдуллах, чоң атасы Абдулмутталип болгон.

Аз. Пайгамбарды атасы өлгөндөн кийин чоң атасы Абдулмутталип карап калган. Ал убактагы каада салт боюнча, таанымал үй-бүлөлөр жаңы төрөлгөн уул-кыздарын көчмөн уруулардын арасында жашаган аялдарга эмизүү үчүн беришкендиктен, пайгамбарыбыз да 3-4 жашка чейин эмизген эненин жанында жүргөн.

Мухаммед (с.а.с.) алты жашында, энеси Амина жана күңү Умму Айман менен бирге Мадинага барат. Кайра келатып Амина ооруп калып каза болот. Умму Айман аны чоң атасы Абдулмутталипке алып келет. Мухаммед сегиз жашында чоң атасынан да ажырагандан кийин, авасы Абу Талиптин үйүндө жашап калат. Абу Талип ага өзгөчө мамиле кылып өстүрөт.

Пайгамбарыбыз эл арасында кадыр баркка ээ адам болгон. Жыйырма жаш кезинде авалары менен бирге, Хашим уулдарынын атынан Акылмандар Биримдигинин чогулушуна катышуусу, анын өз чөйрөсүндө кандай орду бар экендигин көрсөтүп турат. Ыймандуу болсун ыймансыз болсун элдин баары анын туура дурус адам экендигине ишенишкен.

Пайгамбарыбыз Аз. Хадича ага үй-бүлө куруу сунушун айтканда макул болуп, ага үйлөнгөн. Ал убакта 25 жашында, Аз. Хадича болсо 40 жаш курагында болгон. Үйлөнгөндөн кийин да Аз. Хадичанын соода иштерин кылып жүргөн. Эки уул, төрт кыздуу болушкан.

Куранда анын адеп-ахлагы жана жакшы мүнөздөрү тууралуу бир топ аят бар. Аяттарда анын пайгамбардыктан мурдагы жашоосу менен кийинки жашоосу тууралуу ажырым кылынбаган.

## Бөлүмдү Анализдөө

1-Пайгамбарыбыз туулган чөйрөнүн үй-бүлөлүк баалуулуктары кандай болгон?

2-Пайгамбарыбызды башка адамдардан өзгөчө кылып турган кандай сапаттары бар?

3-Пайгамбарыбыз жаштыгында кандай иштер менен алек болгон?

4-Пайамбарыбыз соода ишинде кандай адам болгон жана анын соода ишинде туура так болуусу анда кандай өзгөрүүгө алып келген?

5-Куранда пайгамбарыбыздын кайсыл өзгөчөлүктөрү аталып өткөн?

## Жыйынтыктоочу Суроолор

**1. Төмөнкүлөрдүн кайсы бири Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) кызы эмес?**

А) Фатима Б) Умму Гулсум

В) Айша Г) Зейнеп

**2-Аз. Пайгамбар кайсыл уруудан болгон?**

А) Зухра уулдары Б) Хашим уулдары

В) Мутталип уулдары Г) Хазраж

**3-"Муаллакаты-Сабъа" деген эмне?**

А) Шаардын аты

Б) Аз. Пайгамбардын туугандары үчүн колдонулган ат

В) Жахилия (акыйкаттан узак, караңгы) доорунда, таанылуу арап акындардын элге жаккан ырларынын арасынан тандалып, Каабанын дубалына асылган 7 касийда

Г) Уруунун аты

**4-Төмөндөгүлөрдүн кайсынысы Каабаны зыяратка келгендерге суусундук таратуу милдети б.э?**

А) Хижааба Б) Сидаана В) Рифаада Г) Сикаая

**5-"Хилфул-Фудул" деген эмне?**

А) Уруунун аты Б) Акындар ыр окуган жер

В) Акылмандар Биримдиги Г) Жарманкенин аты

**6-"Каабадагы Калыстык" окуясында, калыстык керек болгон маселе эмне болчу?**

А) Каабадагы кызматтарды аткаруу

Б) Каабанын айланасындагы буюмдарды жөнгө салуу

В) Соодагерлерди кабыл алуу

Г) Хажарул-Асвадды ордуна коюу Жыйынтыктоочу Суроолор

## пайгамбарым

# II

# БӨЛҮМ



# Пайгамбардык: Мекке Доору

1-Пайгамбардыктын Алгачкы Жылдары

2-Мусулмандардын Бири Бирине Көмөк Болуусу жана Карым-Катнаш

3- Аз. Пайгамбарга Каршы Чыгуу; Ага Жалаа Жабуу жана Курандын Жообу

4-Мусулмандардын Кордук Көрүүсү, Социалдык Басмырлоолор жана Хабешистанга Көчүү

5-Түнкү Сапар (Исра)

6-Мадиналыктар менен Жолугуу жана Акабада Ант Ичүү

7-Мадинага Көчүп Баруу

## БӨЛҮМ ТУУРАЛУУ

Бул бөлүмдө Аз. Мухаммеддин (с.а.с.) пайгамбардык доорунда Меккеде өткөргөн алгачкы убагы тууралуу кеп болот.

Аз. Пайгамбарга биринчи жолу аян келүүсү, аян үзгүлтүккө учураган убактагы абалы, жаңыдан аян келе баштоосу, Аз. Хамза жана Аз. Умар сыяктуу таанымал адамдардын мусулман болуусу туурауу сөз болот. Бул бөлүмдө пайгамбардыктын пайдубалын түптөөгө арналган алгачкы иш аракеттер жөнүндө маалымат берилет.

Коом анын пайгамбар болуусун оңой эле кабыл кылган эмес. Каада салт, үрп адат жана көнүмүш нерселер аны пайгамбар деп кабыл кылууга тоскоол болгон. Ошондуктан ага каршы чыккандар көп болгон. Аз. Пайгамбар жана ага ишенген адамдар түрдүү кордукка дуушар болгон. Бул бөлүмдө бул темалар каралып, мусулмандардын зулумдуктан кутулуу үчүн Мадинага көчүүсү айтылып өтөт.



## ПЛАН

1-Пайгамбардыктын алгачкы жылдары тууралуу маалымат берүү.

2-Аз. Пайгамбарга каршы чыгуу жана Курандын ага каршы чыккандарга берген жообунан кабардар кылуу.

3-Алгачкы мусулмандардын кордук көрүүсү жана мусулмандардын аларга берген жообун билдирүү .

4-Аз. Пайгамбар жана алгачкы мусулмандардын моралдык жашоосунда маанилүү өзгөрүү алып келген Түнкү Сапардын (Исра) маанисин үйрөтүү.

5-Аз. Пайгамбардын Мадиналыктар менен жолугуп, алар менен ант ичкендигинен (Акабада Ант Ичүү) кабардар кылуу.

6-Мадинага көчүү жана ал жерде жасалган иштер тууралуу маалымат берүү.

## ОКУУ ЭРЕЖЕСИ

Бул бөлүмдү окуунун эрежеси:

1-План коюп окуу жана тийешелүү бөлүмдү анализдөө;

2-Аз. Мухаммеддин (с.а.с.) өмүр баянын үйрөнүү үчүн бул китеп менен чектелбөө. Кошумча булактарды изилдөө;

3-Аз. Мухаммеддин (с.а.с) өмүр баянына тийешелүү кино тасмаларды көрүү.

# 1 Пайгамбардыктын Алгачкы Жылдары

## Биринчи Аян



Аян (Вахий) термини; "чындыкты жүрөккө жеткирүү", "көңүлдү эргитүү", "тез келүүчү" деген мааниге келет жана ачык түрдө билдирүүнүн тескерисинче өтө жашыруун билдирүү дегенди түшүндүрөт. Аян Аллахтан пайгамбарга кабар жеткирүү б.э.

Сүйүктүү пайгамбарыбызга аян биринчи жолу рамазан айында, Хира тоосундагы үңкүрдө келген. Ал 35 жашынан кийин ар жылы рамазан айында, Аллахты эстөө жана ибадат кылуу үчүн Хира үңкүрүнө бара баштайт. Ал 40 жашка чыккан кезде, 610-жылдын рамазан айында, дагы Аллахка ибадат кылуу үчүн Хира үңкүрүнө барганда мурдагыдан башкача абалга туш болот. Ал бул өзгөчө абалды мындайча айтып берет:

"Ал мага Жабраил деген периште экендигин, Аллахтын мени Расул (элчи) кылып чечкендигин кабар кылуу үчүн келгендигин айтты. Мага даарат алганды үйрөттү; денем таптаза болгондо, мага: Окугун! - деп буйрук кылды. Мен окуганды билбейм деп жооп бердим. Мени эки колу менен бекем кысып кайра бошотту жана дагы бир жолу окугун деди. Мен дагы бир жолу окуганды билбегендигими айттым. Мени кучактап аябай бекем кысып, окугун деп айтты. Окуганды билбегендигим айтсам

мени дагы кучактап андан бетер кысып кармап мындай деди” (Хамидуллах, Ислам Пайгамбары, I, 80):

“Жаратуучу Раббиңдин аты менен оку! Инсанды коюулашкан кандан жаратты. Оку! Калем менен үйрөткөн, инсанга билбегенин билгизген Раббиң, эң чоң жакшылыктын ээси б.э.” (Алак, 96/1-5).

**Ой Жүгүртүү**

Пайгамбарыбызга биринчи аян болгон аяттардын окуу, илим жана калем тууралуу болуусун эмнеге жоруйсуз?

Пайгамбарыбыз коркуп, таңыркап үйүнө кайтып барып Аз. Хадичага:

“Үстүмү жап, үстүмү жап”, деп айтат.

Өзүнө келгенден кийин башынан өткөн окуяны Аз. Хадичага айтып, кыжалат болуп жаткандыгын түшүндүрөт.

Аз. Хадича аны тынчтандырып:

“Сен даайыма берешен, жоомарт болчусуң. Кембагалдарга даайыма жардам кылдың. Аллах сени эч качан шайтандын азгырыгына туш кылбайт”, деп сүйлөйт.

Аз. Хадича аны иудаизм менен христиандыкты жакшы билген, Тоорат менен Библияны окуган Варака бин Невфелге алып барат.

Варака Мухаммеддин (с.а.с.) башынан өткөн окуяны уккандан кийин мындай дейт:

“Бул көргөн нерсең Аллах Мусага жөнөткөн Жабраил б.э. Уруулуңду динге чакырган убагында жанында болсом кана! Урууң сени журтуңан кууганда тирүү болсом кана!” (Табарий, Тарых, II, 298-299; Ибн Саъд, ат-Табакаат, I, 195).

Аз. Хадича Аз. Пайгамбарга биринчилерден болуп ишенгендердин бири б.э. Ал күйөөсүнүн пайгамбар экендигине дароо ишенип, Аллах ага эмне аян кылса баарын тастыктап, баардык иштеринде ага жардамчы болгон. Ал убакта 10 жаш курагында болгон Аз. Али да ага биринчи ишенгендерден болуп саналат. Зайд бин Хариса да алгачкы мусулмандардын катарында турат. Зайд Аз. Пайгамбардын үйүндө жашаган. Аз. Хадича аны Сириялык соодагер сатканы алып келген жаш кулдардын арасынан тандап алат. Мухаммед (с.а.с.) аны белек кылуусун Аз. Хадичадан суранат. Кийинчерек аны кулчулуктан бошотот жана пайгамбардыктан мурда аны уул катары асырап алат. Аз. Пайгамбардын үй-бүлөсүнөн сырткары, ага алгачкылардан болуп жакын досу Аз. Абубакир ишенет.

**Кезек Сизде**

Пайгамбарыбызга аян келгенде Аз. Хадичанын ага ишенүүсү, үй-бүлөдөгү мамиленин эмнеге таянуусу керек экендигин көрсөтүп турат?

## Аяндын (Вахийдин) Үзгүлтүккө Учуроосу

Аз. Пайгамбарга Алак сүрөсүнүн 5 аяты аян болгондон кийин, биртопко чейин аян келген эмес. Бул убак аяндын үзгүлтүкө учуроосу деген мааниде “Фатрат-и Вахий” д.а.

Алгачкы аяндан кийин үч жылдай аян келбегендиги айтылат. Аяндын үзгүлтүккө учуроосу Аз. Пайгамбар үчүн бир тараптан таң калычтуу болсо бир тараптан өкүнүчтүү болгон. Бул үч жылдык убакта ал тез тез Меккенин сыртына чыгып, эч ким жок жерлерди айланып, тоо ташка чыгып, Жабраилди көрүүнү үмүт кылып жүргөн.

**Ой Жүгүртүү**

Алгачкы аяндан кийин көпкө чейин аян келбешинин себеби эмне болушу мүмкүн?

Айланасындагы адамдар аны Аллах таштап кетти деп шылдыңдай баштайт. Акырында пайгамбарыбызга төмөндөгү аяттар аян болот:

“Түшкү убака ант болсун. Бейкут түнгө касам болсун. Раббиң сени таштап кеткен да жок, сага таарынган да жок. Раббиң күмөнсүз түрдө сага жөнөтөт жана сен да сүйүнөсүң. Сени жетим кезде асырабадыбы? Сен адашканда туура жолго жеткирбедиби? Сен кембагал болгонуңда бай кылбадыбы? Андай болсо эч качан жетимге жаман мамиле жасаба жана эч качан бир нерсе сураган адамды урушпа. Бир гана Раббиңдин жакшылыгын түшүндүр” (Духа, 93/1-11).

Бул аяттардан улам аяндын чын экендигин, Аллахтын аны пайгамбар деп чечкенин баамбайт. Ушинтип сүйүктүү пайгамбарыбыздын жан дүйнөсү тынч алып, Аллахтын ага таарынбагандыгына жана аны таштап кетпегендигине ишенип калат.

## Аяндын Жакын Чөйрөдөгүлөргө Жеткирилүүсү жана Алгачкы Мусулмандар

Пайгамбарыбыз, “Ээй жамынчыга оронгон! Тургун да, эскерткин. Кийимдериңи таза карма. Жаман нерселерден узак туруунү улант ...” (Муддассир, 74/1-5), деген аяттар аркылуу, Аллахтан келген аяндарды инсандарга жеткирүүгө милдеттендирилген. Бул аяттар ага Ислам динине чакыруу милдетин жүктөгөн биринчи аян б.э.

Мухаммед (с.а.с.) динге чакыруу милдетин жеке чакырык аркылуу баштаган. Эң биринчи бирге жашаган үй-бүлөсүн динге чакырган. Жашыруун түрдө жана чакырууга кулак түрүүсүнө ишенген тааныштарына гана аяндарды жеткирип жүргөндө, Аз. Пайгамбарга туугандарынан баштап чакыруусу керек экендиги тууралуу аят аян болот.

"(Биринчи) эң жакын тууганыңа эскерт" (Шуара, 26/214).

Бул буйрук келгенден кийин ал өзү менен өзү болуп калат. Себеби бул нерсенин оор экендигин билет болчу. Акырында туугандарын бир эки жолу үйүнө тамака чакырат. Бир жолкусунда, Аллах аны оор иш үчүн милдеттендиргендигин айтат жана кандай иш экендигин ачыктап берет. Конок болуп келген Абу Лахаб деген авасы ага ачууланып, кемсинтип: "Бизди ушул нерсе үчүн чакырдың беле?", деп шылдыңдайт.

**Кезек Сизде**

Маанилүү маселе болгондо пикириңизди ким менен бөлүшөсүз? Эмне үчүн?

## Аяндын Жайылуусу

Пайгамбарыбыз жашыруун эмес, ачык айкын түрдө аянды жеткирүүгө жана элдин баарын кабардар кылууга милдеттендирилет. Мындан улам Меккенин жергиликтүү калкы болгон Курайш уруусун Ислам динине чакыруу үчүн, Каабанын жанындагы Сафа деген дөңгө чыгып, шаардын калкына кайрылат. Шаардын эли да аны кунт коюп угат.

Ал: "Эгер мен силерге, ушул дөңдүн аркасында, шаарды басып алуу үчүн келген душман жоокерлер турат десем мага ишенесиңерби?", дегенде мындай дешет:

"Сен эч убакта жалган сүйлөбөдүң. Сенин ар сөзүңө ишенебиз."

Аз. Пайгамбар андан кийин: "Андай болсо Аллахтын атын атап касам ичип айтамын, кантип уктасаңар бир күнү ошентип өлөсүңөр жана уйкудан ойгонгондой болуп тирилип, кылган ишиңердин эсебин бересиңер. Бейиш менен тозоктун түбөлүктүү экендигин унутпагыла. Өлгөндөн кийин жакшы адамдар бейишке, жаман адамдар болсо тозоко кирет. Келечектеги кыямат күнүнүн азабын айтып, силерди коркутууга милдеттендирилдим. Аллахтин жалгыз экендигине жана менин пайгамбар экендигиме ыйман кылгандар, өздөрүн азаптан куткарат. Ыйман кылбагандар болсо оор жаза тартат", деп аларды Аллахтын жалгыз экендигине ишенүүгө жана өзүнүн Аллахтын элчиси экендигин кабыл кылууга чакырат (Ибн-ул-Асир, ал-Камил, II, 60-61).

Пайгамбарыбыз Аллахтан келген аяндарды элдин баарына жайууга аракет кылып тынбаган. Араптардагы бузулган Аллах ишенимин оңдоого, Аллахка шерик кошуудан жана бутбарастыктан узакташып, жалгыз Аллахка ыйман кылууга, аны урматтоого, бир гана ага ибадат кылууга жана адеп-ахлактуу болууга чакыруу жасаган.

**Кезек Сизде**


Пайгамбар аянды элге жайып жатканда кандай кыйынчылыктарга туш болгон деп ойлойсуз?

## Аз. Хамза менен Аз. Умардын Мусулман Болуусу

Аз. Пайгамбар элди Ислам динине ачык айкын чакыра баштагандан кийин, Курайш уруусунун мушриктери ага каршы чыга баштайт. Бул нерсе мусулмандарды оор күндөрдүн күтүп тургандыгынын кабарчысы болгон. Ушундай оор күндөрдө, эр жүрөктүгү менен таанылган Аз. Хамза жана Аз. Умардын Ислам динин кабыл кылуусу мусулмандардын күчүнө күч кошкон.

Аз. Хамза Аз. Пайгамбардын авасы болгон жана андан бираз улуурак эле. Аз. Хамза пайгамбарга кордук кылган Абу Жахилге ачууланып, аны жалгыз таштабоо үчүн мусулман болгон. Аз. Хамзанын мусулман болуусу Аз. Пайгамбардын жана анын жолун жолдогондордун күчүн арттырат. Мушриктер андан кооптонушкандыгы үчүн мусулмандарга зулумдук кылуудан тартынып калышат.

Аз. Умар болсо Курайштын Адий уруусунан болгон. Ал да Аз. Хамза сыяктуу эр жигит болгон. Ал алгачкы убактарда Ислам динине каршы чыккандардын бири болгон. Бир күнү кылычын алып, ал учурда Дарул-Эркамда (Эркамдын үйү) элди динге чакырып жаткан Аз. Пайгамбарды өлтүрүү үчүн үйүнөн чыгат. Жолдо Нуайм бин Абдуллахка кездешет. Нуайм ага каяка кетип жатканын сурайт. Ал: “Тиги жаңы дин чыгарып, Курайштын тынчын алган, элдин ой пикирин бузган жана кудайды сөккөн Мухаммедди өлтүргөнү кетип жатам”, деп айтат. Нуайм ага: “Эй Умар! Сен өзүңү алдап жатасын. Мухаммедди өлтүрсөң, Абдименаф уулдары сени жөн коёт деп ойлоп жатасыңбы? Сен биринчи өзүңүн үй бүлөңү оңдо”, деп ага анын карындашы Фатима жана күйөө баласы мусулман болгондугун билдирет. Умар ачууланып дароо карындашынын үйүн карай жөнөйт. Бул учурда Хаббаб бин Эрет аларга Куран үйрөтүп жаткан болот. Ал Умар кирип келип, карындашы менен күйөө баласын уруп сого баштаганда, үйдүн бир бурчуна жашырынып алат. Умардын карындашы, мусулман болушкандыгын жана кайра артка кайтышпастыгын айтат. Умар ага окуган нерсесин ага көрсөтүүсүн айтат. Та Ха сүрөсү жазылган баракты анын колуна карматышат. Окуган нерселери ага жагып жибий түшөт. Ошол учурда Хаббаб бин Эрет жашынган жеринен чыгып келет. Умар Аз. Мухаммеддин жанына баргысы келгендигин айтып, Дарул-Эркамга карай жөнөйт. Аз. Умар Дарул-Эркамга келгенде, ичкериде отургандар анын кылычы менен келгенин көрүшүп, эшикти ачкандан чочушат. Бирок Аз. Хамза “жакшы нийет менен келген болсо бул жакшылыкты андан аябайлы, эгер жаман ойдо келген болсо аны өзүнүн кылычы менен өлтүрөбүз” дейт. Эшикти ачып, ага эмне максат менен келгендигин сурашат. Ишенүү үчүн келгендигин айтканда, Аз. Мухаммед такбир (Аллаху Акбар) кылат. Аз. Умардын мусулман болуусу мусулмандарды кубантуу менен бирге, алар үчүн маанилүү колдоо болгон.



**Кезек Сизде**

Аз. Хамза менен Аз. Умардын мусулман болуусу мусулмандар үчүн эмнеге маанилүү болгон?

## 2 Мусулмандардын Бири Бирине Көмөк Болуусу жана Карым-Катнаш

Аз. Пайгамбар алгачкы убактарда анын жолун жолдогондорго этият болууну, Ислам жөнүндө туш келген жерде сөз сүйлөбөй, жашыруун иш кылууну насаат кылат. Мындан улам ибадат кылганда эл жок жерге барышып, келген кеткенди көзөмөлдөшүп турушкан.

Аллахтын элчиси Исламды ачык айкын жар салгандан баштап, мушриктер андан коркушуп, душмандыкты күчөтө баштайт. Анын динге чакыруусуна тоскоол болуу үчүн түрдүү иш чара көрүшөт: аны жана мусулмандарды шылдыңдашат; кээ бирлерине кордук кылышат, ал эле эмес кээ бирин өлтүрүшөт. Өзгөчө кулдар жана бей бечара мусулмандар көз көрүнө эле зулумдукка, кордукка дуушар болушкан.

Алгачкы мусулмандар оор абалда жашагандыктан, колдон келишинче бири бирине көмөк болууга аракет кылышкан. Бай болгон момундар көптөгөн мусулман кул жана күңдү сатып алып, аларды эркиндике жеткиришкен.



## 3 Аз. Пайгамбарга Каршы Чыгуу; Ага Жалаа Жабуу жана Курандын Жообу

### Аз. Мухаммедге (с.а.с.) Жинди, Көзү Ачык, Сыйкырчы жана Ырчы Деп Жалаа Жабышкандыгы Тууралуу

Адамзаттын акыркы пайгамбары болуп эсептелген Аз. Мухаммед (с.а.с.), Аллахтан келген аяндарды жая баштагандан кийин бир топ жемеге жана айыптоого туш болгон. Ага каршы чыккандардын басымдуу бөлүгү анын жинди экендигин айтышкан. Куран болсо мындай нерсени четке каккан:

“Алар: Эй өзүнө китеп жөнөтүлгөн адам! Сен анык жиндисиң. Эгер туура адам болсоң анда периштелерди бизге алып келчи, деп айтышты. Биз периштелерди керек болгондо гана жөнөтөбүз. Андай убакта жазалануучулар жөн коюлбайт” (Хижр, 15/6-8).

“Же болбосо: Анда жин бар, деп жатышат, ошондойбу? Жок; аларга чындыкты алып келди, бирок көпчүлүгү аны жактырбай жатат” (Муминун, 23/70).

“Аларга: Аллахтан башка кудай жок, деп айтылганда текебердик кылышат. Жинди ырчынын айынан кудайларыбызды таштап кетебизби? дешет. Жок; ал чындыкты алып келген жана пайгамбарларды тастыктаган” (Саффат, 37/35-37).

“Рабби аны тандап жакшы адамдардын катарына кошту. Чындыгында каршы чыккандар Куранды укканда сени көздөрү менен жыгып тебелегидей (жеп салгыдай) болушкан . Ал жинди дешкен. Болбосо Куран аалам үчүн насыйкаттан башка нерсе эмес” (Калем, 68/50-52).

“Нун; калем жана аны менен жазылгандарга ант болсун. Эй Мухаммед! Сен Раббиңдин жакшылыгына туш болгон адамсың, жинди эмессиң. Чындыгында сен үчүн үзгүлтүксүз сооп берилет. Сен шексиз түрдө адеп-ахлактуусуң. Кимдин акыл эси тайкы экендигин жакында сен да көрөсүң, алар да көрүшөт. Чындыгында сенин Раббиң жолунан адашкандарды өтө жакшы билет; Ал туура жолдогуларды да өтө жакшы билет” (Калем, 68/1-7).



Ага көзү ачык, сыйкырчы жана ырчы деп да жалаа жабышкан.

“... Эй Мухаммед! Ант болсун, Силер өлгөндөн кийин чындап тирилесиңер, дегенде сага каршы чыккандар: Бул анык сыйкырдан башка нерсе эмес, дешет. Ант болсун, алардын азабын бираз кечиктирсек, ага эмне тоскоол болуп жатат?, дешет. Аларга азап келген күнү аны артка кайтара алышпастыгын билгиле; шылдыңдашкан нерсе аларды жок кылат” (Хууд, 11/7-8).

“Көзүңөргө көрүнгөн жана көрүнбөгөндөргө ант ичем, Куран ар-намыстуу элчинин сөзү б.э. Ал ырчынын сөзү эмес; эмнеге аз ишенип жатасыңар! Көзү ачыктын сөзү да эмес; эмнеге аз ойлоносуңар! Куран ааламдын Раббинден жөнөтүлгөн. Эгер Мухаммед бизге каршы чыгып, ага кээ бир сөздөрдү кошкондо, биз аны бекем кармап, тамырын жулуп алат элек. Эч ким аны коргой албайт эле. Чындыгында Куран Аллахка каршы чыгуудан этият болгондорго насаат б.э.” (Хакка, 69/38-48).

## Аз. Пайгамбар Окуган Аяттарды Адам Ойлоп Тапкан Деп Ойлоо

Аз. Пайгамбарга каршы чыккандар, Куранды адам ойлоп тапкандыгын, адамдын сөзү экендигин айтышат. Улуу китебибиз Куран бул жалаага мындайча жооп берет:

“Аяттарыбыз аларга ачык айкын окулганда, биз менен бет маңдай келүүнү күтпөгөндөр Мухаммедке: Мындан башка Куран алып кел же болбосо муну алмаштыр, дешкен. Айткын: Аны өзүм билгендей өзгөртө албаймын, мен бир гана мага аян болгонго моюн сунам. Мен Раббиме каршы чыгып, улуу күндүн азабына туш болуудан корком” (Юнус, 10/15).

“Же болбосо: Аны Мухаммед өзү токуду, дешет. Айткын: Эгер аны өзүм токуган болсом анда мени Аллахтан эч качан коргой албайсыңар; Ал Куран үчүн козголоң салганыңарды жакшы билет. Мени менен силерге күбө болуу үчүн ал жетиштүү ...” (Ахкаф, 46/8).

“... Бул мурдатан бери үйрөтүлгөн сыйкыр эле. Бул Куран жөн гана адамдын сөзү, дешти. Мына ушул адамды отко саламын” (Муддассир, 74/24-26).

“Алар: Жок булар түшүнүксүз түш сыяктуу; Жок аны өзү токуган; Жок ал ырчы; Жок ал мурдагы пайгамбарлардай керемет көрсөтсүн, дешти. Алардан мурда жок кылынган жерлердеги элдер ишенбейт да булар ишенет беле?” (Анбия, 21/5-6).



## Аз. Мухаммед (с.а.с.) Аян Келчү Өзгөчөлүккө Ээ Эмес Деп Ойлогондор

Куранда да айтылгандай, мушриктер Аз. Пайгамбарды аян алууга татыктуу эмес деп кемсинтишкен.

“Инсандарга туура жол көрсөтүүчү келген убакта, ишенүүгө тоскоол болгон нерсе бир гана: Аллах пайгамбар катары адамды жөнөттүбү?, деп айтышкандыгы болгон. Айткын: Жер жүзүндө басып жүргөндөр периште болгондо, биз да аларга көк асмандан пайгамбар катары периште жөнөтөт элек” (Исра, 17/94).

“Мындай дешти: Бул тамак жеген, көчөдө басып жүргөн кандай пайгамбар? Ага жанында жүрүп, эскертүүчү периште жөнөтүлсө болмок! Же ага казына берилсе же болбосо азык тапканга багы болсо кана! Бул заалымдар ыймандууларга: Силер сыйкырдалган адамдын жолун жолдоп жатасыңар, дешти” (Фуркан, 25/7-10).

“Бул Куран эки шаардын ортосундагы улуу адамга аян болуусу керек эмес беле?, дешти. Ээй Мухаммед! Раббиңин ырайымын алар бөлүштүрө турган болуштубу? Алардын дүйнө жүзүндөгү жашоо турмушун биз бөлүштүрдүк; бири бирине көмөк болуусу үчүн бирөөнү бирөөгө үстөм кылдык; Раббиңдин ырайымы, алар топтогон нерселерден жогору турат” (Зухруф, 43/31-32).

“Сени көрүшкөндө: Аллах жөнөткөн элчи ушулбу?, деп шылдыңдагандан башка нерсе кылышпайт” (Фуркан, 25/41).

## Пайгамбардын Керемет Көрсөтүүсүн Талап Кылуу

Мушриктер Аз. Пайгамбардын айласын кетирүү үчүн, керемет көрсөтүүсүн талап кылышат. Куран бул маселе боюнча да маалымат берген:

“Мындай дешти: Биз үчүн жерден булактарды чыгармайынча сага ишенбейбиз; же болбосо, багың болсун анан ортосунан суу агыз; же өзүң айткандай көк асманды үстүбүзгө майда майда кылып кулат; же болбосо Аллахты жана периштелерди бет маңдайыбызга алып кел; же алтын үйүң болсун; же болбосо асманга учкун бирок ал жактан окуганы китеп түшүрө албайсың, учсаң да ишенбейбиз. Айткын: Фесубханаллах! Мен пайгамбар болгон инсандан башка нерсеминби?” (Исра, 17/90-93).

“Раббинен Мухаммедге керемет жөнөтүлсө эмне болмок эле?, дешет. Эй Мухаммед, аларга айткын: Кайыпты билүү Аллахка таандык; күткүлө, чындыгында мен силер сыяктуу күтүп жатам” (Юнус, 10/20).

“Алар: Эй өзүнө китеп жөнөтүлгөн адам! Сен чындап жиндисиң, туура адам болсоң анда периштелерди бизге алып келчи, дешти. Биз периштелерди керек болгондо гана жөнөтөбүз. Андай убакта жазалануучулар жөн коюлбайт” (Хижр, 15/6-8).

“Ага Раббиңен керемет жөнөтүлүүсү керек эмес беле?, дешет. Айткын: Керемет бир гана Аллахка таандык. Мен чындыгында так, анык эскертүүчүмүн. Аларга окулган китепти сага жөнөткөндүгүбүз аларга жетпейби? Мында ишенген коом үчүн ырайым жана үлгү бар.” (Анкебут, 29/50-51).

“Биз керемет жөнөтүүгө тоскол болгон нерсе, бир гана мурункулардын аларды жалган дегендиги б.э. Семуд калкына ургачы төөнү ачык айкын керемет кылып көрсөттүк, алар ушундан улам зулумкор болушкан. Эмесе биз кереметтерди бир гана коркутуу үчүн жөнөтөбүз” (Исра, 17/59).

**Кезек Сизде**

Пайгамбарыбызга каршы чыгуунун, арап коомунун социалдык, экономикалык жана диний абал менен байланышы барбы?

# 4 Мусулмандардын Кордук Көрүүсү,Социалдык Басмырлоолор жана Хабешистанга Көчүү

Ырайымдуу жана боорукер пайгамбар болгон Аз. Мухаммед, Ислам динин ачык айкын жар сала баштагандан кийин, ага каршы чыккандар өтө көбөйгөн. Өзгөчө Меккенин таанымал адамдары бул маселеде өтө аша чабышкан. Курайш уруусунун башчылары; сүйүктүү пайгамбарыбызга каршы чыгуу, тоскол болуу жана душмандык кылуу менен эле чектелбей, мусулмандарга да кордук көрсөтүп, аларды жашоодон суутушкан. Курайш уруусунун алдыңкы адамдары, ырайымдуулуктун элчиси баардык азап тозокко карабай динге чакырууну улантканын жана анын жолун жолдогондордун эсебинин көбөйгөнүн көрүп, кордук көрсөтүүнү күчөтүшкөн. Өзгөчө бей бечара жана эч кими жок адамдардын анын чакыруусунан бакыт табуусу, Меккенин жетекчилерин кооптондура баштайт. Мындан улам күч колдонуп, аларды ыймандан баш тартууга зордошот. Аммар, анын атасы Ясир жана энеси Сумайя, Билал-ы Хабеши жана Хаббаб бин Эрет сыяктуу кембагал жана эч кимиси жокторду кыйнап кордошкон.

Бул мезгилде Аз. Пайгамбарды да кыйнашып, кысымга алышкан. Ал башынан бери, Исламга чакыруу үчүн жаш сахаба болгон Эркамдын үйүн колдонуп келген болчу. Бул үй Каабага жакын жерде, Сафа дөңүнүн этегинде жайгашкандыктан, ажылык жана умра үчүн башка жактан келген адамдар менен тымызын байланыш куруугa ыңгайлуу жер болгон. Аз. Пайгамбар мусулман болгондорго бул жерде билим берип, аларга Курандын аяттарын үйрөтүп, инсандарды Исламга чакырып; момундар менен бирге Раббине ибадат кылып турган.

Меккенин мушриктери Аз. Пайгамбарга тоскоол болуу үчүн эмне кылса да жыйынтык чыкпагандыктан, аны жолунан кайтаруу жана аны коргоодон баш тартуусу үчүн авасы Абу Талибге барышат. Абу Талибге, “Жээниң кудайларыбызга акарат кылды, динибизди жамандады, биздин акылыбыз жок экендигин, ата бабаларыбыздын жолунан адашкандыгын айтты. Эми болсо сен ага тоскоол бол же болбосо аны коргоодон баш тарт”, деп кысымга алышат.

Абу Талиб мындан улам пайгамбарды чакырып, Курайштын айткан сөздөрүн жеткирет. Доосунан баш тартууну, маселе өтө ырбап кетсе мындан кийин анын да муну эптей албастыгын айтат. Аз. Пайгамбар анын сөзүн угуп бүтүп:

“Ава! Сен да мени таштап кеткени жатасыңбы? Жанымын ээси болгон Аллахка ант ичемин, эгер ушул ыйык чакыруу милдетимен баш тартуу үчүн оң колума күндү, сол колума айды беришсе да, сен мени таштап кетсең да, алардын айтканын кылбаймын. Раббим Аллах мага жетет ..!”, деп чогулуштан чыгып кетет. Абу Талиб анын аркасынан, көзү тирүү эле болсо аны таштап кетпестигин айтып, ал жерге келгендерди кайра жөнөтөт (Ибн-ул-Асир, ал-Камил, II, 63-64).

**Ой Жүгүртүү**

Пайгамбарыбыздын авасына айткан жообу анын кайсыл өзгөчөлүгүнүн белгиси б.э.?

Мушриктер мындан да жыйынтык ала албай акырында Аз. Пайгамбарга түздөн түз кээ бир сунуштарды айтышат. Мушриктердин алдыңкы адамдарынан болгон Утба бин Рабиа Аз. Пайгамбардын жанына барып мындай дейт:

“Мухаммед! Сени ар дайым акылдуу, жакшылыкты сүйгөн жана көңүлгө жакын адам деп таанып билдик. Сенин бирөөгө жамандык кылганыңы да көрбөдүк. Шаардагы элдин, сенин кайыптан кабар берүүңөн улам канчалык дүрбөлөңгө түшүп калганын сага эскертүүгө келбедим. Мага чын жүрөгүңдөн айткын! Бул иштерди эмне максатта жана кандай ойдо жасап жатасың? Акча үчүн кылып жатасыңбы? Мен күбөмүн, шаардын эли сага каалаганыңча акча топтоп берет. Же болбосо аял үчүнбү? Өзүңө аял кылып шаардын эң сулуу кызын тандап ал! Сени ыраазы кылуу үчүн баарын кылууга даяр экендигибизге ишенгин. Биздин башчыбыз болгун келсе аны айткын. Биз сени эң улуу башчыбыз кылып шайлоого даярбыз; бирок бир шартыбыз бар: Биздин динибизди жана баалуулуктарыбызды жабыркатып аны жок кылба! Илгертен бери ата бабабыз сыйынган жана азыр биз да сыйынып жүргөн балбал таштардын түбөлүккө тозокто күйөөрүн айтпа!”

Муну менен чектелбей акырында пайгамбарды сайгылап сүйлөп сөзүн минтип аяктайт: “Эгер оорукчанмын деп ойлоп жатсаң анда сени айыктырчу адамдарды табайлы. Себеби биз шаардагы элдин тынчтыгын бузууну жана ызы чууну каалабайбыз.” Аз. Пайгамбар ага жооп катары Курандын кээ бир аяттарын окуйт:

“Ха Мим. Бул Куран Рахман жана Рахим болгон Аллах тарабынан жөнөтүлдү. Бул билүүчү коом үчүн, арапча Куран болуп, аяттары терең мааниде ачыкталган китеп б.э. Сүйүнчү жана эскертүүчү катары жөнөтүлгөн. Бирок алардын көпчүлүгү четке каккан. Алар эми угушпайт.

Мындай дешти: (Эй Мухаммед!) Сен бизди чакырган нерсеге биздин жүрөгүбүз жабылган. Кулактарыбыз оордошкон жана сени менен биздин ортобузда тоскоол бар. Андай болгондуктан сен (каалаганыңы) кыл, себеби биз да (каалаганыбызды) кылабыз.

Айткын: Мен да силер сыяктуу пендемин. Бирок мага кудайдын бирөө гана экендиги аян болуп жатат. Мындан кийин ага багыт алгыла жана андан кечирим сурагыла. Аллахка ортoк кошкондордун абалы оор! Алар закат бербеген адамдар. Алар акыретти да четке каккандар. Ыйман кылып жакшы иш кылгандар үчүн, шексиз түрдө, үзгүлтүксүз сыйлык берилет.

Айткын. Жерди эки күндө жараткан затты силер четке кагып жана ага ортoк кошуп жатасыңарбы? Ал ааламдын Рабби б.э. Ал төрт күндө жер жүзүндө бийик тоолорду жаратты, ал жерде молдук жана берекеттикти орнотту жана ал жерде ырыскы издегендердин муктаждыгына жараша ырыскыларды берди. Кийин туман сыяктуу болгон көк асманга бет алды; ага жана жер жүзүнө: Өз каалооңор менен же каалоосуз келгиле, деди. Экөөсү тең: Каалообуз менен келдик, дешти.

Ушинтип эки күндө жети кабат асманды жаратты жана ар бир асманга өз милдетин билдирди. Эң жакын асманды чырак менен кооздодук жана аны корудук. Мына бул чыныгы күчтүн ээси жана таамай билбен Аллахтын буйругу б.э. Эгер баш тартышса аларга айткын: Мен силерди Аад жана Самуд урууларына түшкөн чагылган сымал, чагылган тууралуу эскерттим" (Фуссулат, 41/1-13).

**Ой Жүгүртүү**

Пайгамбарыбыз Утба бин Рабианын сунушуна Курандын аяттарын окуп жооп берди. Пайгамбарыбыз окуган аяттардын маани маңызы эмне?

Утба бин Рабиа бул аяттарды укканда шаштысы кетет жана Аз. Пайгамбарга окуганды токтотуусу үчүн жалынат. Ал жерден шашып чыгып Курайш уруусунун адамдары күтүп турган жерге барып аларга мындай дейт: Каалаганыңарды кылгыла. Себеби бул иш мен бүтүрө тургандай иш эмес ..." (Хамидуллах, Ислам Пайгамбары, I, 1009-111).

Зулумдук, кордук жана социалдык басмырлоонун Меккеде болуусу; Аз. Пайгамбардын бул нерсеге тоскоол боло албашы, аны башка чара көрүүгө түрткөн. Ал момундарга мындай сунуш айтат: "Эгер кааласаңар жана колуңардан келсе Хабешистанга баш калкалап баргыла! Себеби ал жердин өкүмдары калкына зулумдук кылбаган адам, ал жер адилеттүү өлкө. Аллах жеңилдик насип кылганга чейин ошол жерде жашап тургула" (Хамидуллах, Ислам Пайгамбары, I, 117).

Бул сунуштан улам мусулмандардын бир бөлүгү Хабешистанга көчүүгө чечим кылат. Биринчи көч пайгамбардыктын 5-жылында (615-ж.) ражап айында кетет жана бул топ төрт аял он бир эркектен турган. Араларында Аз. Усман жана кызы Рукия (Аз. Мухаммеддин (с.а.с.) аялы) да болгон.

Мушриктердин зулумдугу андан да күчөгөндүктөн, биринчи көчтөн бир жылдан кийин экинчи топ да көчүп кетет. Бул топту Жафар бин Абу Талиб баштап, сексен эки эркек жана он сегиз аял Хабешистанга карай жолго чыгат.

Меккеликтер баардык мусулмандын шаарды таштап кетүүсүнөн чочулап, Амр бин Ас жана Абдуллах бин Абу Рабианы элчи кылып милдеттендиришет. Алар Нежашиге мухажирлерди (көчмөн) кайтарып жөнөтүүсү үчүн ага толтура белек беришет. Бирок Нежаши мухажирлерди элчилерге тапшырбайт. Кийинчерек мухажирлер өз каалоолору менен Меккеге жана Мадинага кайтып, акыркылары хижраттын 7-жылында (628-ж.) Мадинага көчүп барат.





# Мекке Калкынын Мусулмандарды Бойкот Кылуусу

Адам заттын акыркы пайгамбары болуп эсептелген Аз. Мухаммеддин (с.а.с.) пайгамбардык чакырыгынан баш тартуусу үчүн жасалган баардык аракеттерге, мусулмандарды бул ишенимден узактатуу үчүн жасалган баардык кордуктарга карабай Ислам дининин жайылуусу жана Хабешистанга көчкөн мусулмандарды кайтарып алуу маселесинде элчилердин куру жалак кайтуусу, Меккеликтерди Аз. Пайгамбардын доосун токтотуу үчүн башка чараларды көрүүгө мажбур кылган. Меккелик мушриктер мындан улам Аз. Пайгамбарды жана мусулмандарды элден бөлүп, аларды бойкот кылууга чечим кылышат.

Бул чечимдин негизинде, Хашим уулдары менен сүйлөшүүнү, алар менен бирге отурууну, алардан кыз алып кыз берүүнү, алар менен соода кылууну жана өзгөчө Аз. Пайгамбарды өздөрүнө тапшырмайынча алар менен тынчтык келишимин түзүүнү тыюу салышат. Бул чечимди кагазга жазышып Каабага асып коюшат.

Алардын бул чечиминен кийин Абу Талиб Мухаммедди (с.а.с.) жана анын үй-бүлөсүн өзү жашаган Абу Талиб айылына алып барат. Абу Лахаб жана анын үй-бүлөсүн кошпогондо, Хашим уулдарынын Исламды кабыл кылгандары жана баардык мусулмандар бул айылга топтолот. Мусулмандар социалдык жана экономикалык бойкоттон улам, элден бөлүнүп бул жерде жашоого мажбур болушат.

Меккелик мушриктер кабыл алган чечимдерин ишке ашыруу үчүн кылдаттык менен иштеп, Хашим уулдары жашаган айылды көзөмөлдөп турушкан. Хашим уулдары согушуу арам кылынган айларда (Зилкада, Зилхижжа, Ражап, Мухаррам) башка жактан келген ажылардан аз да болсо азык түлүк алып турушкан. Мекке калкынын арасынан, мусулмандарга боор ооруп, алар кысмака алынган айылга тамак аш жеткирип тургандар да болгон. Булардын бири Хишам бин Амр болгон. Аз. Пайгамбар жана жоро жолдошунун көргөн кордугу чыдай алгыс болуп кеткенде Хишам, Зухайр бин Аби Умайянын жанына барып, бойкоттон баш тартуусун айтат. Экөөсү жасалган бойкот чечимдерин жокко чыгарып, бул маселе тууралуу башкалардын да колдоосун алуу үчүн макулдашат. Мутим бин Адий, Абул-Бухтари бин Хишам жана Зама бин Асвад да алардын катарына кошулат. Эртеси күнү Зухайр Каабага барып, Хашим уулдарына жасалган бойкоттон баш тартуу үчүн элге кайрылат. Абу Жахил сыяктуу кээ бир адамдар каршы чыкса да, 616-жылы башталып үч жылга созулган социалдык, моралдык жана экономикалык бойкот токтотулат.

**Ой Жүгүртүү**

Мусулмандарга бойкот кылуу алар үчүн оң таасир алып келгенби же аларды запкыга учуратканбы?



## Бойкоттун Аяктоосу жана Кайгы Муңдуу Жыл

Меккеликтер Хашим уулдарын бойкот кылып, бул бойкот 616-жылдан баштап 619-жылга чейин созулат. Аз. Пайгамбар бойкоттон кийин көп өтпөй, даайыма аны коргоп жана колдоп жанында жүргөн авасы Абу Талиб менен сүйүктүү жары Аз. Хадичаны жоготот. Бул эки жакын адамынын өлүмү аны кайгы муңга салат. Аз. Абу Талиб менен Аз. Хадича өлгөн жыл Ислам тарыхында “Кайгы Муңдуу Жыл” деп аталып калат.

## Таифке Сапар

Аз. Пайгамбардын Меккедеги абалы күн өткөн сайын оордой баштайт. Абу Талиб менен Аз. Хадичанын өлүмүнөн кийин да Меккедеги мусулмандарга көрсөтүлгөн кысым күндөн күнгө күчөй баштайт. Мындан улам пайгамбарыбыз Меккеден башка жерге баш калкалап барууну ойлоп, Таифке барат. Таиф кээ бир айырмачылыктарына карабай, негизинен Мекке сыяктуу жер болгон. Таиф өзгөчө Йемен менен соода байланышы болгон борбор эле. Таза абалуу жана топурагы берекелүү аймак болчу. Таифтин жергиликтүү калкы Сакиф уруусу болгон. Меккелик байлардын көпчүлүгүнүн Таифте өзүнө тийешелүү жери болгон жана бул жерлерди жаз айларында эс алуу үчүн колдонушкан. Айрыкча Аз. Мухаммеддин (с.а.с.) уруусу да Таиф менен жакын байланышта болуп турган.

Пайгамбарыбыз Абу Талибдин өлүмүнөн кийин, ага каршы кордуктун артуусунан улам, пайгамбардыктын 10-жылынын (620-ж.) шаввал айынын аягында, аларды

коргоочу бирөөнү издөө жана жаңы тарапкерлерди табуу үчүн Таифке барат. Ал жашыруун түрдө Меккеден чыгып, жөө жалаң Таифти карай жөнөйт. Жанында асырап алган баласы Зайд бин Хариса да болгондугу айтылат. 620-жылдын шаввал айында башталган сапар, Аз. Пайгамбардын Таифтин таанымал адамдары жана аны менен тууганчылык байланышы болгон үч жетекчиге жолугуусу менен аяктайт. Бул жолугууда Аллахтын элчиси аябай оор мамилеге дуушар болот. Анын шаардан дароо чыгып кетүүсүн талап кылышат жана аны шылдыңдап күлүшөт. Ал эле эмес калкты да күш күштөп, аны таш бараңга алдырышат. Аллахтын акыркы элчиси оор абалда, Таифке жакын жердеги Меккелик бир адамдын үйүнө араң жетип барат. Бул үйдө ал сый урмат көрөт жана үйдүн ээси анын жарааты менен алектенет. Бул жерде эс алып, анан Меккеге карай жол алат. Чарчап чаалыгып Меккени курчап турган тоолорго жетип барат. Ал учурда Абу Лахаб анын шаарга кирүүсүнө тыюу салган болот. Ошондуктан шаарга кирип жатканда аны коргой турган бирөөнү издейт. Мутим бин Адий аны коргоого алуу үчүн жанына уулдарын да алып, Аз. Пайгамбарды тосуп алганы жөнөйт.

**Изилденип-Үйрөнгүлө**

Пайгамбарыбыздын Таифте көргөн кордугун жана алар үчүн айткан сөзүн изилдеңиз. Изилдөөнүн натыйжасында анын адеп-ахлагынын кайсыл өзгөчөлүгү басымдуу болгондугун белгилеңиз.

Аз. Пайгамбар алгач Каабаны таваф кылып, аркасынан эки рекет намаз кылып анан үйүн карай жөнөйт.

## 5 Түнкү Сапар (Исра)

Аз. Пайгамбар Исламга ачык айкын чакыруу жасагандан баштап көп жолу кыйынчылыка дуушар болгон болчу. Үч жылга созулган социалдык, моралдык жана экономикалык бойкоттон кийин, аны коргоп колдоп жүргөн авасы Абу Талибди, андан көп өтпөй өмүрлүк жары Аз. Хадичаны жоготуусу, анын кайгы муңун арттырган болчу. Кыйын мезгилде Таифке барганда ал жерде да жакшы мамиле көрбөй кайгы муңу эки эсе көбөйөт. Ушундай оор күндөрдүн биринде, түндө уктап жаткан кезде Аллах аны Месжид-и Харамдан (Кааба)  Масжид-и Аксага (Иерусалим) алып барат. Бул түнкү сапар “Исра” д.а. Куранда бул окуя тууралуу айтылган сүрөнүн аты “Исра” б.э.

“Түндө Мухаммед кулуна далилдерибизди көрсөтүү үчүн Месжид-и Харамдан, айланасы ыйык болгон Месжид-и Аксагага алып барган Аллах, кемчиликтен аруу б.э. Ал күмөнсүз түрдө өтө жакшы угат жана өтө жакшы көрөт” (Исра, 17/1).

Булактарда айтылып өткөндөй бул түнү, пайгамбарыбыз көк асманга көтөрүлөт (Мираж) жана Миражда беш убак намаз парз кылынат.

**Кезек Сизде**

Аллах Таала пайгамбарыбызга эмне үчүн мындай өзгөчө нерсени тажрыйба кылдырган?

## 6 Мадиналыктар менен Жолугуу жана Акабада Ант Ичүү

Аз. Пайгамбар баардык кыйынчылыктарга карабай динге чакырууну улантып, ошону менен бирге Меккеден кетүү үчүн башка аймактагылар менен келишим түзүүгө аракет кылып турган. Ушул максатта 15ке жакын уруунун бийине кайрылат. Бирок алар бул нерсени кабыл кылбайт. Пайгамбардыктын 11-жылында Меккеге келген ажыларга жолугуу үчүн аларды кыдырып көрө баштайт. Ушул мезгилде Акаба деген жерде Мадинанын Хазраж уруусунан болгон алты адамга туш келет. Аларга Ислам динин түшүндүрүп, мусулман болууга чакырганда алар бул чакырууну кабыл кылып мусулман болушат.

Булар Асад бин Зурара, Авф бин Харис, Рафи бин Малик, Укба бин Амир жана Жабир бин Абдуллах деген кишилер болгон.

Алар кийинки жылы ажылык мезгилде ушул жерде жолугууга убада беришет. Хазраж уруусунан болгон бул алты адам, кайтып барганда Исламды Мадинада жая баштайт.

Алар бир жылдан кийин, ажылык мезгилинде (621-ж.) Аз. Пайгамбарга 12 адам болуп жолугат. Алар Аз. Пайгамбарга эч нерсени Аллахка орток деп кошпоого, уурулук жана зына кылбоого, жаш балдарды өлтүрбөөгө, бирөөгө жала жаппоого, анын буйруктарына баш ийүүгө сөз беришет. Бул жолугушуу жана макулдашуу “Акабадагы Алгачкы Ант Ичүү” д.а.

Пайгамбарыбыз бул топ менен кошо, Куранды жакшы билген ишеничтүү сахабалардын бири болгон Мусаб бин Умайрды Мадинага жөнөтөт. Мусабдын аракетинен улам Мадинада мусулмандардын саны көбөйөт. Мадиналыктар бир жылдан кийин, 622-жылы ажылык мезгилинде 500 адамдан турган ажылык кербенин Меккеге жөнөтүшөт. Булардын арасында 75 мусулман болгон.

Алар кечинде, Акабеде Аз. Пайгамбарга жолугууну макулдашып, бирөөгө көрүнбөө үчүн топ топко бөлүнүп ал жерге карай жөнөшөт. Пайгамбар (с.а.с.) аларды авасы Аббас менен бирге тосуп алат. Аббас ал убакта Исламды кабыл кыла элек болсо да, пайгамбарды сүйгөндүктөн аны коргоп жүргөн. Бул чогулушта Меккеде кордук көргөн мусулмандарды Мадинага көчүрүп баруу маселесин сүйлөшүшөт.

Аз. Мухаммед аларга: “Шаарыңарга барганымда мага көмөк болууга, үй-бүлөңөрдү коргогондой мени да коргоого сөз бергиле”, деп айтат.

Алар минтип жооп беришет: “Ооба, сени чыныгы дин менен жөнөткөн Аллахка ант ичебиз. Үй-бүлөбүздү коргогондой сени да коргойбуз” (Ибн Хишам, II, 54, 55, 56, 64).

Бул топ бул жерде Аз. Пайгамбарга бир гана баш ийүүгө эмес, ошол эле учурда аны менен бирге күрөшүүгө да ант ичишет. Аз. Пайгамбар аларга өздөрүнүн арасынан 12 өкүл тандоону сунуштайт. Алар мындан улам Австан үч, Хазраждан 12 адамды өкүл кылып шайлашат. “Акабадагы Ант Ичүү” деп аталган бул макулдашууда Мадинага көчүү маселеси чечилет. Курайш уруусу бул ант ичүүнү өздөрү үчүн душмандык катары эсептесе да бул окуянын чын төгүнүн аныктай алышкан эмес. Аз. Пайгамбар да макулдашуудан кийин досторун Мадинага көчүүгө үгүттөй баштаган.

Мадина Аз. Пайгамбар көчүп бара электен мурда Йесриб деп аталган. Ал баргандан кийин гана Мадинатул-Наби (Пайгамбардын Шаары) деп аталып, акырында кыскача Мадина деле баштаган. Йесрибдин жергиликтүү калкы, Түштүк Арабистандын Авс жана Хазраж уруулары менен бирге, еврейлердин Курайза, Кайнука жана Надир деген урууларынан турган.



## 7 Мадинага Көчүп Баруу

622-жылы зилхижжа айында Мадиналыктар менен ант ичип, Меккелик мусулмандардын Мадинага көчүүсүн макулдашкандан кийин, Меккедеги мусулмандар топ топ болуп Мадинага карай жолго чыга баштайт. Меккеде кыска убакта эле Аз. Пайгамбар, Аз. Абу Бакир жана алардын үй-бүлөлөрү, Аз. Али жана көчүүгө мүмкүнчүлүгү болбогондордон башка мусулман калбаган.

Меккенин мушрик жетекчилери болсо мусулмандардын Мадинага көчүүсүнөн улам келип чыккан абалды талкуулоо үчүн чогулат. Себеби мусулмандардын Мадинага көчүүсү мушриктерди тынчсыздандыра баштайт. Пайгамбардын Мадинага барып ал жерде күч топтоосунан коркушат. Бул чогулушта ар ким ар ойду айтып, бул ой пикирлердин пайда же зыян алып келүүсү талкууланат: Эгер Аз. Мухаммед шаардан сүргүн кылынса ал барган жеринде тарапкер топтошу мүмкүн. Бул болсо мушриктер үчүн зыян алып келет. Акырында Абу Жахилдин пикири кабыл кылынат. Анын оюу боюнча ар бир уруудан бир адам чогултуп, Аллахтын элчисине бир учурда кол

салышмай болот. Ушинтип уруулардын ортосунда пайда болчу кек сактоодон да кутулмай болушат.

Бул чогулуштун жыйынтыгын Аз. Пайгамбардын Ракика деген тай эжеси угуп калып пайгамбарга кабар жеткирет. Пайгамбар (с.а.с.) дароо Абу Бакирдин жанына барып ага абалды түшүндүрөт. Аз. Абу Бакир мурдатан бул нерсеге даяр жүргөн болот. Кеч киргенде шаардын четиндеги Савр тоосундагы бир үңкүрдө жашынып, андан ары жолго чыгууну чечишет. Аз. Пайгамбар жол көрсөтүү үчүн Абдуллах бин Урайкыт деген мушрик менен сүйлөшүп, жолго чыгууга кам көрө баштайт.

**Кезек Сизде**

Мусулмандардын Мадинага көчүүсүнө эмне себеп болгон?

## Мадина Сапары

Аз. Пайгамбар Меккеликтер аны уктап жатат деп ойлоосу үчүн, Аз. Алини өз ордуна жаткырып сыртка чыгат да Аз. Абу Бакирдин жанына жөнөйт. Экөөсү түн жарымда Меккеге 5 км узак жердеги Савр тоосундагы үңкүргө барышат. Алар бирөө жарым көрүп шек санабасын деп, Мадина түндүк тарапта болсо да түштүк тарапка багыт алышкан болчу. Үңкүрдө үч күн үч түн жашынып жатышат.



Курайш болсо эртеменен пайгамбардын үйүнө кирип барышканда анын ордунда Аз. Алинин жатканын көрүп ачууланышат. Туш тарапта аны издей башташат жана аны таап келген адамга 100 төөнү сыйлык кылып бермей болушат. Меккенин айланасын кылдаттык менен текшеришип, бир топ алар жашырынган үңкүргө чейин келишет. Аз. Абу Бакир тынчсыздана баштаганда Аз. Пайгамбар ага кайрылып: “Коркпо! Аллах биз менен бирге”, (Тавба, 9/40) деп айтат.

Куран Аз. Абу Бакирдин тынчсызданганын жана Аллахтын бул оор учурда аларга кандайча жардам кылганын мындайча баяндайт:

“Мухаммедге жардам кылбасаңар анда, ага каршы чыккандар аны Меккеден кууганда, үңкүрдөгү эки адамдын бири катары, Аллах ага жардам кылгандыгын билгиле. Досуна (Абу Бакир): Коркпо, Аллах биз менен бирге, деген болчу. Аллах ага ишеним берип, көзгө көрүнбөгөн жоокерлер аркылуу аны колдоп, каршы чыккандардын сүйлөгөн сөзүнүн баркын кетирген болчу ...” (Тавба, 9/40)..

Аларды издегендер азайганга чейин үч күн үч түн ал үңкүрдө бекинип жатышат. Үчүнчү күндүн аягында Аз. Абу Бакирдин койчуманы менен жол көрсөтүүчү Амир бин Фухайра эки төөнү жетелеп үңкүрдүн жанына келет. Ушинтип төрт адамдан турган топ Мадинага карай сапарга аттанат. Мадинага кетип жатканда чоң жолдон кетпей, аз колдонулган эски жол менен кетишет.

## Алгачкы Мечит

Пайгамбар (с.а.с.) жана жанындагылар рабиулаввал айынын он экисинде (622-ж., 24-сентябрь) Мадинага 3 км узак жердеги Куба деген жерге жетип барышат. Аларды бул жерде күтүп турган Мадиналык топ тосуп алат. Бул жерде Амр бин Авф уулдарынын уруу башчысы Кулсум бин Хидимдин үйүндө төрт күн конок болушат. Меккеде калган Аз. Али да жетип келет. Бул жерде өтө жөнөкөй абалдагы алгачкы мечитти курушат. Кийинчерек алгачкы мечит катары бааланган бул мечит “Куба Мечити” деп аталып калган.

## Алгачкы Жума Намазы жана Алгачкы Кутба

Сүйүктүү пайгамбарыбыз Кубада достору менен төрт күн коноктогондон кийин, жума күнү Мадинаны карай жолго чыгат. Рануна деген жерде алгачкы жума намазы кылынат жана алгачкы кутба окулат:

“Эй инсандар ..!

Эң биринчи өзүңөрдүн жан-дүйнөңөрдү ойлогула: Бирөө өлгөндө аркасында калтырган мал жандыгын койчумансыз ташташтап кеткен болсо жана Рабби менен бетме бет келгенде Аллах ага кайрылып: Сага мен жөнөткөн элчи келбедиби? Мен сага мал жандык бербедимби? Сен мага эмне алып келдиң?, деп сураганда, ал адам эки жагын карап аны куткарчу эч кимди таппайт жана бет маңдайындагы тозокту көрөт. Андыктан өзүңөрдү бул тозок отунан куткаруу үчүн, бир курма болсо да бирөөгө садага бергиле. Садага кылып беретурган эч нерсеси жоктор болсо жакшы сөз сүйлөсүн; Себеби Аллах бир жакшылыктын сообун он эсе, жүз эсе кылып берет. Аллахтын саламы силерге болсун” (Ибн Хишам, II, 107-108; Хамидуллах, Ислам Пайгамбары, I, 190).

Намаздан кийин Мадинага карай жолун улантышат жана көп өтпөй Мадинага жетип барышат.

**Кезек Сизде**

Алгачкы кутбада эмнеге басым жасалган?

## Хижраттын Социалдык, Маданий жана Тарыхый Таасирлери

Мусулмандардын Меккеден Мадинага көчүүсү, Ислам жана адамзат тарыхынын орчундуу маселелеринин бири б.э.

Хижраттан соң мусулмандар кордук көрүүдөн кутулуп, эркин коомдо жашай баштаган. Меккеде максаттарына жете албагандыктан, баардык мал жандыгын таштап кетүү

эркин көрсөтүшүп, тарыхтын нугун бурууга багыт алышкан жана бул жолдо ийгиликке жетишкен.

Хижрат Аз. Пайгамбардын жашоосунда жаңы барак ачып, динди баардык адам затка жаюу үчүн мүмкүнчүлүк түзгөн.

Хижрат мусулмандар үчүн болсо жаңы доордун башталгычы катары эсептелет. Ошондой эле Аз. Умардын халифалык убагында (17-ж./638-ж.) тарыхтын башталгычы болуп эсептеле баштайт.

**Кезек Сизде**

**Хижраттын мусулмандар үчүн жаңы тарыхтын башталгычы катары эсептелишинин себептери эмне болушу мүмкүн?**

## Бөлүмдү Жыйынтыктоо



Аян термини; чындыкты жүрөккө жеткирүү, көңүлдү эргитүү жана Аллахтан пайгамбарга кабар жеткирүү дегенди түшүндүрөт.

Пайгамбарыбызга алгачкы аян 40 жаш курагында, Хира үнкүрүндө, рамазан айында келген.

Аз. Пайгамбар алгачкы убакта динге чакыруу милдетин жашыруун түрдө, ишеничтүү адамдарга карата орундатат. Биринчилерден болуп өз үй-бүлөсүн Исламга чакырган. Ага эң биринчилерден болуп ишенгендер Аз. Хадича, Аз. Али жана Зайд болгон. Андан соң жакын досу Аз. Абу Бакир бул чакырууну кабыл кылган.

Сүйүктүү пайгамбарыбыз кийинчерек жашыруун түрдө эмес, ачык айкын чакыруу жасоого жана динди жалпы элге жаюуга милдеттендирилет.

Аз. Мухаммед бул мезгилде Аллахтан келген аяндарды коомдун баардык булуң бурчуна жеткирүүгө аракет жасаган. Бузулган Аллах ишенимин оңдоого, Аллахка шерик кошуудан жана бутпарастыктан кутулуп жалгыз Аллахка гана ишенүүгө, андан коркууга, бир гана ага ибадат кылууга жана адеп-ахлактуу болууга үгүттөгөн.

Пайгамбарыбыз элди Исламга ачык айкын чакыра баштагандан кийин мушриктер ага тоскоол болуу үчүн бар күчүн жумшай баштайт. Кордук көрсөтүшүп, аны менен эле чектелбей кээ бир мусулмандарды өлтүрүшөт. Өзгөчө кул жана бей бечара мусулмандар көп кордук көрүшкөн.

Акыркы пайгамбар Аллахтан келген аянды элге жая баштагандан кийин мушриктер ага түрдүү жалаа жабышат. Анын жинди, көзү ачык, сыйкырчы жана ырчы экендигин айтып жемелешет.

Меккеде зулумдуктун күчөшүнөн улам, пайгамбар чара табуунун жолун издеп, мусулмандарга мындай деп айтат: “Эгер кааласаңар жана күчүңөр жетсе Хабешистанга баш калкалап баргыла! Себеби ал жердин өкүмдары калкына зулумдук кылбайт. Аллах жаңы мүмкүнчүлүк насип кылганга чейин ал жерде жашап тургула.”

Анын бул сөзүнөн улам кээ бир мусулмандар Хабешистанга көчүп кетет.

Меккелик мушриктер Аз. Пайгамбардын уруусун бойкот кылышат. Бойкот аяктагандан кийин көп өтпөй, пайгамбарды коргоп колдоп жүргөн авасы Абу Талиб менен сүйүктүү жары Аз. Хадича каза болушуп, Аз. Мухаммед кайгы муңга кабылат. Бул жыл Ислам тарыхында “Кайгы Муңдуу Жыл” д.а.

Ушундай оор күндөрдүн биринде Аллах аны Месжид-и Харамдан Месжид-и Аксага алып барат. Бул түнкү сапар “Исра” деп аталып калган жана Куранда бул окуя айтылган сүрөнүн аты “Исра” б.э. Булактарда айтылып өткөндөй Аз. Пайгамбар бул түнү көк асманга да көтөрүлөт (Мираж) жана миражда беш убак намаз парз кылынат. Исра окуясы пайгамбардын өтө маанилүү тажрыйбаларынын бири б.э. Себеби Аллах ага мындай оор күндөрдө бул нерсени тажрыйба кылдырып, анын маанайын көтөргөн.

Аз. Пайгамбар динге чакыруу милдетин оор шарттарда орундаткан. Пайгамбардыктын 11-жылында Меккеге келген ажылар менен сүйлөшүү үчүн кыдырып көрө баштайт. 620-жылы ажылык мезгилинде, Исламды ажыларга түшүндүрүп жүргөн кезде, Акаба деген жерде Мадинанын Хазраж уруусунун алты адамына кездешет. Аларды динге чакырат жана алар мусулан болушат.

Мадиналык мусулмандар кийинки жылы ушул жерде пайгамбар менен жолугушат. Чогулушта Меккелик мусулмандарды Мадинага көчүрүп баруу маселеси каралат. Курайштын мушриктери бул келишимди укса да тастыктай албайт.

Мадиналыктар менен 622-жылы зилхижжа айында Акабада ант ичишкенден кийин, Меккелик мусулмандар топ топ болуп Мадинага көчө баштайт. Көп өтпөй Меккеде Аз. Мухаммед, Аз. Абубакир жана үй-бүлөлөрү, Аз. Али менен көчүүгө мүмкүнчүлүгү жок мусулмандар эле калат.

Бул көчтөн улам Меккенин мушриктери топтолуп, мусулмандардын Мадинага көчүүсүнөн улам келип чыккан абалды талкуулашып, жыйынтыгында пайгамбарды өлтүрүүнү чечишет. Пайгамбардын Ракика деген тай эжеси муну угуп калып Аз. Мухаммедке (с.а.с.) кабар жеткирет. Аз. Пайгамбар дароо Аз. Абу Бакирдин жанына барып абалды түшүндүрүп, шаардан качуу керектигин айтат. Аз. Абубакир бул нерсени күтүп жүргөндүктөн даярдыктуу жүргөн болот.

Кеч киргенде пайгамбарыбыз Меккеликтер аны уктап жатат деп ойлосун деп, өз ордуна Аз. Алини жаткырып, Абу Бакирдин жанына жөнөйт. Экөөсү түн жарымда Меккеге 5 км узак жердеги Савр деген тоодогу үңкүргө барып бекинишет. Мадина түндүк тарапта болсо да, бирөө көрүп шектенбесин деп түштүк тарапка барышат. Үңкүрдө үч күн үч түн жашырынып жатышат.

Мушриктер эрте менен анын төшөгүндө Аз. Алинин жатканын көрүшүп ачууланышат. Баардык жерде аны издей башташат жана аны таап келген адамга 100 төө беришерин айтышат. Меккенин айланасын кылдаттык менен текшерип аларды издеп жатканда, бир топ алар жашынган үңкүрдүн жанына чейин келет. Аз. Абу Бакир тынчсыздана баштаганда Аз. Мухаммед ага: "Коркпо! Аллах биз менен бирге", деп айтат.

Аз. Пайгамбар менен жанындагы адамдар рабиулаввалдын он экисинде (622-ж., 24-сентябрь) Мадинага 3 км узак жердеги Куба деген жерге жетип барышат. Аларды бул жерде күтүп турган Мадиналык мусулмандар тосуп алышат. Куба айылында төрт күн конок болушат. Бул жерде өтө жөнөкөй абалдагы алгачкы мечитти курушат. Кийинчерек алгачкы мечит катары бааланган бул мечит "Куба Мечити" деп аталып калган. Меккеде калган Аз. Али да аларга жетип келет. Алар Кубада төрт күн конок болгондон кийин жума күнү Мадинага карай жолго чыгышат. Пайгамбарыбыз Рануна деген жерде досторуна алгачкы жума намазын кылдырат жана алгачкы кутбаны окуйт.



Савр Тоосу

Намаздан кийин жолун улантышат жана көп өтпөй Мадинага жетип барышат.

Мусулмандардын Меккеден Мадинага көчүп баруусу Ислам тарыхынын маанилүү окуяларынан бири б.э. Мусулмандар хижраттан кийин кордуктан кутулуп, эркин коомдо жашай баштайт. Меккеде максаттарына жете албагандыктан, бар тапканын ал жерге таштап Мадинага көчүү эркин көрсөтүшүп, тарыхтын нугун буруууга багыт алышкан жана ийгилике жетишкен.

Хижрат адам заттын акыркы пайгамбары үчүн жаңы барак ачып, инсандарды динге чакыруу мүмкүнчүлүгүн түзөт.

Хижрат мусулмандар үчүн жаңы доордун башталгычы катары каралып, Аз. Умардын халифалыгынан (17-ж./638-ж.) баштап тарыхтын башталгычы деп эсептеле баштаган.

## Бөлүмдү Анализдөө

1-Аз. Пайгамбар пайгамбардыктын алгачкы жылдарында кандай кыйынчылыктарга туш болгон?

2-Аз. Пайгамбарга каршы чыккандар ага эмне деп жалаа жабышкан жана Куранда бул маселе кандайча түшүндүрүлгөн?

3-Аз. Пайгамбарга ишенген алгачкы мусулмандар кимдер?

4-Аз. Пайгамбарга ишенген алгачкы мусулмандар кандай кордуктарга дуушар болушкан жана мусулмандардын аларга берген жообу кандай болгон?

5-Хижрат кандай шартта ишке ашкан?

6-Хижрат мусулмандар үчүн кандай мааниге ээ?

## Жыйынтыктоочу Суроолор

**1-Аз. Пайгамбарга алгачкы аян келген үңкүрдүн аты эмне?**

А) Хира Б) Рануна

В) Абва Г) Савр

**2-"Фетрет-и Вахий" деген эмне?**

А) Аян келген жер Б) Алгачкы аян

В) Аяндын үзгүлтүккө учуроосу Г) Аян жеткирген периште

**3-Аз. Пайгамбарды динге чакырууга милдеттендирген аяттар кайсыл сүрөдө?**

А) Алак Б) Мудддассир

В) Калем Г) Фатиха

**4-"Дарул-Эркам" деген эмне?**

А) Эркамдын үйү Б) Эркам уруусу

В) Эркам деген сахаба Г) Алгачкы мечит

**5-Мушриктер Аз. Пайгамбарга эмне деп жалаа жабышкан?**

А) Ырчы Б) Көзү ачык

В) Сыйкырчы Г) Баары

**6-Алгачкы хижрат кайсыл жерге болгон?**

А) Мадина Б) Таиф

В) Хабешистан Г) Иран

**7-Төмөндөгүлөрдүн кайсынысы Аз. Пайгамбарды өмүр бою коргоп жүргөн?**

А) Абу Лахаб Б) Зубайр

В) Абдулмутталип Г) Абу Талип

**8-"Кайгы Муңдуу Жыл" деген эмне?**

А) Мусулмандар көчкөн жыл

Б) Мушриктер менен согушкан жыл

В) Аз. Мухаммеддин чоң атасы каза болгон жыл

Г) Аз. Хадича менен Абу Талиб каза болгон жыл

**9-"Исра" (түнкү сапар) кайсыл жерге болгон?**

А) Масжид-и Акса Б) Масжид-и Харам

В) Таиф Г) Хабешистан

**10-Мадинага көчүп жатканда Аз. Пайгамбардын жанында ким болгон?**

А) Аз. Али Б) Аз. Осмон

Б) Аз. Абубакир Г) Аз. Умар

# III

# БӨЛҮМ





# Пайгамбардык: Мадина Доору

1-Пайгамбардын Мадинада Кылган Иштери

2-Мушриктер менен Болгон Байланыш

3-Еврейлер менен Болгон Байланыш

4-Христиандар менен Болгон Байланыш

5-Мусулмандардын Меккени Алуусу

6-Исламга Чакырган Элчилер

7-Акыркы Ажылык Сапары жана Пайгамбарыбыздын Акыркы Кайрылуусу

8-Аз. Пайгамбардын Өлүмү

## БӨЛҮМ ТУУРАЛУУ

Бул бөлүмдө пайгамбарыбыз Мадинага “хижрат” (көчүү) кылгандан кийинки абал каралды. Мадинанын хижраттан мурдагы абалы жана пайгамбарыбыз Мадинага келгенден кийин жасалган иштер берилди.

Мушриктер менен болгон согуштар жана Худайбия Келишими айтылып өттү. Еврейлер жана христиандар менен болгон мамилелерден соң, Исламдын жайылуусун тездеткен жана Ислам тарыхында маанилүү орунга ээ болгон Меккени алуу сапары каралды.

Мекке 630-жылы (хижраттын 8-ж.) алынып, күчтүү уруулардын бири болгон Хавазин уруусу Исламды кабыл кылып, хижраттын 9-жылы Табук сапарында Түндүк Арабистан мусулмандардын карамагына киргенден кийин, Арабистандын баардык аймактарынан Мадинага өкүлдөр келе баштаган. Хижраттын 9-жылы, өкүлдөрдүн көп келүүсүнөн улам “Санатул-Вуфуд” (Өкүлдөр Жылы) д.а. Бул бөлүмдө өкүлдөрдүн кээ бирлери аталып кетти.

Бул бөлүмдүн акыркы темалары болсо, пайгамбардын ажылык милдети жана каза болуусуна бөлүнгөн. Аз. Пайгамбар (с.а.с.) хижраттын 10-жылы (632-ж.) орундаткан ажылык милдети, анын жоро жолдошу менен коштошкондугу жана Каабаны андан кийин зыярат кылбагандыгы үчүн Акыркы Ажылык д.а. Бул ажылыкта ал Акыркы Кайрылууну окуган. Ажылык милдетин аткаргандан кийин 632-жылы 26-мартта (хижраттын 10-ж., 29-зилхижжа) Мадинага кайтат жана көп өтпөй ооруп, жаткан жеринде каза болот.



## ПЛАН

1-Мадинадагы мусулмандар Аз. Пайгамбарды чоң кубаныч менен тосуп алгандыгынан кабардар кылуу.

2-Пайгамбардын мечити, илим-билим берүү мекемеси болгондугун үйрөтүү.

3-Мекке жана Мадинадагы мусулмандардын бири бирине болгон сый-урматын жана бири бирине жардамдашуусун окутуу.

4-Аз. Пайгамбардын ажылык милдетин, ажылык кезинде жасаган кайрылуусунда адилеттик жана бир туугандык тууралуу айткан сөздөрүнөн кабардар кылуу.

## ОКУУ ЭРЕЖЕСИ

Бул бөлүмдү окуунун эрежеси:

1-План коюп окуу жана тийешелүү бөлүмдү анализдөө;

2-Аз. Мухаммеддин (с.а.с.) өмүр баянын үйрөнүү үчүн бул китеп менен чектелбөө. Кошумча булактарды изилдөө;

3-Аз. Мухаммеддин (с.а.с) өмүр баянына тийешелүү кино тасмаларды көрүү;

4-Ажылык темасын окуганда, ажылык милдетин кылган инсандардан пикир алуу.

# 1 Пайгамбардын Мадинада Кылган Иштери

## Хижраттан Мурда Мадинадагы Абал жана Пайгамбарды (с.а.с.) Тосуп Алуу

Мадина Хижаз аймагындагы маанилүү шаарлардын бири болгон. Бул жерде жашагандар Бани Курайза, Бани Кайнука жана Бани Надир деген еврей уруулар менен Түштүк Арабистандан көчүп келген Авс жана Хазраж атуу арап уруулары болгон.

Авс жана Хазраж уруулары Мадинага келгенде, ал жердин жергиликтүү калкы болгон еврейлердин кол астында жашаган. Еврейлердин азабына дуушар болушуп, Гассанийлерден жардам сурашып, еврейлерге белгилүү убакка чейин үстөмдүк кылышкан. Бирок Авс менен Хазраждын ортосунда келишпестик болуп, согуш чыккан. Буас согушу алардын ортосундагы согуштардын бири б.э. Авс уруусунан бир адам Хазраж уруусуна баш калкалап барганда алар бул адамды өлтүрүп салгандан улам согуш башталып, Австердин жеңүүсү менен аяктайт. Бул согуш пайгамбар Мадинага көчпөй беш жыл мурда болгон. Мадиналык араптар пайгамбарга моюн сунууну кабыл кылгандан кийин, Мадинада мусулмандардын саны көбөйөт жана хижрат чечиминен кийин мусулмандар топ топ болуп Мадинага көчө баштайт. Акыркылардан болуп Аз. Мухаммед (с.а.с.) да жолго чыгат.

Мадиналыктар анын Меккеден жолго чыкканын угуп, ар күнү Меккеден келген жолоочулардын жолун кароо үчүн тоонун чокусуна чыгып аны күтүшөт. Бул жердин аты Саниййатул-Вадаа болгон. Узун убак күтүшкөндөн кийин Аз. Пайгамбардын келип жатканы көргөн мусулмандар сүйүнүчтөн улам ушул ыр саптарын ырдашат:


“Саниййатул-Ведаадан көтөрүлгөн ай бизге карай келди,

Аллахка чакыруу кылганда ыраазы болуу жана шугур кылуу бизге парз болду,

Эй бизге жөнөтүлгөн Аллахтын элчиси,

Баш ийип таазим кылчу ыйык буйрукту бизге жеткирдиң.”

Жаш кары дебей элдин баары ушул ыр саптарын ырдашкан. Эл арасында чоң кубаныч болгон жана ар бири пайгамбарды өз үйүндө конок кылууга чамынган. Пайгамбар (с.а.с.) болсо: “Менин төөмүн оозун бош койгула, ал жолун табат”, деп айтат. Төөсү эки жетим баланын багына келип чөгөт. Төө чөккөн жерге эң жакын жерде жашаган Абу Аюб ал-Ансари пайгамбардын (с.а.с.) буюмдарын үйүнө алып барат жана жаңы мечит салынып бүткөнгө чейин, пайгамбарыбызды жети ай конок кылат.



**Кезек Сизде**

Мадинадагы элдин Аз. Пайгамбарды кубанычта тосуп алуусунун себеби, Мадинада маданияттын жогору болгондугу болушу мүмкүнбү?

## Пайгамбар Мечитин Куруу; Социалдык Функциясы

Мадинада жасалган эң биринчи иш мечит куруу болгон. Аз. Пайгамбар жогоруда айтылгандай, аны конок кылгысы келгендерди таарынтпоо үчүн: “Төөмдү бош койгула; ал бизди Аллах ыраазы болчу жерге алып барат”, деп айткан. Төө чөккөн жердин ээси болгон эки жетим бала, бул жерди бекер берейли дегенде пайгамбарыбыз кабыл кылбаган. Ал жерди Аз. Абубакир сатып алат жана мечит ошол жерге салынат.

**Билесизби?**

Мечит салынып жатканда, Аз. Пайгамбар да эл менен бирге иштеген.

Мечиттин ичи үчүн кум, дубалы үчүн кирпич колдонулган. Түркүк үчүн курма дарагынан пайдаланылган жана үстү болсо курма дарагынын бутактары менен жабылган. Биринчи кыбыласы Иерусалимге карап турган бул мечиттин бир михрабы жана үч эшиги болгон. Мечиттин түштүк тарабындагы дубалдын жанында Суффа деген көлөкөлүү жер болгон. Суффа күндүз мектеп сыяктуу колдонулса, кечинде жатчу жер катары кембагалдар, бойдоктор, Мадинага келип окуган окуучулар тарабынан колдонулган. Бул жерде жашагандарга “Суффанын адамдары” деп айтылган. Суффада жашагандар негизинен кембагал адамдар болгондуктан, пайгамбар (с.а.с.) алардын муктаждыгын камсыздап жана байлар да аларга жардам берип турган.



Кыбыла Каабага карагандан кийин, мечиттин түштүк тарабындагы эшикти жабышып, түндүк тарабынан жаңы эшик ачышкан. Суффа да түштүк тараптан түндүк тарапка жылдырылган.

Мечиттин бийиктиги адамдын боюнан бираз бийик болгон. Масжид-и Набавий (Пайгамбар Мечити) курулуп бүткөндөн кийин Аз. Мухаммед (с.а.с.) Абу Эюбдун үйүнөн чыгып, мечиттин жанында үй-бүлөлүүлөр үчүн салынган жерде жашап калган.

Пайгамбар Мечити бир топ социалдык кызмат үчүн колдонулган. Биринчиси ибадат кылчу жер катары колдонулуусу болгон. Бул жерде мусулмандар беш убак намазды жана жума намазды кылуу үчүн топтолгон. Ошону менен бирге Аз. Пайгамбар таблиг (динге чакыруу) жасаган, агартуу иштери жасалган, маанилүү чечимдер кабыл алынган жана элчилер кабыл кылынган жер болгон.

Мечит курулгандан кийин, мусулмандардын намазга убагында жетип келүү маселеси каралган. Пайгамбар (с.а.с.) жоро жолдошторунун пикирин сураганда ар түрдүү ой пикир айтылган. Бирок пайгамбарга бул сунуштар жаккан эмес. Абдуллах бин Зайд деген сахаба азанды түшүндө көргөнүн пайгамбарга айтат. Ал макул болуп Билал-ы Хабашийге үйрөтүп, жыйынтыгында бүгүнкү азан айтыла баштайт. Пайгамбар Мечитинде азан айтуу үчүн өзүнчө орун даярдалган.

**Кезек Сизде**

Пайгамбар Мечитинин жанындагы Суффанын, окуучулар үчүн курулуусу Ислам дининин кайсыл өзгөчөлүгүн көрсөтүп турат?

## Мусулмандардын Бир Тууган Экенин  Жар Саалуу

Пайгамбар (с.а.с.) Мадинага баргандан беш айдан кийин, Меккеден келгендер (Мухажирлер) жана Мадиналыктарды (Ансар) топтоп чогулуш кылат. Бул чогулуштун максаты Меккеден Мадинага көчүп келген мусулмандардын материалдык жана моралдык жактан кыйналбай жашоосу үчүн кээ бир иш чараларды жасоону сунуштоо болгон. Аз. Пайгамбар Меккелик жана Мадиналык мусулмандарды биримдикке чакырып, Мухажир менен Ансарды бир тууган деп жарыялаган. Бул бир туугандык келишим боюнча, эки тарап бирге иштеп, түшкөн пайданы тең бөлүп, ал эле эмес бири бирине мурасчы деп каралган. Бирок бул келишимдин мураска тийешелүү жери, Бадр Согушунан кийин аян болгон Курандагы аят менен жокко чыгарылган:

“... Бири бирине мурасчы болгон туугандар, Аллахтын китеби боюнча бири бирине дагы да жакынырак ...” (Анфал, 8/75).

Эки тарап да бул сунушка макулдугун берип, Меккелик жана Мадиналык мусулмандар бири бири менен бир тууган деп тандалган.

Ушинтип Меккеге баардык байлыгын таштап, ыйманы үчүн көчүп келгендердин жүгү жеңилдеп, алар тынчтыкта жашоо үчүн маанилүү кадам жасалган. Ансар менен Мухажирдин бул туугандашуусунун натыйжасында мусулмандардын күчү арткан.



## Коомдук Иштер жана Тынчтыктын Орнотулуусу

Аз. Пайгамбар Мадинага көчүп баргандан кийин, Мадинадагы социалдык статус төмөндөгүчө калыптанган:

1-Мухажирлер: Меккеден Мадинага көчүп келген мусулмандар.

2-Ансар: Мадинанын Исламды кабыл кылган жергиликтүү Авс жана Хазраж калкы.

3-Еврейлер: Мадинанын жергиликтүү Бани Кайнука, Бани Надир жана Бани Курайза деген уруулары.

4-Мусулман боло элек арап уруулар.

Аз.Пайгамбар тууганадаштыруу жолу менен мусулмандардын ынтымагын бекемдеген болчу. Бирок  ал жерде  жашаган еврей  жана мусулман эмес  арaптар  менен  да келишим түзүп, шаардын тынчтыгын түптөп, алар менен да тынчтыкта жашоону каалаган. Мындан улам жоро жолдоштору менен да, мусулман эмес адамдар менен да чогулуш өткөргөн. Жыйынтыгында шаардын турмушун түптөө үчүн макулдашкан. Мадина коомун жаңыдан карыптандыруунун негиздерин  сүйлөшкөн. Бул келишим бири бири менен жана башкалар менен болчу карым катнашты, башкаруу жана укуктун түзүлүштү, адамдардын дин эркиндигин жана жоопкерчилигин камтыган.

Бул келишим менен бирге, еврейлер Меккедеги мушриктерге жардам берүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон. Мадинага душман кол салса мусулмандар менен еврейлер бирге согушмай болушкан. Келишимден улам мусулмандардын социалдык жана укуктук мүмкүнчүлүктөрү артып, еврейлердин да дин эркиндиги, жаны жана мал-жандыгы коргоого алынган. Ушинтип Мадинага тынчтык орнотулган.

**Кезек Сизде**

Аз. Пайгамбардын мусулмандар жана мусулман эместер менен кылган иш-чараларынын негизги максаты эмне болгон?

## 2 Мушриктер менен Болгон Байланыш

### Мушриктер менен Болгон Согуштар

### Бедир Согушу



Мусулмандар менен Меккедеги мушриктердин ортосундагы биринчи согуш Бадр деген жерде болгон. Бадр Мадинанын 160 км түштүк-батышында, Кызыл деңизге 30 км жакын жерде жайгашкан. Мекке-Мадина жолунун Сирия censor кербен жолу менен кесилишкен жери б.э. Бадрдеги кудуктар ал убакта кербендердин эс алуу жайы болгон.

Бадрдагы согуш, мусулмандар Мадинага көчкөндөн кийин, Меккедеги мушриктердин зулумдук кылуусунан улам келип чыккан. Меккедеги мусулмандарга жасалган зулумдук, Аз. Пайгамбарды өлтүрүүгө аракет кылуу сыяктуу окуялар, мусулмандардын өз жерин таштап кетүүгө мажбур кылган болчу. Курайш уруусунун мушриктери мусулмандарды Мадинада да тынч коюшкан эмес. Мындан улам мусулмандар да өздөрүн коруунун камын көрө баштайт.

Абу Суфян Мадиналыктарга кат жазып, Аз. Пайгамбарды коргогондугу үчүн аларды жемелеген. Мындан Меккеликтердин Мадиналыктарга бир топ экономикалык запкы урууга нийеттенгенин көрсө болот. Аз. Пайгамбар бул нерсени алдын ала сезип, Мадинада түптөлгөн келишимди корууга аракет кылган. Мындан улам Мадинага келгенден бир жылдан кийин, мусулмандардын көзөмөлүндөгү жолдорду Курайш уруусунун кербени колдонбошу керек экендигин эскертүү үчүн, аскерлерден түзүлгөн чакан топту Меккеге жөнөтөт.

Хижраттын 2-жылы Курайш уруусу чоң кербенди Абу Суфянга тапшырып Сирияга жөнөтүшөт. Пайгамбар (с.а.с.) мунун кабарын угат. Сахабаны топтоп, кербен Меккеге кайтып жатканда, Бедирде токтотуу үчүн даярдык кылгыла деп буйрук кылат.

Аллахтын элчиси кербендин кайтканын укканда, 624-жылы 9-мартта (хижраттын 2-ж., 12-рамазан) Бадрга карай жөнөйт. Мадинага өз ордуна өкүл кылып Абдуллах бин Умму Мектумду калтырат. 305 адамдан турган мусулман жоокерлердин 70ке жакын төөсү жана 2 аты болгон. Бул учурда Абу Суфян да Аз. Мухаммеддин аны карай келе жатканын угат. Ал Дамдам бин Амр деген кишини Меккеге жөнөтүп жардам сурайт. Өзү болсо тузактан кутулуу үчүн Бедирге тийбей, аз колдонулган башка жол менен Меккеге карай сапарын улантат.

Меккеликтер Абу Жахил колбашжылык кылган 1000ге жакын аскер, 100 ат жана 700гө жакын төө менен дароо Бадрга карай аттанышат.

Абу Суфян кербенди куткарганын айтып, артка кайткыла деп кабар жөнөтсө да Абу Жахил жолунан кайтпайт. Эки тараптын жоокерлери бири биринен кабарсыз Бадрге келишет. Куранда бул абал мындайча айтылат:

“Силер колоттун (Мадинага) жакын тарабында; алар узак тарабында, кербен болсо силердин төмөн жагыңарда болчу. (Алар эсеп жагынан силерден көп болчу), эгер жолугуу үчүн келишим кылганынарда (абалды көрүп), келишимден баш тартат элеңер (согуштан качып). Бирок Аллах болотурган ишти (момундардын жеңишин) ишке ашыруу үчүн ушундай кылганынын себеби, өлгөн адам так далил менен өлүп, тирүү калган адам да так далил менен жашоосу үчүн болгон. Шексиз Аллах, албетте угуучу жана билүүчү” (Анфал, 8/42).

624-жылы 14-мартта (хижраттын 2-ж, 17-рамазан) жума күнү эрте менен эки тарап Бадрды карай келет. Мусулмандар Бадрдагы кудуктарга биринчи болуп жетишет. Бир кудуктан башкасын кум менен жаап салышат. Согушка даярдыгын бүтүрүп, Аз. Пайгамбар Аллахка мындайча дуба кылат:

“Ээй Раббим! Курайш уруусу текебердик менен бул жерге келип, сага каршы чыгып жатат. Пайгамбарыңа да ишенбей жатат. Эй Раббим! Пайгамбарларыңа сөз бергендей мага да жеңишти насип кылгын. Аллахым! Эгер сен алакандай мусулманды жок кылсаң анда сага таазим кылчу адам калбай калат” (Ибн-ул-Асир, ал-Камил, II, 122-123).

Согуш араптардын салты боюнча жекеме жекеге чыгуу менен башталып, акырындан майдан согушуна айланат. 4-5 саатка созулган согушта мусулмандар женишке жетишет. Курайш уруусунун 70 адамы өлүп, 70ке жакынын мусулмандар колго түшүрөт. Мусулмандардын арасынан 14 адам шейит болот.

Мусулмандардын аз адам менен жеңишке жетүүсүнүн себеби, сабырдуулук жана Аллахтын периштелер аркылуу мусулмандарга жардам бергендигинде жатат. Куранда бул учур төмөндөгүчө айтылат:

“Ант болсун, алсырап калганыңарда, Аллах Бадрда силерге жардам кылды. Аллахтан корксоңор, шүгүр кыла аласыңар. Ыймандууларга: Раббиңердин силерге үч миң периште жөнөтүп жардам кылуусу силерге жетпейби?, деген болчусуң” (Аал-и Имран, 3/123-124).

Согуштан кийин колго түшкөндөр менен бирге Мадинага карай жолго чыгышат. Аз. Пайгамбар колго түшкөндөргө жакшы мамиле кылууну буйрук кылып, аларды коргойт. Колго түшкөндөр менен сүйлөшүп, кун төлөгөндөрдү бошотушат. Сабаттуу болгон бирок кун төлөй албагандарды, он мусулман балага окуп жазганды үйрөтсө бошотоорун айтат.

Бедир согушу мусулмандардын Меккеликтер менен болгон биринчи согушу жана жеңиши болчу. Бул жеңиш мусулмандардын күчүнө күч кошкон.

## Ухуд Согушу

Меккелик мушриктер Бедир согушунда бир топ жакын адамын жоготкондуктан, өч алууну чечишет. Абу Суфянга кербенден түшкөн пайданы мусулмандарга каршы согушка жумшоону сунушташат. Абу Суфян да алар менен пикирдеш экендигин айтып, бул сунушту кабыл кылат. Меккелик мушриктер Бадрдын өчүн алуу менен бирге алар үчүн маанилүү болгон Сирия соода жолун ачууну каалаган.

Мушриктер күч топтоо үчүн Меккенин жан жакасындагы уруулардан акча төлөп аскер топтой баштайт. Жыйынтыгында 700ү соотчон болгон 3000 адамдан турган армия 200 ат жана 3000 төө менен, Абу Суфян кол башчылык кылып Мадинага карай жортуулга чыгат. Аз. Пайгамбар душмандын Мадинага карай келе жатканын укканда, кандай ыкма колдонууну чечүү үчүн сахабаны топтойт. Кээ бирлери Мадинанын сыртына чыкпай коргонууну, кээ бирлери болсо шаардын сыртына чыгып душман менен бетме бет согушууну сунуштайт. Аз. Пайгамбар шаардан чыкпай согушууну каалаган. Бирок Бедир согушуна катышпаган жаштар менен авасы Аз. Хамза майданда согушууну талап кылышкандыктан, Аз. Пайгамбар да соотун кийип, кылычын оронуп, бөркүн кийет. Мадинага өз ордуна өкүл кылып Абдуллах бин Умму Мектумду калтырып, 1000 адамдан турган армия менен жолго чыгат. Жолдо ага кошулгусу келген 600 еврейди кошпой коёт. Жолдо баратканда Абдуллах бин Убай “мен ачык жерде согушууга каршы болчум, Мухаммед бала-чаканын сөзүн угуп биздин сөзүбүздү укпады”, деп 300 адамы менен бирге кайтып кетет.

Мусулмандар 625-жылы 25-январда (хижраттын 3-ж, 11-шеввал) ишемби күнү Ухуд тоосуна жетип барат.

Аз. Мухаммед (с.а.с.) жоокерлерди Ухуд тоосунун бооруна согуштук тартип менен жайгаштырып, байракты Муса бин Умайрга берет. Зубайр бин Аввам соот кийинген аскер бөлүгүнө, Аз. Хамза болсо калган аскерлерге колбашчы болуп дайындалат. Аз. Пайгамбар душмандын аркадан кол салуусун эске алып, Абдуллах бин Жубайрды 50

окчу менен Айнайн кечитине жайгаштырып, душман жеңсе да жеңилсе да буйрук келмейинче орундарынан жылбоону буйрук кылат.


Айнайн кечити

Согуш башталары менен мусулмандар мушриктерди ыдыратып салат. Бирок мусулмандар биз жеңдик деп ойлоп, олжо топтоого шашат. Айнайн кечитиндеги окчулар да жеңишке жеттик деп ойлоп, буйрукту күтпөй, турган ордун таштап олжого чуркайт. Мусулмандарга арка тараптан кол салуу үчүн аңдып турган Халид бин Валид мындан пайдаланат. Ордунан жылбаган Абдуллах бин Жубайр менен 10 окчу шейит болгон. Халид бин Валид андан соң олжо топтоо менен алек болгон мусулмандарга кол салат. Муну көргөн берки мушриктер да кайрадан чабуулга өтүп, мусулмандар кыйын абалда калат. Аз. Хамза да Вахши бин Харптын колунан шейит болот. Ибн Каима аттуу адам болсо пайгамбарыбыздын жүзүн жаралайт жана туулгасы бөлүнүп калат. Ага ыргытылган таш эриндерин жарып, бир тиши сынат. Ушул учурда мусулмандарды коопко салган окуя болот. Абдуллах бин Камиа Мусаб бин Умайрди өлтүрүп, аны пайгамбарга окшотуп: “Мухаммедди өлтүрдүм,” деп кыйкыра баштайт. Бул кабар мусулмандардын үрөөйүн учуруп тынчын алат. Жалган кабар экендиги билингенде гана тынчтанышат.

Согуш бүткөндөн кийин, Абу Суфяндын Хинд деген аялы, Вахши деген кулуна Аз. Хамзанын боорун чыгартып алып чайнап жейт. Сүйүктүү пайгамбарыбыз авасын жакшы көргөндүктөн, кийин Вахши мусулман болгондо, аны көргөндө ал окуяны эстеткендиги үчүн, Вахшиге көзүнө көрүнбөй узак жүрүүсүн айтат.

Жыйынтыктап айтканда бул согуш аябай оор болот. Мусулмандардын 70 жоокери шейит болот, мушриктердин 23 адамы өлөт.

Меккелик мушриктер мусулмандардын аркасынан сая түшүп согушушпайт. Акырында Абу Суфян согуш майданын айланып көрүп, андан ары кетип калат.

Аз. Пайгамбар шейиттерди көмүп бүтүп, ошол күнү Мадинага кайтат. Бирок Курайш уруусу кайра келиши мүмкүн деп шектенип, эртеси күнү аларды күзөтүү үчүн 500 жоокерди жанына алып, Мадинага 16 км узактагы Хамраул-Асадга чейин барып, беш күн бою күзөтчүлүк кылат.

Кечинде эсебибиз көп көрүнсүн деп миңдеген от жагышат. Бул сапарга Хамрауль-Асад деген ат берилет.

## Аң Казуу (Хандак) Согушу

Мушриктер менен болгон согуштардын бирөөсү Аң Казуу Согушу б.э. Бул согуштун минтип аталышына, шаардын четине 5 км узундукта аң казылуусу себеп болсо да, бул согушта түрдүү топтор биргелешип мусулмандарга кол салышкандыгы үчүн Ахзаб Согушу деп да аталат.



Аң Казуу Согушунун негизги себеби, еврейлердин Меккелик мушриктерди согушка үгүттөгөндүгү болгон. Окуя мындайча башталган: Жогоруда айтылгандай пайгамбар Мадинага көчкөндөн кийин, ал жердеги жергиликтүү еврей уруулары менен келишим түзүп, шаарды бирге коргоону жана мушриктер менен мамиле кылбоону чечишкен болчу. Еврейлердин Бани Надир жана Бани Кайнука уруусу бул келишимди көп өтпөй бузуп, Меккедеги мушриктер менен мамиле кыла баштайт. Бани Надир пайгамбарга кол салгандан кийин келишим биротоло бузулуп, Бани Кайнука жана Бани Надир Мадинадан куулган. Мадинадан куулган еврейлердин бир бөлүгү Хайбарге жайгашкан. Мусулмандарга каршы биригүүнү көздөгөн Бани Надирдин башчылары Меккеге барып, Курайш мушриктерин согушка үгүттөшөт. Абу Суфян алардын бул аракетин кубаттап, ага кошо Гатафан, Сулайм, Асад, Фазара, Мурра жана Ашча сыяктуу мушрик арап урууларына да барышып, убада беришип аларды да согушка чакырышкан.

Жыйынтыгында еврейлер, Курайш жана мушрик арап урууларынын кээ бирлери мусулмандарга каршы күч топтогон. Меккеден жана Меккенин айланасынан 4000 адам топтолот. Жолдо баратып кошулгандар менен бирге алардын саны 10000ге жеткен.

Аз. Пайгамбарга бул кабарды, Меккенин жанында жашаган Хузаа деген дос уруудан келген кабарчыдан угат. Кабарды уккандан кийин сахабаны топтоп, кантип согушуу керектигин ойлонуштурат. Жыйынтыгында шаардан чыкпай коргонууга чечим кылышат.

Ирандык сахаба Салман Фарисий, Мадинанын түндүк тарабына аң казууну сунуштайт. Салман Фарисий Иранда шаарды душман курчаганда, душмандын бир гана түнкү кол салуусунан эле эмес, душмандын аттуу күчтөрүнөн да коргонуу үчүн шаардын айланасына аң казышкандыгы тууралуу тажрыйбасын айтат. Бул пикир кабыл алынып, дароо аң казууну башташат.

Аңдын узундугу 5.5 км, эни 9 м, тереңдиги болсо 4.5 м тегерегинде болгондугу айтылып келет.

Душман жоокерлери Мадинага келгенде аңды казып бүтүшкөн болот. Мушриктер аңды көрүп таңыркашып, Курайш жоокеринин аз сандагы адамы аңдан ары өтө алса да, мусулмандардын коргонуусунан эч ким өтө албаган. Шаарды курчоого алуу барган сайын узай баштайт. Мушриктердин азык түлүгү азайып, кыйын абалга дуушар болушат. Мындан улам кээ бирлери артка кайтууну көздөй баштайт. Бул болсо мушриктердин шаштысын алып, бир тараптан аңдан өтүү аракетин кылса, бир тараптан Мадинада жашаган Бани Курайза еврейлерин үгүттөп, мусулмандарды эки тараптан кысымга алууга аракет кыла баштушат. Мадинаны курчоого алуунун себепкери болгон Хувай бин Ахтаб деген еврей, Бани Курайза еврейлеринин башчысы Каб бин Асадга барып, аны мушриктер менен биригүүгө жана мусулмандарга каршы согушууга көндүрүүгө аракет жасаган.

Каб бин Асад биринчи Аз. Пайгамбар менен түзгөн келишимди айтып макул болбосо да, мажбурлоодон улам анын сунушун кабыл кылып, келишим барагын жыртып салган. Бул нерсе мусулмандарды оор абалга калтырган. Аз. Пайгамбар Бани Курайзанын келишимди бузганын укканда, анығын билүү үчүн, Сад бин Муаз менен Сад бин Убада баш болгон топту Бани Курайза еврейлерине жөнөтөт. Бул топ аларды келишимди кайра түптөөгө чакырат. Бирок алар муну четке кагат. Акыбал Аз. Пайгамбарга билдирилет. Ал мусулмандарды Курайзадан коргоонун жолдорун караштыра баштайт.

Бул учурда бир окуя болуп, кыйын абалдагы мусулмандарды сүйүнтүп үмүттөндүрөт. Мушрик армиянын катарындагы Эшча уруусунун башчысы Нуайм бин Месуд Исламды кабыл кылып, жашыруун түрдө Аз. Пайгамбардын жанына келет. Исламды кабыл кылгандыгынан мушриктердин кабары жок экендигин жана мусулмандарга жардам кыла аларын айтат. Аз. Пайгамбар андан мусулман болгондугун жашырууну талап кылат жана “Бизден узакташ, себеби согуш бул куулук” (Ибн-ул-Асир, ал-Кабил, II, 182), деп айтып ага ыкма үйрөтүп жөнөтөт. Нуайм Бани Курайзага барып: “Курайш кайра Меккеге кайтканда, мусулмандар Бани Курайзага өтө оор жаза беришет”, дейт. Курайштын аларды мусулмандардын колуна жалгыз таштап кетпөөсүнө ишенүү үчүн, Курайштын таанымал адамдарынан бирөөнү барымтага алууну суроосун сунуштаган. Нуайм ал жерден Курайшка барып, Бани Курайзанын мусулмандар менен тымызын келишим түзгөнүн жана алардын арасынан бирөөнү барымтага алуу үчүн суранарын жана аны Аз. Мухаммедке тапшырарын айтып, еврейлерге этият мамиле кылуусун айтат. Көп өтпөй Бани Курайза алардан барымтага алуу үчүн адам сураганда, Нуаймдын сөздөрүнүн чын экендигине ишенип калышат. Еврейлерге кабар жөнөтүп, аларга эч кимди беришпестигин айтышат. Мындан улам Курайза да Курайш жалган сүйлөп жатат деп ойлоп калат.

Эки тарап бири бирин кыянатчылык менен айыптайт. Ушинтип еврейлер менен мушриктердин ынтымагы бат эле ыдырай баштайт. Бул убакта зилкада айы жакындап, бул ай арам (согушуу арам болгон ай) ай болгондуктан, Меккеде ажылык убагы

башталайын деп калган болчу. Мындан улам Курайш уруусу Меккеге кайтмай болот. Ушул учурда күтүлбөгөн жерден бороон болуп, мушриктердин шаштысын алат. Куранда бул абал мындайча айтылат:

"Ээй ыймандуулар! Аллах силерге берген ырыскыны эстегиле; силерге душман келген болчу, биз да аларга бороон жана көзгө көрүнбөгөн жоокерлерди жөнөттүк. Аллах кылган ишиңерди көрүп турган" (Ахзаб, 33/9).

Абу Суфян бороондон кийин аскерлерди топтоп курчоонун аяктагандыгын айтат. Мушриктер курчоону токтоткон соң, Аз. Пайгамбар да мусулмандарга үйлөрүнө тароо үчүн жооп берет.

Согуш 627-жылы 1-январда (хижраттын 5-ж, 7-шеввал) башталып 23 күндөн кийин, ушул жылы 24-январда (хижраттын 5-ж, 1-зилкада) аяктаган.

Аң Казуу Согушу мушриктердин ыдырап тароосу менен аяктаган. Бул согушта алты мусулман шейит болуп, мушриктердин үч адамы өлгөн.

Мушриктердин жеңилүүсү Ислам дининин арап урууларынын арасында жайылуусуна себеп болгон.



Бул согуштун натыйжасын карап, Аз. Пайгамбардын согуштук ыкманы жакшы билгендигин көрсө болот.

**Кезек Сизде**

Мушриктер менен болгон согушта пайгамбар кайсыл негиздерге таянган?

## Тынчтык Убагы: Худайбия Келишими

Аң Казуу Согушунан бир канча айдан кийин, хижраттын 6-жылы, Аз. Пайгамбар түшүндө Каабаны таваф кылып жатканын көрөт. Бул түшүн сахабага айтып, умрага барууга камданат.

Хижраттын 6-жылы зилкаада айында даярдык кылып, сапарга аттанат. Пайгамбар (с.а.с.) Мадинага өз ордуна өкүл кылып Абдуллах бин Умму Мектумду калтырып, өзү 1500 сахаба менен жолго чыгат. Максаты Каабаны зыярат кылуу болгон. Ниеттерин билдирүү үчүн Мадинадан көп узабай ихрам (ажы-умра кийими) кийип, жандарына чакан курал жарактарын гана алып, курмандык үчүн 70 төөнү жетелеп жөнөшөт.

Меккеликтер бул зыяраттан кооптонуп, шек санашат. Мындан улам мусулмандарды Меккеге киргизбей аркага кайтаруунун жолун издешет. Меккеликтер Халид бин Валид менен Икрима бин Абу Жахилди чакан аскер тобу менен, мусулмандарды

көзөмөлдөө үчүн жөнөтүшөт. Бирок мусулмандар башка жол менен Меккеге 17км узак жердеги Худайбия деген аймака барышат.

Маселени чечүү үчүн эки тарап бири бирине элчи жөнөтөт. Курайш уруусу мусулмандардын чыныгы нийетин билүү үчүн, Хузаа уруусунун өкүлдөрү менен бирге Будайл бин Барканы элчи кылып жөнөтөт. Пайгамбар (с.а.с.) ага согуш үчүн эмес, Каабаны зыярат кылуу үчүн келишкенин Курайшка айтуусун өтүнөт. Өздөрүнөн болсо Хыраш бин Умайяны, бир гана умра үчүн келишкендигин, Каабаны зыярат кылып кайра кетишерин жана согушуу нийети жок экендигин айтуусу үчүн Меккеге жөнөтүшөт. Бирок Меккеликтер элчиге жаман мамиле кылышат. Ал келип Аз. Пайгабарга көргөн жамандыгын айтат.

Аз. Пайгамбар мындан кийин элчи кылып Аз. Умарды жөнөткүсү келген. Аз. Умар болсо Меккеде аны коргой турган эч ким жок экендигин жана Курайштын ага болгон душмандыгын айтып элчи болуудан баш тартып, ордуна Аз. Усмандын баруусун сунуштайт. Аз. Пайгамбар макул болуп, Аз. Усманды Меккеге элчи кылып жөнөтөт. Меккеликтер ага бул зыяратка жол берилбестигин, бирок Каабаны өзү жалгыз таваф кылгысы келсе уруксат берилерин айтышат. Аз. Усман муну кабыл кылбайт. Меккеликтер ачуусу келип аны камап коюшат. Бул учурда мусулмандарга Аз. Усмандын өлтүрүлгөндүгү тууралуу жалган кабар жетет. Мындан улам Аз. Пайгамбар мушриктер менен согушуу үчүн сахабалардын ант ичүүсүн талап кылат. Худайбияда коноктоп жатышкан жердеги дарактын түбүндө сахабаларды “өлгөнгө чейин” согушууга ант ичирет. Бул окуя “Баятур-Рыдван” д.а. Куранда бул окуя мындайча айтылат:

“Ээй Мухаммед! Ыймандуулар дарактын түбүндө сага ант ичишкен учурда, Аллах алардан ыраазы болгон. Көңүлдөгү нерселерди да билип, аларга ишеним берип, аларга жеңиш жана бир топ олжо насип кылган. Аллах кудуреттүү жана өкүмдүү зат” (Фетих, 48/18-19).

Меккеликтер бул ант ичүүдөн кабардар болуп, корккондуктан Аз. Усманды камактан бошотушат. Аркасынан Сухайл бин Амр, Хувайтыб бин Абдулузза жана Микраз бин Хафстан турган топту, тынчтык келишими үчүн Худайбияга жөнөтүшөт. Эки тараптын сүйлөшүүсүнүн натыйжасында Худайбия Келишими түзүлөт. Бул келишимде төмөндөгүчө жазылган;

1-Мусулмандар бул жылы Каабаны зыярат кылбай аркага кайтат, бирок кийинки жылы 3 күндүк зыяратка келе алат. Бул үч күндүк зыяратта эч бир Меккелик алар менен байланышпайт. Каабага келип жатканда жандарына жолоочу куралын гана ала алат.

2-Арап уруулары кааласа Курайш менен, кааласа Аз. Мухаммед менен келишим түзө алат.

3-Меккеге баш калкалап келген Мадиналык мусулмандардын эч бири кайра тапшырылбайт. Бирок Курайштын арасынан бир мусулман, мусулмандарга баш калкалап барса ал кабыл кылынбайт.

4-Ажылык жана умра максатында Меккеге келгендердин же болбосо Йемен жана Таифке баруу үчүн бул жолдон өткөндөрдүн жана Сирияга же Чыгыш тарапка баруу үчүн Мадинага учурагандардын коопсуздугу сакталат.

5-Бул келишим 10 жылга чейин күчүн коргойт. Бул убакытта Курайш мусулмандарга, мусулмандар Курайшка кол салбайт. Бул эки тараптын союздаштарын да камтыйт.

Келишим түзүлгөндөн кийин, келишимге аттарын жазып жатканда келишпестик болот. Аз. Пайгамбар келишим баракчасына "Аллахтын элчиси Мухаммед" деп жазуусуна мушриктер каршы чыгып, "Абдуллахтын уулу Мухаммед" деп жазганда гана макул болушат.

Келишпестиктердин бирөөсү Меккеликтер "бисмиллахир-рахманир-рахим" деп жазуунун ордуна, алардагы салт боюнча "бисмикаллахумма" деп жазганда болгон. Аз. Пайгамбар бул сөз динге тескери сөз эмес деп, минтип жазылуусуна макулдугун берген. Бул келишимди Аз. Али жазып, эки барак кылып даярдап, эки тараптын өкүлдөрү кол коюшкан.



Келишимден көп өтпөй Курайш өкүлүнүн башчысы болгон Сухайл бин Амрдын уулу Абу Жандал, мусулман болгондугу үчүн камалган жерден качып, мусулмандарга баш калкалап барат. Бирок келишим боюнча ал кайра атасына тапшырылат.

Ажылык кылбай кайра кайтуу, баш калкалап баргандарды бир тараптын гана кайра тапшыруусу, "Расулуллах" сөзүнүн келишимден чыгарылуусу сахабанын маанайын чөктүргөн. Аз. Пайгамбар досторунун көңүлүн көтөрүп, бул келишим алар үчүн жоготуу болбостугун, тескерисинче келечекте алар үчүн пайда алып келерин айтат. Худайбия Келишими чындыгында мусулмандардын зыянына чечилгендей көрүнсө да, Исламдын тез жайылуусуна өбөлгө болгон.

Мусулмандар Худайбияда он күндөй коноктоп, келишимден кийин Мадинага кайтат. Кийинки жылы 2000 мусулман Кааба зыяратын кыйынчылыгы жок орундатат.

# 3 Еврейлер менен Болгон Байланыш

Мусулмандар менен еврейлердин ортосундагы социалдык, саясий жана маданий карым катнаш, мусулмандар Меккеден Мадинага көчүп барганда башталган. Аз. Пайгамбар Мадинага көчүп баргандан кийин жергиликтүү еврейлердин башчылары менен келишим түзүп, бул келишим аркылуу мусулмандар менен еврейлердин ортосунда тынчтык орнотуу үчүн кадам таштаган.

Еврейлер алгачкы убактан бери Мадина менен Сирияны карай кеткен жолду жолдой жашап келишкен. Элдин көптүгү, байлыгы, эгин тегин жана соодадагы ийгиликтери; бир пайгамбарга (Аз. Муса) жана ал пайгамбарга келген китепке ыйман кылышкандыгы үчүн өздөрүн башкалардан жогору көрүшкөн. Мындан улам бир жерде жашаса да башкаларга үстөмдүк кылып турушкан.

Аз. Пайгамбар Мадинага жаңы келгенде эле алар менен келишим түзүп, диний эркиндик сыяктуу негизги эркиндиктери коргоого алган. Авс жана Хазраж уруулары менен түзүлгөн келишимди бузбай, кыянатчылык кылбай, душманга жардам бербей жана эч кимдин акысын жебей, Мадинадагы ордун коргой алган. Бирок еврейлер Аз. Пайгамбардын Мадинада күчтөнүүсүнөн жана Ислам дининин күн өткөн сайын жайылуусунан коркуп, ээлик кылган күчтөрүн жоготуудан чоочуй башташкан.

Аз. Пайгамбар аларды кээде Исламга чакырып турган. Бирок алар Исламга кылынган чакырууну четке кагышкан жана пайгамбарга кек санай башташкан. Муну менен эле чектелбей мусулмандарга түрдүү жалаа жабышкан.

Мусулмандар менен түзгөн келишимди биринчилерден болуп еврейлердин Бани Кайнука уруусу бузган. Кайнук уулдары Бадр Согушунан кийин мусулмандар жеткен ийгиликти кемсинтишип, бул жеңиштин себебин Курайштын согуштук ыкманы билбөөсүнө жорушкан.

Бир күнү ансар аял Кайнука уулдарынын базарына барат. Дүкөндөгү еврей ал аялдын көйнөгүн ага көрсөтпөй бир жерге байлап коёт. Аял ордуна турганда кийими чечилип, еврейлер аны шылдыңдап күлүшөт. Аял ыйлап жатканда ал жерден өтүп бараткан бир мусулман, аялдын көйнөгүн байлаган еврей менен мушташа кетип еврейди өлтүрүп коёт. Ал жердеги еврейлер болсо аны шейит кылышат.

Еврейлер келишимди бузганын айтып согушка даярданышат. Аз. Пайгамбар алар менен сүйлөшүп, бул иштин аягы жакшылык менен бүтпөстүгүн эскертсе да пикирлерин өзгөртүшпөгөн.

Мындан улам Аз. Пайгамбар 624-жылы март-апрель айында Кайнука уулдарын курчоого алат. Кайнука уулдары чепке бекинишет. Мусулмандар аларды 15 күн бою курчоого алгандыктан, Кайнука еврейлери үмүтүн жогото баштайт. Натыйжада Аз. Пайгамбар кылчу чечимге ыраазы болушуп, чептен чыгып мусулмандарга багынышат.

Кайнук ууладарынын эски союздашы Абдуллах бин Убай, Аз. Пайгамбардан аларды кечирүүсүн өтүнөт. Аз. Пайгамбар алардын Мадинадан чыгып кетүүсүн талап кылат. Кайнук уулдары мал жандыгын жана курал жарагын таштап Мадинадан кетишет. Сирия жакта Азриат деген жерге барып отурукташат.

Мусулмандар менен еврейлердин ортосундагы келишимде эки тарап бири бирине материалдык жактан жардам берүүнү макулдашкан болчу. Бир мусулман кокустуктун айынан эки еврейди өлтүрүп коёт. Мусулмандар алардын кунун төлөп берүүгө тийиш болгондуктан, Аз. Пайгамбар келишимдин талабын орундатуу үчүн Надир уулдарын да чакырып, өлгөн еврейлердин айылына барат. Надир уулдары биринчи Аз. Пайгамбарга жакшы мамиле кылып, кунду бирге төлөөгө макул болушат. Бирок Аз. Мухаммед (с.а.с.) сахаба менен бирге дубалдын түбүндө, көлөкөдө отурган кезде үстүнө таш кулатып аны өлтүрүүнү көздөшөт. Аз. Пайгамбар муну сезип ордунан туруп кетип калган. Мусулмандарга Надир уулдары аны өлтүрүүгө аракет кылышкандыгын айтып, аларга каршы согушууга даярдангыла деп буйрук кылат. Мухаммед бин Меслемени Надир уулдарына жөнөтүп, кылган кыянатчылыгын эскертип, 10 күндүн ичинде Мадинадан чыгып кетүүнү талап кылат. Көчүп кетүүгө макул болушса да, Абдуллах бин Убайдын жардам берүү сөзүнө ишенишип, көчүп кетүүдөн баш тартышат. Аз. Пайгамбар жоокерлери менен бирге, 625-жылы 29-июнда (хижраттын 4-ж, 18-рабиулаввал) Надир уулдарын курчоого алып, алгач келишим түзүүгө чакырган. Бирок еврейлер муну кабыл кылышпай, мусулмандарга ок атып таш ыргыта баштаган. Курчоо 15 күнгө созулат. Бани Надир уруусу Абдуллах бин Убайдын сөзүндө турбагандыгы жана Бани Курайза еврейлери жардамга келбегендиги үчүн аргасыздан Мадинадан кетүүгө мажбур болушкан.



Курал жарактарын таштап, мал жандыгын төөлөргө жүктөп, үй-бүлөлөрү менен бирге Мадинадан кетишкен. Көпчүлүгү Хайбарге жайгашкан. Бир бөлүгү Сирияга кетишкен. Уруунун башчысы Хувай бин Ахтаб үй-бүлөсүн Хайбарга таштап, өзү Курайш мушриктерин Аз. Пайгамбарга каршы үгүттөө үчүн Меккеге жөнөйт. Аң Казуу Согушу алардын ушул сыяктуу үгүтүнөн улам чыккан болчу.

Бани Кайнука менен Бани Надир Мадинадан куулгандан кийин, шаарда бир гана Бани Курайза калган. Бани Курайза Аң Казуу Согушунда, Бани Надирдин башчысы Хувай бин Ахтабдын күшкүштөөсүнөн улам, мусулмандар оор абалда турган кезде чыккынчылык кылышкан. Аз. Пайгамбардын чыккынчылыктан баш тарткыла деген чакыруусуна кулак салышкан эмес.

Аң Казуу Согушунан кийин Аз. Пайгамбар дароо Бани Курайза уруусуна согуш жарыялап, чепти курчайт. Мусулмандар аларга Исламды кабыл кылууну сунуштайт. Алар муну четке кагышат. Курчоого алуу көпкө созулуп, еврейлер айласыздан багынышат. Бойго жеткен эркектер өлтүрүлөт. Аялдар менен жаш балдар туткундалат. Мал жандыктары олжо катары алардан алынат.

Бани Курайза маселеси бүткөндөн кийин, Мадина шаары келишимди бузган еврейлердин душмандыгынан кутулса да, мусулмандар толук түрдө коопсуздукка жетишкен эмес.

Хайбар еврейлери Бани Курайза окуясынын кабарын уккандан кийин Хайбар, Тейма, Федек жана Вадиль-Кура еврейлери биригип, Мадинага кол салууга даярданышат. Аз. Пайгамбар бул кабарды угары менен, чын жалганын билүү үчүн, хижраттын 6-жылы рамазан айында, Абдуллах бин Реваха башында турган топту Хайбарга жөнөткөн. Бул топ кабардын чын экендигин айтып келишет. Аз. Пайгамбар 2000 аскерден турган күч топтоп, жижраттын 7-жылы мухаррам айында Мадинадан сапарга аттанган. Үч күн жол басып, Мадинага 150 км узактагы Хайбарга жетип барышкан. Аз. Пайгамбар аларга Исламды кабыл кылууну же болбосо тынчтык келишимин түзүүнү сунуштайт. Бирок алар буга макул болушпайт. Еврейлер жыйырма күнгө созулган курчоодо өздөрүн бар күчү менен коргосо да, чеп урап кулап, акырында Хайбар басып алынган.

Аз. Мухаммед Хайбардын жерлерине эгин эгилүүсүн жана топтолгон эгиндин жарымы мусулмандарга берилүүсүн буйрук кылып еврейлерди бошоткон. Мындан келген пайдадан улам мусулмандардын экономикалык күчү арткан.

Аз. Пайгамбар Хайбарды басып алгандан бир эки күндөн кийин аны өлтүрүүгө аракет кылышат. Еврей уруу башчысынын Зайнап деген кызы аны уулаганга аракет кылган. Бирок бул чыккынчылык ишке ашкан эмес. Хайбар басып алынганда чоң өлчөмдө олжо жана туткун колго түшкөн. Пайгамбар туткундардын арасынан еврейлердин Хувей бин Ахтаб деген башчысынын Сафия деген кызын бошотуп ага үйлөнгөн.

Аз. Пайгамбар Хайбарды чаап алгандан кийин, еврейлер жашаган Вадил-Кура деген жерди да басып алган. Аларга да Хайбардагыдай кылып, топтолгон эгиндин жарымын мусулмандарга берүүнү талап кылган. Хайбар кулагандан кийин Фадак еврейлери тынчтык жарыялоону сунуштаган. Ушинтип еврейлердин күчү азайтылган.



# 4 Христиандар менен Болгон Байланыш

Мусулмандар тээ баштан бери христиандар менен тыгыз байланышта болушкан. Бирок мусулмандар менен христиандардын биринчи жолу бет маңдай келүүсү мындайча болот. Аз. Пайгамбар кат жазып, Харис бин Умайр ал-Аздини Византиянын карамагындагы Бусра шаарынын губернаторуна жөнөтөт. Элчи Муте шаарына жеткенде, Византиянын Шурах бин Амр ал-Гассаний атту башка губернатору тарабынан өлтүрүлөт.

Аз. Пайгамбар тез арада 3000 аскер топтоп, Зайд бин Харисе, Жафар бин Абу Талиб жана Абдуллах бин Реваханы армиянын колбашчысы кылып шайлап жөнөтөт. Бусранын губернатору да даярдык кылып, 100 миң аскер топтойт. Мусулмандар Иеурсалимге 35-40 км узактагы Белка деген жерге келгенде алдыдан жүз миң жоокер тосуп чыгат.

Мусулмандар болгон күчү менен согушат. Зайд, Жафар жана Абдуллах шейит болушат. Алардын ордуна Халид бин Валид өтөт. Ыдырай баштаган жоокерлерди топтоп, душман менен кайрадан согуша башташат. Халид бин Валид душмандын эсеби алардан көп экендигин эске алып, жаңы ыкма колдонууну чечет. Оң тарапта согушкандарды солго, сол тарапта согушкандарды оңго, алдыда согушкандарды аркага, аркадагыларды алдыга тизип, түндө жаңы күч келиптир деп ойлошсун дейт. Халид бин Валиддин негизги максаты душмандын маанайын чөктүрүп, мусулман жоокерлерди согуш майданынан аман эсен алып чыгуу болгон. Баардык нерсе Халид бин Валид ойлогондой болгон. Мусулмандар чагылгандай тез кол салып кайра артка кайтышкан. Душмандын аскери мусулмандардын аркасынан сая түшүп согушкандан чочушкан. Ошентип мусулман жоокерлер Мадинага кайтып барышат. Аз. Пайгамбар бул ийгилигинен улам, Халид бин Валидге "Сайфуллах" (Аллахтын кылычы) деген наам ыйгарган. Бул окуя 629-жылы болуп өткөн.

Мусулмандар менен христиандар бет маңдай келген экинчи окуя Табук сапарында болгон. Табук сапары Таиф курчоосунан кийин болгон. Сириядан келген кээ бир



Пайгамбар Мечити

соодагерлер, Византия императору христиан дининдеги арап урууларын да топтоп, мусулмандарга каршы согушканы жатат деген кабар айтып келишкенде, Аз. Пайгамбар отуз миң аскер топтоп даярдана баштайт. Негизинен мурда согушчу жерди жашырып жүрсө да, бул жолу согушка аттанарын жар салат. Күн жылуу болуп, эл арасында ачарчылык болуп турган убак болгондуктан, бул согуш “Газватул-Усра” (Азаптуу Согуш) д.а.

Армия кыйын шаарттарда даярданып, хижраттын 9-жылы пайгамбар колбашчылык кылып, Сирияны көздөй аттанат. Мусулмандар Мадинага 778 км узактагы, Сирияга кеткен жолдун жанындагы Табук деген жерге барып токтойт. Мусулмандардын алдынан эч кандай душман тосуп чыкпайт жана кабардын жалган экендигин айтып келишет.

Табук сапары учурунда кээ бир коңшу өлкөлөр менен келишим түзүшөт. Негизинен христиандар, аз санда еврей жашаган Жерба, Айла, Арзух, Макна жана Маан аймактарына дааватчылар (чакыруучу) жөнөтүлүп, Ислам динине чакырышат. Булар Ислам динин кабыл кылбаса да, салык төлөөгө макул болушуп, мусулмандарга моюн сунушат.

Арап жарым аралындагы Нежран аймагында өтө көп христиан жашаган. Тарыхчылар “өкүлдөр жылы” деп аташкан хижраттын 9-жылы, Нежрандык христиандар Аз. Пайгамбар жөнөткөн катка жооп катары, 60 адамдан турган өкүлдү Мадинага жөнөтүшөт. Аз. Мухаммед (с.а.с.) жазган катында аларды мусулман болууга чакырып, эгер кабыл кылышпаса салык төлөөнү, муну да кабыл кылбаса алар менен согушарын айткан болчу.

Нежрандан келген өкүлдөр, асыр намазы убагында “Пайгамбар Мечитине” келишкен. Мусулмандар жаңы эле намазын окуп бүткөн убак болчу. Христиандардын да сыйынуу убагы келгендиктен, алар чыгыш тарапты карап ибадат кылууну каалашат. Кээ бир сахабалар бул нерсеге тоскоол болгусу келсе да, Аз. Пайгамбар аларга диний милдетин кылууга жол берген. Андан кийин аларды мусулман болууга чакырышат. Алар болсо, “Биз сенден мурда мусулман болдук”, деп айтышат. Алар мусулман болууга үч нерсе тоскоол болгондугун билдиришет; чочконун этин жешкендиги, крестке сыйынышкандыгы жана Теңирдин уулу бар экендигине ишенишкендиги.

“Аллах үчүн Исанын абалы, -топурактан жаратып, андан соң “Бол” дегенде болгон- Адам (атанын) абалы сыяктуу” (Аал-и Имран, 3/59).

Христиандар, “Исанын атасы ким?”, деп сурашат. Аз. Пайгамбар бул суроого жооп бербейт. Аз убактан кийин Аал-и Имран сүрөсүнүн 80ден ашуун аяты аян болот. Аал-и Имран сүрөсүнүн 59-аяты алардын бул суроосуна жооп болгон.

"Ээй Мухаммед! Сага илим келгенде, бул маселеде сага каршы чыккандар болсо мындай дегин: Келгиле уулдарыбызды, уулдарыңарды, аялдарыбызды, аялдарыңарды, өзүбүздү жана өзүңөрдү чакырайлы, андан соң наалат айтышып, Аллахтын наалаты жалганчыларга тийүүсүн тилейли" (Аал-и Имран, 3/61).

Бул аятты аларга окугандан кийин, Аз. Пайгамбар аларды наалат айтышууга чакырган. Бул сунушунан кийин Нежрандыктар өз ара сүйлөшүү үчүн уруксат сурашат. Андан кийин наалат айтышууну каалабагандыгын айтышып, өздөрүнүн дининен чыкпоо шарты менен салык төлөөгө макул болушкан. Пайгамбар алардын бул сунушун кабыл кылгандан кийин, алар ражаб айында миң даана жана сафар айында миң даана кылып, бир жылда эки миң кийим берүү үчүн келишим түзүшкөн.

**Кезек Сизде**

Пайгамбарыбыз еврей жана христиандар менен бирге жашоо түшүнүгүн калыптандыруу үчүн кандай иштерди аткарган?



## 5 Мусулмандардын Меккени Алуусу

Худайбия келишиминен эки жыл убакыт өткөндөн кийин, мушриктер келишимди бузушат. Худайбия келишиминен кийин мусулмандар менен биримдик курган Хузаа уруусу жана мушриктер менен биримдик курган Бакр уруусунун ортосунда эзелтеден бери душмандык бар болчу.

Бакр уруусунун адамдары хижраттын 8-жылы шаабан айында, күтүлбөгөн жерден Хузааларга кол салышып, 23 адамды өлтүрүшөт. Бул кол салууда Курайш мушриктери Бакр уруусун курал жарак менен камсыздайт.

Хузаа уруусунун Амр бин Салим деген адамы жанына адамдарын алып, Мадинага Аз. Пайгамбардын жанына келип абалды түшүндүрөт. Пайгамбар Курайш уруусуна кат жазып, Бакр уруусу менен түзүлгөн биримдиктен баш тартууну же болбосо Хузаалардын өлгөн адамдарына кун төлөп берүүнү талап кылат. Эгер буларды аткарбаса аларга согуш жарыяларын билдирет.

Курайш уруусу элчиге талапты кабыл кылбайбыз деп жооп айтышат. Бирок көп өтпөй Худайбия Келишимин жаңылоо үчүн Абу Суфянды Мадинага жөнөтүшөт. Аз. Пайгамбар Абу Суфянды жакшы тосуп албай, анын сунушун кабыл кылбай коёт. Абу Суфян куру жалак кайтып кетет.

Мусулмандар Абу Суфян Мадинадан кеткенден кийин, Меккеге жортуулга чыгууга чечим кылышып, тымызын даярдык кыла баштайт. Мадинанын айланасындагы урууларга кабар айттырып, рамазан айынын башында Мадинада топтолууну белгилешет.

Согушка деген даярдык өтө жашыруун түрдө жүрүп турган. Бирок мухажирлердин арасынан Хатиб бин Абу Балтеа деген киши, аскердик даярдыктарды жашыруун катка жазып, Курайшка кабар берүүсү үчүн бир аялга берет. Катты алган аял кармалып, окуя билинип калгандан кийин Хатиб сурака алынат. Суракта Хатип кечирилет.

Рамазан айынын баштарында баардык даярдык бүтөт. 630-жылы 1-январда (хижраттын 8-ж, 10-рамазан) Аз. Пайгамбар он миң аскер менен Мадинадан аттанган.

Аскерлер Меккеге 16 км узак жердеги Марруз-Захран деген жерде түнөшөт. Аз. Пайгамбар кечинде канча жоокер болсо ошончо от жагылуусун айтат. Меккеликтер бул отту көрүп, алардын ким экендигин билбей, эмне болгондугун билүү үчүн Абу Суфянды эки жолдошу менен бирге жөнөтүшөт. Бирок Абу Суфян жанындагылар менен бирге колго түшүп, пайгамбардын жанына алып келинет. Абу Суфян ал жерде мусулман болот.

Мусулмандар төрт жерден Меккеге киришет. Аз. Пайгамбар бирөөнү милдеттендирип жатып мындай деп жар салгын дейт:

“Ким Абу Суфяндын үйүнө кирсе ал адам коопсуз болот. Ким өз эшигин жапса ал дагы коопсуз болот. Ким Масжид-и Харамга кирсе коопсуз болот.”

Аз. Пайгамбар мажбур болмоюнча кан төгүлбөсүн деп буйрук кылат. Мекке багынат жана мусулмандар Каабаны таваф кылып, балбал таштарды талкалашат.

Аз. Пайгамбар Каабанын айланасында топтолгон элге мындай деп кайрылат:

“Аллахтан башка кудай жок, бир гана ал бар. Эч ортогу жок, убадасын орундатты, кулуна жардам кылды жана өзү жалгыз баарын жеңилүүгө дуушар кылды. Көңүл бургула, Аллахтын үйүн оңдоо жана ажыларга замзам берүүдөн сырткаркы баардык бөлүп жаруулар, кек сактоо жана мал-жандык үчүн жан алуу ушул таманымын астында турат.

Эй Курайш калкы, Аллах силерге жахилиядагыдай текебердик кылууга жана ата бабанын атынан бой көтөрүүгө тыйуу салат. Инсандар Адам атадан жаралган, Адам ата болсо топурактан жаралган;

“Эй инсан, биз силерди бир эркек бир аялдан жараттык жана бири бириңерди тааныгыла деп силерди улуттарга жана урууларга бөлдүк. Аллах үчүн эң кадырлуу болгондор, ага каршы чыгуудан корунгандар б.э. Аллах билүүчү, кабардар болуучу” (Хужурат, 49/13).

Аз. Пайгамбар: “Эй Курайш калкы, эмне дейсиңер, силерге эмне кылайын?”, деп сураганда, баары бир ооздон: “Эмне эң жакшы болуп эсептелсе ошону кылгын; сен ар намыстуу тууганыбызсың жана жээнибизсиң”, деп жооп беришет. Ал болсо:

"Кетебергиле, баарыңар эркинсиңер", деп буйрук кылган (Имамуддин Халил, Мухаммед Алейхиссалам, 253-б.).

Аз. Пайгамбар Меккеде элдин баарын кечиргендигин жар салдырат. Бир гана 17 адам кечирилбейт жана алардын да бир тобу кийинчерек кечирилет.

Меккени алуу Исламдын жайылуусун аябай тездеткен жана Ислам тарыхында маанилүү орунга ээ болгон.

**Кезек Сизде**

**Пайгамбарыбыз Меккеде окуган кутбанын азыркы учур үчүн кандай мааниси бар?**

## 6 Исламга Чакырган Элчилер

Мекке 630-жылы (хижраттын 8-ж.) басып алынып, ага кошо Хевазин деген күчтүү уруу мусулмандыкты кабыл кылып жана хижраттын 9-жылы Табук сапарынын натыйжасында Түндүк Арабистан мусулмандардын карамагына киргенден кийин, Мадинага Арабистандын ар аймагынан өкүлдөр келе баштаган. Бул жыл Сенетул-Вуфуд (Өкүлдөр Жылы) д.а. Өкүл жөнөткөн уруулардын эсеби 70тен ашкан. Атап өтсөк: Сад Бин Бакир, Темим, Химйердиктер, Бежиле, Тай, Асад, Таглиб, Фезара, Кинане, Кинде, Сакиф, Сулейм ж.б.у.с.

Аз. Пайгамбар баардык өкүлдөргө жылуу мамиле көрсөтүп турган. Бул өкүлдөрдүн максаты, негизинен мусулман болушкандыгын билдирүү, Исламды үйрөнүү жана Исламды үйрөтүүчү мугалим талап кылуу болгон. Бирок арасында мусулмандардын үстөмдүгүн кабыл кылып, салык төлөөнү кабыл алуу үчүн да келгендер болгон. Нежрандык христиан өкүлдөр бул нерсеге мисал.

Мухаммед (с.а.с.) бул өкүлдөрдү жакшы коноктоп алар менен өзү алектенген. Өкүлдөр негизинен сахабалардын үйлөрүндө же болбосо Суффада жана мечиттин жанындагы коноктор үчүн даярдалган чатырларда коноктошкон.

Хижраттын 6-жылы Курайш менен келишим түзүлгөндө, Аз. Пайгамбарга инсандарды Исламга чакыруу мүмкүнчүлүгү туулган. Худайбия Келишиминен кийин Мадинага кайтканда, Арап Жарым Аралында жашаган өкүмдарларга, уруу башчыларына кат жазып элчи жөнөтөт. Катта аларды калкы менен бирге Исламга чакырып, Исламдын негиздерин түшүндүргөн. Дихле бин Халифа аль-Келбийди Византия өкүмдарына; Амр бин Умайя ад-Дамрийди Хабешистан өкүмдарына; Абдуллах бин Хузайфа ас-Сахмийди Гассан ханы Харис бин Абу Шамырга; Салит бин Амрды Иемаменин башчысы Хавза бин Алиге жөнөткөн. Мындан сырткары арап уруу башчыларына, атактуу таанымал адамдарга, христиндарга, еврейлерге жана отко сыйынгандарга да кат жөнөтүп

аларды Исламга чакырган. Бул чакырууну жеткирген элчилер кээде жакшы кээде жаман мамилеге дуушар болушкан. Бул нерсе тууралуу төмөндө мисал берилди:

Гераклеёс: Аз. Пайгамбардын элчисин Иеурсалимде кабыл кылат, элчиге жакшы мамиле кылып, ага белек берип жөнөтөт. Бирок Исламды кабыл кылган эмес.

Хабешистандын өкүмдары Амбр бин Умайя ад-Дармийди жакшы тосуп алган. Анын мусулман болгондугу да айтылып келет. Өлкөсүндөгү мухажирлерди кемеге миндирип Мадинага жөнөтөт.

Ирандык Хусрав Первиз, Абдуллах бин Хузафа ас-Сахмий алып келген катты катчысына окутат. Катта пайгамбардын аты анын атынан мурда жазылганына ачууланып катты жыртып, элчини кууп чыгат.

Эгипеттин өкүмдары Мукавкыс, Хатиб Бин Аби Белтеаны жакшы кабыл кылган, бирок Исламды кабыл кылган эмес. Мария аттуу күңдү жана белек бечкекти Мадинага жөнөткөн. Аз. Пайгамбар Марияга үйлөнөт жана мындан Ибрагим деген уулдуу болот.

Өкүмдарларга жазылган каттар маанилүү жана жылуу сөз түрүндө жазылган. Бул каттардын бир бөлүгү төмөнкүчө:

Византия императоруна жазылган кат: Бисмиллахир-рахманир-рахим, Аллахтын кулу жана элчиси Мухаммедден Византия императору Гераклеёско.

Аллахтын саламы туура жолдогуларга болсун. Сени Исламга чакырам. Исламды кабыл кылып эркиндикке жеткин. Аллах сага белегиңи эки эсе кылып берсин. Эгер кабыл кылбасаң калкыңдын күнөөсүн сен тартасың. “Ээй Ахли-Китап (христиандар жана еврейлер)! Силер менен биздин ортобуздагы орток сөзгө карай келгиле. Бир гана Аллахка кулдук кылайлы жана ага эч нерсени орток кылбайлы. Аллахты четке кагып бири бирибизди кудай ордуна койбойлу. Эгер тескери карашса, күбө болгула биз мусулманбыз дегиле”;

Ирандык Первизге жөнөтүлгөн кат: Бисмиллахир-рахманир-рахим,

Аллахтын саламы туура жолдогуларга болсун, Аллах жана анын элчисине ыйман кылгандарга, Аллахтан башка кудай жок экендигине жана Мухаммед анын кулу, элчиси экендигине ыйман кылгандарга болсун. Сени Исламды кабыл кылууга чакырамын. Себеби мен тирүүлөргө эскертүү жана ишенбегендерге Аллахтын сөзүн жеткирүү үчүн адамзатка жөнөтүлгөн пайгамбармын. Мусулман болсоң эркиндикке жетесиң. Эгер кабыл кылбасан анда баардык отко сыйынгандардын күнөөсү сага болот” (Doğuştan Günümüze Büyük İslam Tarihi, I, 503-504).

# 7 Акыркы Ажылык Сапары жана Пайгамбарыбыздын Акыркы Кайрылуусу

Аз. Пайгамбар хижраттын 10-жылы (632-ж) ажыга барганда достору менен коштошкондугу жана андан кийин ажыга барбагандыгы үчүн Акыркы Ажылык деп аталып калган.

Хижраттын 10-жылы зилкаада айында, ажылык үчүн даярданышып, ажылык милдетин кылгысы келгендер Мадинада топтолушат. Аз. Пайгамбар 632-жылы 22-февральда (хижраттын 10-ж., 26-зилкаада) жакындарынан, мухажирлерден жана башка арап уруулардан түзүлгөн топ менен бирге Мадинадан жолго чыгат. Курмандык үчүн 100 төө алышат. Зулхулайфа деген жерге келгенде бешим намазын, сапарда болгон үчүн эки рекет кылып, ушул жерде ихрам кийимин кийет. 4-зилхижжада Кусва аттуу төөсүн минип, Меккеге жетип барат. Каабаны таваф кылып, эки рекет намаз кылат жана Сафа менен Мервенин ортосунда ары бери басат.

Зилхижжанын 9-күнү Аз. Пайгамбар жана мусулмандар Минага барышат. Ушул эле күнү түштөн кийин Арафат тоосуна чыгышат. Аллахтын элчиси Кусва деген төөсү менен Арафат тоосунун ортосуна чейин барып, жүз миңден ашуун мусулманга кайрылып, Исламга болгон чакыруунун эң маанилүү кайрылуусун жасайт:



"Шүгүр кылуу бир гана Аллах үчүн; биз ага шүгүр кылып, андан жардам сурап, андан кечирим сурап жана ага таянабыз. Кылган ишибиздин зыянынан кутулуу үчүн ага сүйөнөбүз. Аллах кимди туура жолго жеткирсе ал адам бузукулуктан кутулат. Эгер кимди туура жолдон чыгарса, ал адамды эч ким түз жолго бура албайт. Аллахтан башка кудай жок экендигине, анын жалгыз экендигине жана ортогу жок экендигине күбөлүк кылам. Мухаммед анын элчиси экендигине да күбөлүк кылам.

- Эй Аллахтын кулдары! Силерге Аллахтын буйруктарына каршы чыкпоону жана ага моюн сунууну үгүттөйм. Силер үчүн эң пайдалуу сөз менен баштайын:
- Эй инсандар! Силерге айткан нерсени жакшылап уккула! Себеби бул жылдан кийин ушул ордумда болбой, силер менен кайра жолукпай калышым мүмкүн.
- Эй инсандар! Бул күндөрүңөр, бул ай жана бул шаар канчалык ыйык болсо жаныңар, малыңар жана ар-намысыңар да ошончолук ыйык нерсе.
- Асхабым! Эртең Раббиңердин алдына барганда бүгүнкү кылган ишиңерден сөзсүз сурак болосуңар.
- Менден кийин эски бузукулукту баштап бири бириңерди өлтүрбөгүлө.
- Бул сөзүмү бул жердегилер башкаларга жеткирсин! Балким уккан адам бул жердегиден жакшы түшүнүп, айтканыма кулак салышы мүмкүн ..."
- *"... Эй инсандар! Раббиңер бир, тегиңер бир. Баарыңар Адам атадан тарагансыңар. Адам ата болсо топурактан жаратылган. Аллах үчүн эң*

*кадырлуу болуп эсептелгендер, анын буйруктарына каршы чыгуудан узак тургандар б.э. Араптын арап эмеске эч кандай үстөмдүгү жок, болсо да бул таквалыктан болот. Көңүл бургула! Үгүтүмү жасадымбы? Ээй Аллахым, өзүң күбө бол!”,* деп адам затына чакыруусун жасаган.

Пайгамбарыбыз кутбаны окугандан кийин Арафатка чыгат. Арафатта жүргөндө элчилик милдетин аяктагандыгы тууралуу аят аян болот:

“... Бүгүн силер үчүн диниңерди толуктадым. Силерге ниматымы толуктадым жана силер үчүн дин катары Исламды чечтим ...” (Маида, 5/3).


Аз. Пайгамбар ажылык милдетин орундаткандан кийин, 632-жылы 26-мартта (хижраттын 10-ж., 29-зилхижжа) Мадинага кайтат.

**Кезек Сизде**

Соңку Кутба бизди эмнеге үгүттөйт?



# 8 Аз. Пайгамбардын Өлүмү



Акыркы ажылыктан көп өптөй 632-жылы 27-майда (хижраттын 11-ж., 11-сафар) Аз. Пайгамбар ооруп калат. Биринчи күндөрү ооруусу өтө оор болгон. Бирок ооруса да мечитке барып намаз кылдырып, бир канча күн мечитке каттап турган. Барган сайын күчтөн тайып, анын ордуна Аз. Абубакир намаз кылдыра баштаган. Аз. Пайгамбар 8-июнда (13-ребиулаввал), 1-күнү каза болгон.

Анын өлүмүнө эч кимдин ишенгиси келген эмес. Аз. Умар анын өлгөнүн айткандарга ачууланып жүргөн. Кылычын сууруп:

“Аллахтын элчиси өлдү деп ойлогондун баарын мойнун кесемин. Ал өлгөн

жок. Муса кеткен сыяктуу ал да кайра үммөтүнүн арасына кайтып, кыяматка чейин инсандардын арасында жашоо үчүн Аллахтын жанына кетти", деген.

Аз. Умарды жана элди ал абалдан Аз. Абу Бакир куткарган. Аз. Абу Бакир кайгылуу кабарды угуп, дароо Пайгамбар Мечитине кирип барат. Пайгамбар жаткан жерге кирип кайгыга чыдабай чыгып кетет. Кайра мечитке кайтып келип минтип айтат:

"Эй инсандар! Мухаммедге гана сыйынгандар болсо алар анын өлгөнүн билишсин. Аллахка кул болгон жана ага сыйынгандар Аллахтын түбөлүктүү экендигин билсин, ал эч качан өлбөйт." Сөзүнө кошумчалап ушул аяттарды окуйт:

"Мухаммед жөн гана пайгамбар б.э. Андан мурда да пайгамбарлар келген. Өлсө же өлтүрүлсө жолуңардан кайтасыңарбы? Жолдон кайтсаңар мындан Аллах эч кандай зыян тартпайт, Аллах шүгүр кылгандардын белегин берет" (Аал-и Имран, 3/144).

Анын сөздөрү мусулмандарды тынчтандырган. Аз. Пайгамбар 1-күнү каза болгон. Жаназасы 2-күнү Аз. Али тарабынан жуулуп жаназа намазы үчүн даярдалган. Мусулмандар анын жаназасын ар ким өз өзүнчө имамсыз окуган. Кайсыл жерге көмүлөрү тууралуу ар ким ар кандай сунуш айтып, акырында Аз. Абу Бакир пайгамбарлар өлгөн жерине көмүлөрү тууралуу хадисти эскертип, бул маселени чечкен. Ошентип Аз. Пайгамбар каза болгон жерге, Аз. Айшанын бөлмөсүнө көмүлөт.



## Бөлүмдү Жыйынтыктоо

Мадина (мурдагы аты Йесриб) маанилүү шаарлардын бири болгон. Мадиналык араптар Аз. Пайгамбарга ант ичишкенден кийин Мадинадагы мусулмандардын саны көбөйүп, хижрат чечиминен кийин мусулмандар топ топ болуп көчүп бара баштаган. Акырында Аз. Пайгамбар да көчүп барган.

Пайгамбарыбыздын Мадинадагы эң биринчи иши мечит салуу болгон. Пайгамбар Мечитинин бир топ социалдык функциясы болгон. Мусулмандар беш убак намазын жана жума намазын мечитте топтолуп окуган. Мечит ошол эле учурда динге чакыруу, маанилүү чечимдерди кабыл алуу жана элчилерди кабыл кылуу жайы болгон. Мадинага көчүп барышкандан кийин, Меккеден келгендер (мухажирлер) менен Мадиналыктардын (ансар) башчылары топтолуп чогулуш кылышат. Бул чогулуштун максаты Меккеден келген мусулмандардын Мадинада материалдык жана моралдык жактан кыйналбастыгы үчүн, кээ бир иш чараларды көрүү болгон. Мындан улам пайгамбарыбыз Меккелик жана Мадиналык мусулмандарды биримдике чакырып, аларды бири бирине бир бир тууган деп жарыялайт.

Пайгамбарыбыз бир тууган кылып жарыялоо аркылуу мусулмандардын ортосунда биримдик курса да, еврей жана мусулман эмес араптар менен да тынчтыкта жашоону көздөгөн. Бул нерсе үчүн сахаба менен жана мусулман эмес калк менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзөт. Жыйынтыгында эки тарап келишим түзүп, бири бири менен жана коңшулаш элдер менен болчу мамиленин негизин түптөшөт.

Муну менен бирге Меккелик мушриктер менен да келишим түзүлүп, карым катнаш уланып турган. Бул карым катнаштын негизинде, абалга карай кээде согуш болуп, кээде жаңыдан келишим түзүлүп турган. Ошондой эле еврей жана христиандар менен да катташып турушкан. Кийинчерек Мекке кайра алынып, андан соң күчтүү уруулардан бири болгон Хавазин уруусу мусулмандыкты кабыл алып, хижраттын 9-жылы Табук сапарынын натыйжасында Түндүк Арабистан мусулмандардын карамагына киргенден кийин, Арабистандын баардык жеринен Мадинага өкүлдөр келе баштаган.

Аз. Пайгамбар бул өкүлдөрдү өтө жакшы кабылдап турган. Бул өкүлдөрдүн максаты, мусулман болушкандыгын кабар салып, Исламды үйрөнүү үчүн мугалим талап кылуу болгон. Ал бул өкүлдөргө өтө аяр мамиле жасап, алар менен өзү алектенген.

Аз. Пайгамбар хижраттын 10-жылы (632-ж.) ажылык милдетин кылат. Бул ажылыкта ал сахаба менен коштошкондугу жана Каабаны акыркы жолу зыярат кылгандыгы үчүн Акыркы Ажылык деп аталып калган. Ал бул ажылык кезинде жүз миңден ашуун мусулманга кайрылган. Бул чакыруу Акыркы Кайрылуу б.э. Бул ажылыктан көп өтпөй 632-жылы 27-майда (хижраттын 11-ж, 29-сафер) Аз. Пайгамбар ооруп калат. Ооруу кезинде да мечитке барып намаз кылдырып турат. Күчтөн тая баштаганда анын ордуна Аз. Абу Бакир намаз кылдыра баштайт. Акыркы пайгамбар Аз. Мухаммед (с.а.с.) 8-июнда (13-рабиулаввал) биринчи күнү каза болот.

## Бөлүмдү Анализдөө

1-Хижраттан мурда Мадина кандай абалда болгон?

2-Мадиналык мусулмандар Аз. Пайгамбарды кантип тосуп алышкан?

3-Аз. Пайгамбар мечитти эмне максат менен салган?

4-Меккелик жана Мадиналык мусулмандардын ортосунда сый урмат жана биримдикти бекемдөө үчүн кандай иш чара көрүлгөн?

5-Аз. Пайгамбар ажылык убагында окуган кутбада эмнени баса белгилеп кеткен?

## Жыйынтыктоочу Суроолор

**1) Мадинанын эски аты эмне?**

А) Авс
Б) Курайза
В) Йасриб
Г) Хазраж

**2) Мадинада Аз. Пайгамбарды өз үйүндө биринчи болуп ким конок кылган?**

А) Абу Аюб ал-Ансари
Б) Зайд бин Харис
В) Мусаб бин Умайр
Г) Аз. Абу Бакир

**3) "Суффа" деген эмне?**

А) Бир мечиттин аты
Б) Бир уруунун аты
В) Аз. Мухаммеддин үйү
Г) Масжид-и Набийдин бир бөлүгү

**4) Меккеден Мадинага көчүп баргандар эмне деп аталат?**

А) Ансар
Б) Кайнука
В) Авс
Г) Мухажир

**5) Меккелик мушриктер менен болгон согуш эмне деп аталат?**

А) Бадр
Б) Ухуд
В) Кайнука
Г) Аң Казуу

**6) Абу Суфян качан мусулман болгон?**

А) Бадр согушунан кийин
Б) Ухуд согушунан кийин
В) Аң Казуу согушунан кийин
Г) Мекке алынгандан кийин

**7) Аз. Пайгамбар кайсыл жылы ажылык милдетин кылган?**

А) 629
Б) 630
В) 631
Г) 632

# IV

# БӨЛҮМ

пайгамбарым




# Мүнөзү жана Үлгү Болуусу

1-Куран Боюнча Аз. Мухаммед

2-Аз. Пайгамбардын Диний Жактан Үлгү Болуусу

3-Аз. Пайгамбардын Адеп-Ахлагы

## БӨЛҮМ ТУУРАЛУУ

Бул бөлүмдө Пайгамбарыбыздын мүнөзү тууралуу маалымат берилди. Куранда ал тууралуу айтылган аяттар аркылуу мүнөздөлдү. Үлгүлүү адам болгондугу анын жашоо турмушунан мисал алынып жоромолдонду.

## ПЛАН

1-Куранда Аз. Пайгамбарды инсан катары мүнөздөгөн аяттарды;

2-Куранда Аз. Мухаммедди (с.а.с.) пайгамбар катары мүнөздөгөн аяттарды;

3-Аз. Пайгамбардын эл менен болгон мамилесин;

4-Аз. Пайгамбардын эл менен болгон мамилесинин негиздерин;

5-Аз. Пайгамбарга “ишеничтүү” адам деп айтылуусун;

6-Аз. Пайгамбардын сабырдуулугун;

7-Аз. Пайгамбардын убакыттын баалуулугу тууралуу сөзүн;

8-Аз. Пайгамбар кайсыл учурда сахаба менен кеңешкенин жеткирүү.

## ОКУУ ЭРЕЖЕСИ

Бул бөлүмдү окуунун эрежеси:

1-План коюп окуу жана тийешелүү бөлүмдү анализдөө;

2-Аз. Мухаммеддин (с.а.с.) өмүр баянын үйрөнүү үчүн бул китеп менен чектелбөө. Кошумча булактарды изилдөө;

3-Аз. Мухаммеддин (с.а.с) өмүр баянына тийешелүү кино тасмаларды көрүү.

# 1 Куран Боюнча Аз. Мухаммед

Бул тема сүйүктүү пайгамбарыбыз Аз. Мухаммеддин (с.а.с.) биздей болгон пенде экендиги жана ошону менен бирге пайгамбар болгондугу тууралуу Куранда эмне деп айтылгандыгы жөнүндө болмокчу.

## Пенде Болгондугу Тууралуу

Куран сүйүктүү пайгамбарыбыздын биз сыяктуу инсан экендигин баса белгилөө менен бирге, аны башка инсандардан айырмалап турган эң маанилүү нерсенин, анын Аллахтан аян алган адам болгондугун айтат. Төмөндөгү аяттар буга мисал:

“Мен элчи кылып жөнөтүлгөн пендемин” (Исра, 17/93).

“Айткын: Мен да силер сыяктуу инсанмын. (Бир гана) мага силердин кудайыңар, жалгыз Аллах деп аян кылынып жатат ...” (Кахф, 18/110).

“Айткын: Мен да силер сыяктуу инсанмын. Бирок мага силердин кудайыңар, жалгыз кудай экендиги аян болуп жатат ...” (Фуссулат, 41/6).

**Ой Жүгүртүү**

Куранда Аз. Пайгамбардын кайсыл өзгөчөлүгүнө басым жасалган?

Куранда Аз. Пайгамбардын биз сыяктуу инсан болгондугу жана адамдык касиети жагынан башкалардан өзгөчө болбогондугу айтылган. Бул абалды жаратылган ар бир жандыкка тийешелүү болгон “өлүмдүүлүк” аркылуу түшүндүргөн:

“Сенден мурда эч кимге түбөлүктүү жашоо бербедик, сен дагы өлөсүң, алар түбөлүктүү жашашпайт. Ар бир жандык өлүмдүн даамын татат ...” (Анбия, 21/34-35).

Аз. Пайгамбардын инсан болгондугу, мушриктердин ага ишенбөөсүнө жана анын өздөрү сыяктуу адам болгондугун сынга алуусуна себеп болгон. Ыйык китебибиз Куранда бул абал мындайча айтылат:

"Инсандарга туура жолду көрсөтүүчү пайгамбар келгенде, ага ишенүүгө тоскол болгон нерсе: Аллах пайгамбар катары инсанды жөнөттүбү?, деп ойлошкондугу болгон. Айткын: Жер жүзүндөгүлөр периште болгондо биз да аларга көктөн пайгамбар катары периште жөнөтөт элек" (Исра, 17/95).

"... Мындай дешти: Тамак жеген, көчөдө баскан бул кандай пайгамбар? Ага аны текшерген периште жөнөтүлсө кана! Ага казына берилгенде же болбосо кардын тойгозгону бак чарбасы болгондо кана! Бул зулумкорлор инсандарга: Силер сыйкырланган адамга ишенип жатасыңар, дешти. Эй Мухаммед! Сага эмне дешкенин кара! Алар түз жолдон адашкан, туура жолду таба алышпайт. Эгер кааласа сага мындан да жакшы шарттарды, ортосунан суу аккан бейиштерди бере алган жана кооз үйлөрдү кура алган Аллах улуулардын улуусу б.э." (Фуркан, 25/7-10).

**Кезек Сизде**

Пайгамбардын инсан болуусу, аяндын инсандар тарабынан кабыл алынуусуна жана аяндын турмушта колдонулуусуна кандай таасир тийгизген?



## Пайгамбар Болгондугу Тууралуу

Пайгамбарыбыз 23 жылдык пайгамбардык убагында Исламды түшүндүрүп, ошол эле учурда айткандарын жашоодо колдонуп үлгү боло алган. Бул милдетти орундатып жатканда кыйынчылыктарды жеңип, сабырдуулук көрсөткөн. Анын пайгамбардык милдетинин чеги Куранда мындайча белгиленген:

"Эй элчи! Раббиң тарабынан сага түшүрүлгөндөрдү жеткиргин. Эгер муну аткарбасаң анын элчиси болбогон болосуң. Аллах сени инсандардан коргойт ..." (Маида, 5/67).

"... Пайгамбардын милдети даават (чакыруу) кылуу" (Анкабут, 29/18).

Жогорудагы аяттарда айтылгандай Аз. Пайгамбардын милдети динге чакыруу болгон. Ал Аллахтан келген аянды адамдарга жеткирүүгө милдеттендирилген.

"Сен жөн гана эскертүүчүсүң. Биз шексиз түрдө сени кабар берүүчү жана эскертүүчү кылып жөнөттүк. Эске салуучу элчи келбеген эч бир үммөт болгон эмес" (Фатыр, 35/23-24).

Аз. Пайгамбар жеткирүүчү жана эскертүүчү болгон.

“Сенден мурда да аян кылынгандардан башка бирөөнү пайгамбар кылып жөнөтпөдүк. Эгер билбесеңер, билгендерден сурагыла. Ачык айкын керемет жана китептер менен жөнөтүлгөн. Инсандар үчүн жөнөтүлгөндөрдү ачыктоо үчүн жана ойлонуп түшүнүү үчүн сага да Куранды түшүрдүк” (Нахл, 16/43-44).

Жогорудагы аятта айтылгандай, Аз. Пайгамбар жол көрсөтүүчү б.э.

Аяттарда сүйүктүү пайгамбарыбыздын пайгамбардык милдетинин негизин, инсандарга жол көрсөтүүсү жана аларга үлгү болуусу түзөт.

Куранда Аллах Таала, Аз. Пайгамбарга бул милдетин орундатып жаткан кезде көңүл буруусу керек болгон нерселер эскертилген. Мисалы инсандарды бөлүп жарбоосун жана алардын коңүлүн орутпоону буйрук кылган:

“Раббинин ыраазычылыгын сурап, эртеден кечке ага дуба кылгандарды жаныңдан куубагын. Алардын эсебинен сага эч нерсе өтпөйт. Сенин эсебиңен да аларга эч нерсе өтпөгөндүгү үчүн аларды куубагын. Эгер куусаң зулумкор болосуң” (Анъам, 5/52)



Ар бир адамдын жоопкерчилиги өзүнө тийешелүү. Пайгамбар болуу иинсандардын жоопкерчилигин алуу дегендик эмес. Ар ким көргөн жана уккан нерсесинен өзү гана жоопко тартылат. Куранда бул нерсе эскертилип, Аз. Пайгамбар жеткирген буйруктарга кулак салбагандар үчүн, алар өздөрүн өзгөртүүнү каалaмайынча бул абал аларга пайда алып келбейт деп айтылган.

Төмөндөгү аятта айтылгандай:

“... Сага муктаж эмес адамга көңүл буруп жатасың. Бирок анын арую таза болуусу сенин жоопкерчилигиңде эмес” (Абаса, 80/5-7).

**Ой Жүгүртүү**

Инсандардын Аз. Пайгамбарга ишенүүсү, ага кандай сезим алып келген болушу мүмкүн?

Башка аятта Исламга чакырылган мушриктердин каршы чыгуу жана моюн сунбоо аракети, Аллахтын аяттарына карата болгондугу үчүн, пайгамбардын бул нерсе үчүн капа болбоосу керек экендиги айтылган.

“Ээй Мухаммед! Сүйлөгөн сөздөрү сенин көңүлүңү оорутуп жатканын билебиз. Алар сага каршы чыккан жок. Бирок ал зулумкорлор Аллахтын аяттарына каршы чыгып жатышат. Алар сенден мурда да бир топ пайгамбарга каршы чыгышса да, алардын четке кагуусуна жана зулумдук кылуусуна сабыр кылышып, натыйжасында аларга жардамыбыз жетип барган. Аллахтын сөздөрүн бурмалоочу күч жок. Пайгамбарлар тууралуу кабарлардын бир бөлүгү сага жеткирилди. Эгер алардын сени четке кагуусу оор келген болсо; жерди тешип жердин түбүнө түшүп, же болбосо шаты жасап көккө чыгып аларга керемет алып келүүгө күчүң жетсе, жөн турбай кылгын! Эгер Аллах кааласа аларга кутулууну насип кылат болчу. Андыктан карангы түшүнүктө болбогун” (Анъам, 6/33-35).

Аз. Пайгамбардын инсандарга болгон сүйүүсү, боорукердиги жана сабырдуулугу, алардын чындыкты көрүп кабыл кылуусу үчүн жетиштүү болбостугу, ар бир адам өз эрки менен жасаган ишинен жоопко тартылары ушул аятта эскертилген:



“Сен сүйгөн адамыңды туура жолго сала албайсың. Бир гана Аллах каалаганын туура жолго жеткирет. Ал туура жолго түшүүчүлөрдү жакшы билет” (Касас, 28/56).

“(Чындыгында) силерге Раббиңер тарабынан акыл-эс берилген. Мындан кийин ким акыйкатты көрө алса пайдасы өзүнө гана, ким көр болсо зыяны өзүнө гана болот. Мен силердин кароолчуңар эмесмин” (Анъам, 6/104).

“Ким жакшылык кылса анын пайдасын көрөт. Ким жамандык кылса анын зыянын көрөт. Раббиң кулдарына зулумдук кылбайт” (Фуссулат, 41/46).

“Эч бир күнөөкөр башка бирөөнүн күнөөсүн көтөрбөйт. Күнөөсү көп адам, күнөөсү үчүн бирөөнү чакырса, күнөөсүн ага өткөрө албайт, чакырган адамы анын жакыны болсо да жүктөлбөйт. (Эй Мухаммед) Сен бир гана көрбөй туруп Раббиңден корккондорго жана намаз кылгандарга эскерте аласың. Ким аруу-таза болсо ал өзү үчүн гана болот. Бир гана Аллахка кайтып барылат” (Фатыр, 35/18).

**Ой Жүгүртүү**

Куранда Аз. Пайгамбардын пенде жана пайгамбар болгондугуна басым жасалышынын себеби эмне?

# 2 Аз. Пайгамбардын Диний Жактан Үлгү Болуусу

Жогоруда айтылгандай, Аз. Пайгамбардын өзгөчөлүктөрүнүн бири, жүрүм туруму менен үлгү боло алгандыгында жатат. Аллах Таала Аз. Пайгамбардын жашоо турмушун бир бүтүн катары инсандарга сунуп, аны аларга үлгү кылып көрсөткөн. Куранда бул маселе түрдүү жолдор менен ачыкталып, Аз. Пайгамбардын жолун жолдоо жана аны үлгү алуунун мааниси айтылган:

“Аллахтын Расулунда; Аллахка жана акырет күнүнө жетүүнү көздөгөн, Аллахты көп зикир кылгандар үчүн жакшы үлгүлөр бар” (Ахзаб, 33/21).

Айрыкча Аз. Пайгамбарга моюн сунуу, аны сүйүү жана аны үлгү алуу, Аллахка моюн сунуунун биринчи шарты б.э:

“Айткын: Эгер Аллахты сүйсөңөр, мага моюн сунгула, Аллах силерди сүйсүн жана күнөөңөрдү кечирсин. Себеби Аллах кечирүүчү жана боорукер” (Аал-и Имран, 3/32).

“Ким пайгамбарга баш ийсе ал Аллахка баш ийген болот. Ким баш тартса биз сени аларга күзөтчү кылып жөнөтпөгөндүгүбүздү билишсин” (Ниса, 4/80).



## Ибадаттын Жол-Жобосу

**Ой Жүгүртүү**

Кайсыл иш-аракетти ибадат деп эсептейсиз?

Ибадат негизинен, Аллахтын инсандарга берген чексиз ырыскысы үчүн ага моюн сунуу, Анын өкүмүн таануу жана баардык буйруктарын орундатуу б.э. Мындайча айтканда ибадат бул, Аллахка жакындоо жана анын ыраазычылыгын алуу үчүн кылынган иш.

Ибадат болуп эсептелген иш, бир гана Аллахтын ыраазылыгы үчүн кылынганда маанилүү болот. Бул болсо инсандын баардык жашоо турмушун тавхиддин негизинде өткөрүүсү аркылуу орундалат. Тагырак айтканда ибадатты Аллахтын бир экендигин билип, анын ыраазычылыгын көздөп кылуу абзел. Муну сезе алган адам, башка инсандар жана жан жаныбарларга карата кылган иштеринде Аллахтын сүйүнүчүн табууга аракет кылат.

Төмөндөгү аяттарда, ибадатты Аллахтын ыраазычылыгы үчүн кылуу керек экендиги айтылган.

“(Эй Мухаммед!) Шексиз түрдө бул китепти сага акыйкат катары жөнөттүк. Андай болсо сен да динди Аллахка ылайык кылып, ага кулдук кыл. Туура дин Аллахка гана таандык. Аны таштап башка дос тапкандар: Биз аларга бир гана Аллахка жакындатуусу үчүн сыйынып жатабыз, деп айтышат. Аллах чындыгында алар үчүн өкүмүн берет. Аллах шексиз түрдө жалганчы жана нанкорлорду туура жолго жеткирбейт” (Зумар, 39/2-3).

“Айткын: Мага динди Аллахка ылайык кылып жашоо буйрук кылынды. Мага биринчи мусулман болуу буйрук кылынды. Айткын: Эгер мен Раббиме каршы чыксам, улуу күндүн азабына туш болом. Айткын: Мен диними Аллахка татыктуу кылып, ага гана сыйынып жатам” (Зумар, 39/11-14).

**Билесизби?**

Куранда ибадат кылуунун жол жобосун үйрөнүү үчүн Аз. Пайгамбарды үлгү алуу керек экендиги айтылган жана пайгамбарыбызга бул маселе эскертилип, бул темада жол көрсөтүүсү буйрук кылынган.



Ибадат термини эң биринчи намаз, орозо, закат жана ажылык сыяктуу ибадаттар үчүн айтылган. Бирок динибиз Аллахтын ыраазычылыгы үчүн жасалган баардык ишти ибадат деп кабыл кылганын унутпоо керек. Убагы менен кылынган ибадаттар Аллах менен инсандын ортосундагы моралдык байланышты бекемдейт. Инсанды даайыма этият болууга жана жашоонун маңызын түшүнүүгө түртөт. Куран ибаттарды орундатуу үчүн да Аз. Пайгамбардын жолун жолдоону айтып өтөт.

“Үй-бүлөңө намазды буйрук кыл жана өзүң да намаз кыл. Сенден ырыскы сурабайбыз. Сага ырыскы берип жатабыз. Аллахка каршы чыкпагандарды жакшылык күтөт” (Та ха, 20/132).

“(Эй Мухаммед!) Китепте сага аян болгонду оку, намазды туптуура кыл. Себеби намаз инсанды уятсыздыктан жана жамандыктан коргойт. Аллахты эскерүү (болуп эсептелген намаз) албетте эң чон ибадат б.э. Аллах кылган ишиңерди билүүчү” (Анкабут, 29/45).

## Эл менен Болгон Мамилеси

Пайгамбарыбыз эл менен өтө аяр мамиледе болгон. Бирге жашаган адамдарга назик жана боорукер болгон. Айланасындагы адамдар ката кылса да аларды кылган

ишинен улам жемелебей, туурасын үйрөткөн. Адамдардын катасын бетине чаппай, сылык тил менен түшүндүргөн.

Инсандарды социалдык, экономикалык абалына карабай, баарын Аллахтын тең укуктуу кулдары деп эсептеген. Бул маселеде элден өзгөчө мамиле көргүсү келген Курайштын башчыларынын талабы жана андан күтүлгөн мамиле төмөндөгү аятта ачыкталган:

“Раббинин ыраазычылыгын көздөп эртеден кечке ага дуба кылгандарды жаныңан куубагын. Алардын эсебинен сага эч нерсе өтпөйт, сенин эсебиңен да аларга эч нерсе өтпөгөн үчүн аларды куубагын. Эгер куусаң зулумкор болосуң” (Анъам, 6/52).

Аз. Пайгамбар эл менен болгон мамилесин Куранда айтылып өткөн негиздерге таяндырган.

Хууд сүрөсүндө: “... Сага буйрук кылынгандай туптуура болгун” (Хууд, 11/112), деп айтылгандай, Аз. Пайгамбар үчүн туура болуу, пайгамбар болуудан мурда да анын өзгөчөлүктөрүнүн бири болгон. “Туура болгула, туура болууга чакыргыла” (Ибн Ханбал, IV, 231), деп сүйлөп, инсандардын өздөрү гана туура болгондугу жетиштүү болбостугун, бири бирине жардам берүү жоопкерчилиги да бар экендигин айткан. “Тууралыкка бекем жармашкыла, андан узактабагыла, себеби туура болуу жакшылыкка жеткирет. Адам туура сөздү айта айта Аллахтын жанында “туура сөздүү” деп жазылат. Туура болгондор жана жакшылык кылгандар бейишке кирет. Жалган сөз жамандыкка жеткирет, жамандык болсо тозокко алып барат ...” (Бухарий, Адаб, 69; Муслим, Бирр, 103), деп буйрук кылып, жакшылык менен жамандык тууралуу айтып, инсандарды бул маселе боюнча эскертип кеткен. Өзү да өмүр бою туура болуудан адашкан эмес жана элге үлгү болгон.

Куранда айтылган нерселердин бири, Аз. Пайгамбардын эл менен мамиле кылганда аларга үлгү болуу үчүн өтө назик мамиледе болгондугу б.э: “Ачууланганда сабыр кылып назик мамиле кылган адам, Аллахтын сүйүүсүнө карк болот” (Али Ыасиф, ат-Таж, V, 177), деп айтып инсандарды назик мүнөздүү болууга чакырган.

Сүйүктүү пайгамбарыбыз, “Аллах жылуу мамилеге ээ жана ар бир иште жылуу мамиледе болууну сүйөт” (Муслим, Бирр, 77), деп айткан. Айрыкча, “Күчтүү адам күрөштө башка бирөөнү жеңген адам эмес, ачууланганда ачуусун жеңе алган адам” (Бухарий, Адаб, 76; Муслим, Бирр, 107), деген сөз менен, жакшы мамиледе болуунун кыйынчылыгын жана кыйналууга татыган иш экендигин, инсандардын бул нерсеге жетүү үчүн нафси менен күрөшүүгө мажбур экендигин айткан. Кала берсе ачууланган убакта эмне кылуу керек экендигин да түшүндүргөн: “Кимде ким ачууланганда, тике турган болсо отурсун, ачуусу тараса анда жакшы, болбосо жамбаштап жатсын” (Абу Дауд, Адаб, 4), деп насаат кылган.

Пайгамбарыбыздын өзгөчөлүктөрүнүн бири кичи пейилдүүлүк болгон. Анын айтымында, жүрөгүндө кум даанасындай болсо да текебердик болгондор бейишке кире албайт. Бир адам мындай деп кайрылган: “Эй Элчи, адам үстүндөгү кийими менен бут кийими кооз болуусун каалайт”, дегенде Улуу Элчи мындай деп жооп кайтарат: “Аллах Таала сулуу жана сулуулукту сүйөт. Текебердик болсо кудайды тоготпоо жана инсандарга төбөдөн тиктөө б.э.” (Муслим, Иман, 147). Тагырак айтканда адам баласы Аллах берген ырыскы, мал мүлктү текебердик үчүн эмес, бири бирине жардам кылуу үчүн колдонуусу абзел. Аз. Пайгамбар өзү да элге кары жаш, бай кембагал дебей баарына тең мамиле кылган. Аз. Мухаммед: “Аллах Таала мага, кичи пейил болууңарды буйрук кылды! Эч ким башка бирөөгө мактанбасын, эч ким башка бирөөгө зулумдук кылбасын” (Муслим, Жаннат, 64), деп айтып, текебердиктин туура эмес экендигин белгилей кеткен.

“Ырайым кылбаганга ырайым кылынбайт” (Бухарий, Адаб, 18), аттуу сөзү аркылуу, боорукердиктин маанисине басым жасаган. Инсандар менен болгон мамиледе түшүнүктүү болууга чакырган.

Адилеттүүлүк да Куранда айтылган жакшы сапаттардын бири б.э:

“Эй ыйман кылгандар! Аллах үчүн чындыктын тарапкери жана адилеттүү түрдө күбө болгон адамдардан болгула. Бирөөгө кек сактоо силерди адилетсиздикке туш кылбасын. Адилеттүү болгула. Бул Аллахка каршы чыгуудан узак турууга себеп болот. Аллахка каршы чыгуудан сактангыла. Аллах шексиз түрдө кылган ишиңерден кабардар” (Маида, 5/8).

Бул багытта Аз. Пайгамбар жашоо турмушу менен ыймандууларга үлгү болгон.

Сүйүктүү пайгамбарыбыз: “Силерге салам айтылганда, андан да жакшы салам менен жооп бергиле. Аллах шексиз түрдө баардык нерсенин эсебин кылган зат” (Ниса, 4/86), аятында айтылгандай, өзүнөн улуу кичүү баардык адамдарга салам берип, аларга көңүл буруп, коомдун негизин түзгөн сый-урматты жайып, момундарга жол көрсөтүүчү болгон.

Баардык иштин орто жолун табуу маанилүү нерсе. Аз. Пайгамбар, “Сараң болбо, таптакыр ысырапкер да болбо. Болбосо жеме угасың жана кембагал адам болуп каласың” (Исра, 17/29), аятында буйрук кылынгандай, кылган иштеринде орто жолду тандоо аркылуу туура иш кылууну көрсөткөн.

Аят жана хадистерден мисал алып көрсөтүлгөн адеп-ахлактын негиздери, бул айтылгандар менен чектелбейт. Бул маселенин бир бөлүмү “Аз. Пайгамбардын Адеп-Ахлакы” аттуу темада каралат.

### Изилденип-Үйрөнгүлө

Аз. Пайгамбардын эл менен болгон мамилесин хадистер аркылуу үйрөнүңүз.

Пайгамбарыбыздан Кантип Үлгү Алышыбыз Керек

(Аны тууроо аркылуубу же үлгү алуу жолу мененби?)

### Ой Жүгүртүү

**Туурамчылык менен үлгү алуунун айырмасы эмне?**

Үйрөнүүнүн эң пайдалуу жолдорунан бири үлгү алуу б.э. Инсан бир мамилени үйрөнүү үчүн, ал мамиленин башка бирөө тарабынан кантип ишке ашырылганын көрүүсү, ал нерсени үйрөнүүнүн калыптануусу үчүн абзел.

### Билесизби?

Жакшы мүнөздүн калыптанышы жана жаман мүнөздүн жок кылынуусу үчүн үлгү алуу маанилүү орунга ээ.




Аз. Пайгамбардын жүрүм туруму өз учурундагы жана андан кийинки мусулмандар үчүн жол көрсөтүү милдетин аткарган. Анын жүрүм туруму, инсандарды жакшы жака өзгөртүүнүн негизинде түптөлгөн. Анын сүннөтүн орундатуу, аны өзүбүздүн жашообузда жол көрсө- түүчү кылып кабыл алуу дегендикке жатат. Бирок сүннөткө баш ийүү, ал жашаган коомдун өзгөчөлүктөрүн эске албай, баардык нерсени азыркы учурга ташуу дегендик эмес. Аны үлгү алып жатканда, кылган ишинин калыбын

эмес, эмне себептен ал ишти кылганын эске алышыбыз керек. Аз. Пайгабардын тууралыгы, адилеттүүлүгү, сүйүүсү, сый-урматы, тынчтык сүйөөрдүгү, гумандуулугу, сылык мүнөзү, аракетчилдиги жана тазалыкка маани берүүсү мисал алыныш керек.

Туура жана чынчыл болуу, адилет, тынчтык ж.б. дүйнөнүн баардык жеринде жогорку баалуулуктар б.э. Пайгамбарыбыздын жолун жолдоп жатып бул нерсени унутпашыбыз керек. Тагырак айтканда сүйлөгөн сөздөрүн, кылган иштерин туура түшүнүп, туура колдонуу үчүн, ал сөздөрдүн же кылган иштердин эмне себептен айтылганын жана кылынганын, учурдун шарттарын эске алыш керек. Мисалы өзү даайыма кылып жүргөн жана эгер кыйынчылык туудурбаса ар намаздан мурда тишти тазалап жүрүүнү сунуштаганын карап көрөтурган болсок, анын айткысы келген нерсе, тиш эле эмес жалпы тазалык болгон. Себеби тазалык ыймандан б.э. Бирок таза болууну адат кылуунун жол жобосун үйрөтүүчү маалымат берген эмес. Андай болсо таза болуп жүрүү үчүн керектелген буюм тайым, ар бир коомдун маданий жана экономикалык шартына байланыштуу болуш керек. Ал убакта тиш тазалоо үчүн “мисвак” деген дарактын бутагы колдонулган болсо, азыркы учурда мисвактан сырткары тиш жуучу щетка жана тиш жуучу паста колдонулат. Мындайча айтканда Аз.Пайгамбардын мисвак колдонгонун эмес, тишин даайыма тазалап жүргөндүгүн үлгү алуу керек.



Айта кетчү нерсе, пайгамбар ибадат кылган учурда болсун, күнүмдүк иштерде болсун оңой жолду тандоону орундатууга аракет кылганын унутпоо керек. Аз. Пайгамбар Аллахтын кулдарына кыйынчылык эмес, оңойчулукту каалаганын айтып, иш кылганда оңой жолду тандоону сунуш кылган. Бул маселеге тийешелүү мындай кабар айтылат: Меккени алганда пайгамбардын жанына бир адам келип: “Эгер Аллах сага Меккени алууну насип кылса, Иеурсалимде намаз кылууга өзүмү атадым”, дейт. Пайгамбарыбыз болсо, “Намазыңы бул жерде кылганың пайдалуу болот”, деп жооп берет. Аз. Пайгамбардын Меймуна деген аялы да: “Эй Аллахтын элчиси! Эгер Аллах сага Меккени алууну насип кылса, Иеурсалимде намаз кылууга өзүмү атадым”, деп айтат. Пайгамбар ага да: “Сенин күчүң жетпейт”, деген жооп айтат. Меймуна кайра: “Жаныма жоокерлерди алып барам”, дегенде: “Сенин муну кылганга күчүң жетпейт. Иеурсалимдин чырагында колдонуучу май жөнөткүн. Ал жерге барган болуп эсептелесиң”, дейт. Мындан улам Меймунанын ар жылы Иеурсалимге, чырактардын майы үчүн акча жөнөтүп тургандыгы айтылат. Пайгамбарыбыз, “Каерде оңойчулук болсо ал жерде сулуулук бар. Жеңилдиги болбогон баардык иште сулуулук болбойт” (Муслим, Бирр, 77), деген сөзү менен жеңил ишке басым жасаган.



**Кезек Сизде**

Аз. Пайгамбардын кайсыл мүнөзүн үлгү алдыңыз?

# 3 Аз. Пайгамбардын Адеп-Ахлагы

Бул бөлүмдө Аз. Пайгамбардын жашоосунан кээ бир мисалдар каралып, анын адеп-ахлагы тууралуу маалымат берилет жана азыркы учурда бул мисалдардын биздин жашообузга ылайык кантип жоромолдонуусу керектиги каралат.

**Ой Жүгүртүү**

Ишенген адамыңыз барбы? Аз. Пайгамбарга эмне үчүн “ишеничтүү” деп айтылган?

## Ишеничтүү Болгондугу

Аз. Пайгамбар элдин баары ишенген адам болгон. Ишеничтүү жана өзүнө өзү ишенген инсан болуп эсептелген (Ибн Саъд, I, 156).


Ал, “... Эң жакын адамыңа айт” (Шуара, 26/214) аяты аян болгондо Сафа деген дөңгө чыгып: “Эй Курайш калкы! Эгер мен силерге, ушул дөңдүн аркасында, шаарды басып алууга келген душман бар десем, мага ишенесиңерби?”, деп сурайт. Айланасына топтолгон эл: “Ооба. Сенин жалган сүйлөгөнүңү укпадык”, деп жооп беришет (Ибн Саъд, I, 200).

**Билесизби?**

Ыймандуулар да ыймансыздар да Аз. Пайгамбардын туура жана ишеничтүү адам экендигин кабыл алышкан. Ал ошол коомдун эң ишенимдүү адамдарынан болгон. Бул өзгөчөлүгүнөн улам, узак жака кеткендер баалуу буюмдарын ага таштап кеткен.

Соодадан пайда тапкысы келгендер да андан жардам сураган. Туура адам болгондуктан, кербенден түшкөн пайданы уурдабай, кербендин ээсине тапшырган.

Исламдын жайылуусу жана эгемен болуусунда анын ишеничтүү болгондугунун чоң орду бар. Ишеничсиз адамдын мынчалык көп элди айланасында топтоосу мүмкүн эмес. Аз. Пайгамбар бул өзгөчөлүгү аркылуу инсандарга жол көрсөтө алган. Коомдун баардык жеринде ишеним сезиминин өзгөчө орду бар. Инсандардын бири бири менен болгон мамилесинен тартып, өлкөлөрдүн ортосундагы мамилеге чейин, билим берүүдөн экономикага чейин баардык иште, адам заты ишеним арткан сайын ийгилике жетип турат. Ишеним сезими кыйынчылык менен түптөлгөн, бирок оңой жоголгон нерсе. Ошондуктан адамдардын ишенимин табуу үчүн жасалган аракет баалуу иштерден б.э. Бирок бул аракет даайыма жасалышы керек. Себеби кичинекей себептен улам жоголгон ишеним кайра калыптанбашы мүмкүн. Бул темада Аз. Пайгамбар мисал алынып, ар убак инсандардын бизге ишенүүсүнө себеп болчу иш аракеттерди жасашыбыз керек.



**Кезек Сизде**

Аз Пайгамбардын ишеничтүү болуусу Исламдын жайылуусуна кандай таасир тийгизген. Мисал бериңиз.

## Сабырдуулугу

Аз. Пайгамбар башынан өткөн нерселерге маани берип жана туура чечим кабыл алып, жашоону жөнөкөйлөтүү маселесинде бизге туура жолду көрсөтө алган. Сабырдуулук ал үчүн, бир нерсеге туш болгондо, ал нерсеге көрсөтүлгөн эң биринчи чечим менен тыгыз байланыштагы иш аракет б.э. Пайгамбарыбыздын бир окуя болгондо айткан сөзү бул маселени ачыктоочу мааниге ээ:

Аз. Пайгамбар мүрзөнүн башында ыйлап жаткан бир аялдын жанына барып: "Аллахтан корк жана сабыр кыл", деп айтканда ал аял: "Бар жогол. Мен түшкөн абалга сен түшкөн жоксуң", деп жооп айтат. Жанындагылар ал аялга бул адам пайгамбар экендигин айтышат. Аял пайгамбардын жанына келип: "Кечиресиң. Сени таанābадым", деп кечирим сурайт. Аз. Пайгамбар ал аялга: "Сабыр жамандык келген учурда кылынуусу керек", деп айткан (Бухарий, Жанаиз, 32, 43).

Негизинен ойлонбой иш кылуу, бат чечим чыгарып, сезимдер аркулуу иш жасоо сабырсыздыкка жатат. Ачууланганда кыйкырып өкүрүү, уруп согуу сабырсыздыкка кирет. Мындай мамиле аны кылган адамды да жанындагы адамды да жабыркатуучу кыймыл аракет болуп саналат. Сабырдуулук менен кылынган иш, туура чечим кылууга себеп болот. Ачуусун токтото алган адам, кийин өкүнө турган сөз сүйлөбөөгө жана жаман мамиледе болбоого жетишет. Сабырдын пайдасы ушул убакта билинет.

Ачуулануу жана өпкөлөнүү адамдын туура ойлонуусуна жана туура чечим кылуусуна тоскоол болот. Адам мындай учурда кылган иштери үчүн кийин өкүнүп калат. Бирок көпчүлүк учурда кайра артка кайтып ал ишин оңдоого мүмкүн эмес экендигин, оңдосо да мурдагыдай болбостугун билет. Аз. Пайгамбар ачуусу келгенде өзүнө ээ боло алган адамдын, чыныгы күчтүү адам экендигин айтып кеткен (Бухарий, Адаб, 76; Муслим, Бирр, 107).

Аз. Пайгамбарыбыз жоопкерчилигинен улам кыйынчылык тартканын кошпогондо, пенде катары да көп азап тарткан. Аз. Фатимадан башка уул-кыздарын өзү тирүү кезде жоготкон. Уул-кыздары каза болгон учурларда кейип, көз жашын төккөн. Уулу Ибрагим каза болгондо тоону карап: "Ээй тоо! Мен тарткан азапка сен туш болгонуңда эрип жок болуп кетет элең. Бирок биз Аллах буйрук кылгандай: Биз Аллахтын кулдарыбыз жана ага кайтып барабыз, шүгүр ааламдын ээси болгон Аллахка таандык дейбиз", деп эң оор күндө да сабырдуу болгондугун көрсөтө алган (Белазурий, I, 452).

Ага кошо даават (чакыруу) милдетин кылып жүргөндө туш болгон азап тозокко да сабыр кылып, эч качан наалат айткан эмес. Ал үчүн оор тажрыйба болсо да, Таиф сапарынан кийин да "Аллах аны ааламга мээрим кылып" (Анбия, 21/107) жөнөткөнүн эске алып өзүнө зулум кылгандарга наалат айтпаган.

**Билесизби?**

Аз. Пайгамбар сабыр кылуунун, эч нерсе кылбай күтүү же каршы чыгуу эмес экендигин, мүмкүнчүлүккө ээ болуу жана абалдын оңолуусу үчүн чын жүрөктөн аракет кылуу экендигин айткан жана бул нерсени өз жашоосунда көрсөтө алган.

Аз. Пайгамбар жаман окуя болгондо чөкпөстөн, сабыр кылуунун оор бирок адамга сүйүнүч тартуулаган жана жан дүйнөнү бекемдеген нерсе экендигин үйрөткөн. Бул мүнөздүн калыптануусу жана бекемделүүсү үчүн даайыма үйрөнүүгө, билүүгө умтулуп жашоо керек экендигин айткан. Себеби маалыматсыздык адамды ачуулануунун тузагына түшүрөт. Окуянын түпкү маанисин түшүнүүнүн ордунда, көзү менен көргөн нерсеге гана ишенүүгө, жыйынтыгында туура эмес чечим кылууга алып барат. Мындан улам Аз. Пайгамбардан үлгү алып, анын туш болгон кыйынчылыктарды сабырдуулук менен жеңгендигин жана кыйын абалдан кутулуу үчүн кайсыл негиздерге таянганын үйрөнүүбүз керек.

**Изилденип-Үйрөнгүлө**

Аз. Пайгамбардын сабырдуулугу тууралуу окуяларды изилдеп, сизде кандай таасир калтырганын жазыңыз.

## Убакыттын Туура Колдонулуусу

Аз. Пайгамбар Курандагы убакытты туура колдонуу негиздерин жашоосунда кантип колдонгонун айта кетүү абзел. Куранда убакыт тууралуу эмне деп айтылганын карайлы. Куранда "убакыт" ал үчүн ант ичүүгө татыган баалуу нерсе катары айтылат:

"Убакытка ант болсун, инсан чындап зыянда" (Аср, 103/1-2).

Убакыт өтө баалуу жана кайра кайтарып алганга болбогон өтө маанилүү нерсе. Баардык адам үчүн бир күндө 24 саат, бир жумада 7 күн бар. Убакыт даайыма алдыга карай жылат, топтолбойт, кайталанбайт, бир гана коротулат. Андыктан убакытты пландуу түрдө башкаруу керек. Куранда бул тууралуу пайгамбарга жана баардык адам затына буйрук кылынган:

"Кыйынчылык менен бирге сөзсүз түрдө бир оңойчулук да берилет. Кыйынчылык менен бирге чындап бир оңойчулук берилет. Андай болсо бир ишти бүтүрүп экинчисине өт. Бир гана Раббиңе таян жана ага жалбар" (Инширах, 94/5-8).

Бул насыйкатта, инсандардын убакытты пайдалуу иштер үчүн жумшоосу, даайыма бир иш менен алек болуусу жана бир иш бүткөндөн кийин жаңысына өтүүсү керек экендиги айтылган. Пайгамбарыбыз убакытты жакшы пландап, ар күндү мурунку күндөрдөн пайдалуу кылып өткөрүү керек экендигин баса белгилейт.

**Кезек Сизде**

Убакытты туура колдонуу жөнүндөгү хадистерден кайсыл негиздерди тапсак болот?

## Аз. Пайгамбардын Кеңешип Иш Кылууга Маани Берүүсү

Пайгамбарыбыз Аз. Мухаммед (с.а.с.) инсандарга маани берип: “Мусулмандардын иштери кеңешүүгө таянат” (Шура, 42/38), деген негизди өз жашоосунда да колдонгон.

Ал бир адамдын кылган кесиби боюнча туура маалыматты билээрине таянып: “Билбесеңер билгендерден сурагыла” (Нахл, 16/43), аяты боюнча иш кылган. Бул жерде бирөөгө сый-урмат көрсөтүүнүн эмне екендигин да айта кетүү керек. Сый-урмат бир гана жакшы сөз сүйлөө менен чектелбей, ошону менен бирге аң сезимге таянган тарабы да бар. Тагырак айтканда инсандарга пикирин сыйлаганыңызды айтып, бирок өзүңүз билген нерсени эң туура деп кабыл алып жана кылган ишиңизди да өзүм билемге салсаңыз бул башка адамдарга сый-урмат көрсөтпөгөндүк болот. Себеби сый-урмат кеңешүүнү, жардамдашууну жана колдоону камтыйт.



Аз. Пайгамбар социалдык жашоосунда, бир иш кылганда башкалар менен кеңешүүнү унуткан эмес. Бул нерсе анын коомдун турмушун тартипке салуусунда жана элге үлгү болуусунда маанилүү орунга ээ болгон.

**Билесизби?**

Бедир Согушунан кийин, колго түшкөндөргө эмне кылуу керектигин сахаба менен кеңешип, натыйжасында пайдалуу жыйынтыкка жетишкен. Колго түшкөндөр кун төлөп, төлөй албагандар он балага окуп жазууну үйрөтүп анан кутулушкан. Аң Казуу Согушу да кеңешүүнүн натыйжасында ийгиликтүү аяктаган.

Бул нерсе пикирдешүүнүн канчалык маанилүү жана керектүү нерсе экендигин далилдеп турат.

Бирөө менен кеңешип жатканда эмнелереге көңүл буруу керектиги тууралуу да Аз. Пайгамбарды үлгү алышыбыз керек. Ал төмөндөгү аятта айтылгандай, кеңешип жатканда инсандарга жылуу мамиле көрсөткөн:

“Аллахтын мээриминен улам сен аларга жылуу мамиледе болдуң. Эгер копол, таш боор болгонуңда айланаңа топтолушпайт болчу. Эми сен аларды кечиргин. Алар үчүн Аллахтан кечирим сура. Иш кылганда алар менен кеңеш. Ишиңи бүтүргөндө

ийгиликти Аллахтан күткүн. Шексиз түрдө, Аллах ийгиликти андан күткөндөрдү сүйөт” (Аал-и Имран, 3/159).

Анын бул кылгандарын биз да жашообузда колдонушубуз керек.

## Көздөгөн Максатына Бекемдиги

Мухаммед (с.а.с.) пайгамбардык милдети жүктөлгөндөн кийин өзүн бул кызматка атаган. Аз. Пайгамбардын таза нийети, жоопкерчилиги анын доосуна болгон ишениминин кепили б.э.

Аз. Пайгамбар дин доосуна өзүн атоо менен бирге, эч кандай кыйынчылыкка жеңилбей, максатына жетүү үчүн бар күчүн жумшаган. Бир топ кыйынчылыкка туш болгон убагында, мушриктер ага авасын жөнөтүп: “Эмне сураса беребиз, бул максатынан кайтсын”, дешкенде:

“Жанымын ээси болгон Аллахка ант ичем; Бул ыйык доомдон кечүү үчүн оң колума күндү жана сол колума айды беришсе да алардын айтканын кылбаймын. Мага Раббим жетиштүү ...” (Ибн Хишам, I, 265-266), деп жооп берип, доосуна канчалык бекем экендигин билдирген.

Анын мынчалык бекем болгондугунун себеби, доосуна болгон ишеними болгон. Ал бул максаты үчүн эч качан аранжыга түшкөн эмес. Чоң ийгиликке жетүүсүнүн түпкүрүндө да анын бул кызматка чын жүрөктөн берилгендиги турат. Өзү чакырган динге бекем байлангандыгы үчүн, башкаларды динге чакырганда жана аларга динди үйрөткөндө ийгиликке жетишкен. Аны менен бирге айткан нерселерин өз жашоосунда аткарган. Өзү айткан нерсесин өзү кылбаса көп таасири болмок эмес. Бул нерсе инсандар үчүн маанилүү болгон. Себеби ар бир адам эң биринчи, өз сөзүнө жана өз ишине жан дүйнөсү менен байланып, аркасында туруусу керек. Аны менен бирге пайгамбарыбыз эч үмүтсүздүккө туш болбогон. Даайыма сабырдуу, ишенимдүү жана чечкиндүү болгон. Аны мисал алган адамдар кылган ишинде бекем туруп, кыйынчылыкка дуушар болгондо жолунан кайтпай, үмүттүү болуп жүрүүсү керек.

**Кезек Сизде**

Инсан Аллахтын ыраазычылыгына жетүү үчүн чечкиндүү болуусу керектиги тууралуу ой жүгүртүңүз.

# Инсандарга Бирдей Мамиле Кылуу

**Ой Жүгүртүү**

Инсандарды бөлүп жаруу алар менен болгон мамилебизге кандай таасирин тийгизет?

Пайгамбарыбыз Аз. Мухаммед (с.а.с.): "Ээй Мухаммед! Биз сени баардык адам затына кабарчы жана эскертүүчү кылып жөнөттүк ..." (Саба, 34/28), аятында айтылгандай, ал адам затына пайгамбар кылып жөнөтүлгөн. Анын милдети Аллахтан алган аяндарды инсандарга жеткирүү болгон. Инсандарды динге чакыруу үчүн аларды тынбай чогултуп турган жана ар жерде ар шартта даават кылып турган. Ал инсандарды динге чакырып жатканда аларды бөлүп жарбай, баарына бирдей мамиле жасаган. Бай-кембагал, ак-кара, аял-эркек, кул-эркин адам дебестен баардык статустагы инсандарды динге чакырган.

Ал инсанды инсан болгону үчүн баалаган. Адамдарды кемсинтүүгө даайыма каршы болгон. Мурун кул болуп жүргөн Билалды өзүнүн муаззини кылып алган. Кулдуктан кутулган Зайд бин Харисти Ислам армиясынын генералдыгына чейин алып келген.

Ал инсандарды бөлүп жарууну четке каккандыгын Акыркы Кайрылуусунда төмөндөгүчө баяндайт:

"... Эй инсандар! Раббиңер бир, атаңар бир; баарыңар Адам атанын уулдарысыңар, Адам ата болсо топурактан жаралган. Аллах үчүн эң кадырлуу болуп эсептелгендер, ага татыктуу болуп анын буйругуна каршы чыгуудан узак тургандар б.э ..." (Ибн Хишам, Вада Кутбасы, II, 601). Бул сөз баардык инсандар үчүн үлгү болуусу керек. "Ээй инсандар, силерди бир адамдан жана аялын да андан жаратткан; экөөсүнөн бир топ эркек жана аялды (жаратып) тараткан Раббиңизге каршы чыгуудан сактангыла ..." (Ниса, 4/1), маанисиндеги аят да бул нерсеге басым жасоодо. Жаралуу бир атадан башталган. Андай болсо адамдарды бөлүп жаруу, ар кимге ар башка мамиле жасоо адам заттын зыян тартуусуна алып келет. Адамга жаш кезден баштап бул маселени туура түшүндүрүүнүн чарасын көрүү керек.

**Изилденип-Үйрөнгүлө**

Аз. Пайгамбардын инсандардын баарына бирдей мамиле кылуусунун маанисин, Исламдын негизине таяндырып анализдеңиз.

## Адилеттүү Болуусу

Аз. Пайгамбар инсандарга адилеттүү мамиле кылуу үчүн милдеттендирилген:

"Ээй Мухаммед! Мындан кийин сен даават кыл жана сага буйрук кылгандай туура болгун; алардын каалоосуна моюн сунба жана мындай дегин: Аллах жөнөткөн китепке ишендим; силерди адилеттүү болуп башкарууга милдеттендирилдим ..." (Шура, 42/15).

Адилеттүүлүк коомдун тынчтыгы жана бейкуттугу үчүн өтө керектүү нерсе. Сүйүктүү пайгамбарыбыз да иштерин адилеттүү түрдө кылып, бул маселеде бай-кембагал деп элди бөлбөгөн. Аз. Мухаммед (с.а.с.) адилетти иинсандардын тынчтыкта жашоосунун негизи катары эсептеген.

Төмөндөгү окуя пайгамбарыбыздын адилеттүүлүккө канчалык басым жасаганын көрсөтүп турат:

Махзун уруусунда бир аял уурулук кылат. Соттолуп жазасы белгиленет. Жазанын орундатылбашы үчүн кээ бир сахабалар, Аз. Пайгамбар эң жакшы көргөн жана сөзүнө жок дебеген Усама бин Зейдди ортомчу кылып пайгамбарга жөнөтүшөт. Усама Аз. Пайгамбарга барып абалды түшүндүрөт. Аз. Пайгамбар ачууланып Усамага: “Аллахтын буйругун аткарбашым үчүн мага ортомчу болуп келдиңби?”, дейт жана мечитке барып элге мындай деп кайрылат:

“Унутпагыла, силерден мурдагылар бай жана күчтүү адамдар айып иш кылса жазаландырышпаган. Бирок кембагал жана алсыз адам айып иш кылса ага жаза беришкен. Алар ошон үчүн жок болушту” (Бухарий, Худууд, 12; Муслим, Худууд, 8-9).

Коомду биримдикте кармап турган нерсе бул адилет. Ошондуктан пайгамбарыбыз баардык ишин адилеттин негизине таяндырган. Укук маселесинде аяр мамиле жасап, эч кимдин жанына жана мүлкүнө зыян тийгизбей, мойнуна кул акы жүктөлүүсүнөн узак турган. Кокусунан бирөөнү таарынтып алса, катасын оңдоого умтулган. Мисал беретурган болсок: Хунайн Согушунда төөсүн минип бараткaнда, бир сахаба төөсү менен пайгамбардын жанына келет. Анын өтүгүнүн кончу пайгамбардын бутуна тийип өйкөй баштайт. Пайгамбар анын бутуна камчы менен уруп, узагыраак туруусун айтат. Эртеси күнү сахабаны жанына чакырат. Таңыркап пайгамбардын жанына келген сахабага: “Сен кече бутуму оорутканың үчүн мен камчы менен урдум. Сага мунун акысын берүү үчүн чакырдым”, дейт жана ага сексен кой берет (Табарий, III, 93).

Аз. Пайгамбар зулумдук кылууну даайыма четке кагып, өзү ар дайым бей бечараны колдогон. “Мусулман мусулмандын бир тууганы, ага зулумдук кылбайт ...” (Ибн Ханбал, II, 91), деген хадиси аркылуу маанилүү нерсеге басым жасап, бир туугандардын бири бирине жамандык кылбагандыгын, кылбастыгы керектигин белгилей кеткен. “Ээй ыйман кылгандар! Аллах үчүн акыйкатты түптөп турган, адилеттүүлүк менен күбө болуучу адам болгула. Бирөөгө кек сактоо силерди адилетсиздикке түртпөсүн. Адилеттүү болгула ...” (Маида, 5/8), аятындагы буйрукка моюн сунуп, инсандарга үлгү болуп, зулумдуктун жакшылыкка алып барбастыгын жана тескерисинче кылган зулумдук ар кимдин өзүнө кайтарын билдирген.

**Кезек Сизде**

Аз. Пайгамбардын адилеттүүлүгүн өзүңүздүн адилет түшүнүгүңүз менен салыштырыңыз.

## Кечиримдүүлүк

“Ааламга мээримдүүлүк” (Анбия, 21/107) катары жөнөтүлгөн сүйүктүү пайгамбарыбыздын жашоосу чындыгында, инсандарга мээримдүү жана кечиримдүү мамиле кылуу менен өткөн. Ал жаңы аян келе баштаган учурда эле шылдыңдалып кемсинтилсе да эч кимке кек сактаган эмес. Жада калса аны өлтүрүүгө аракет кылгандарды да кечирген. Ал Аң Казуу Согушунда авасы Аз. Хамзаны өлтүрткөн Хинд менен аны өлтүргөн Вахшини да кечирген. “Эгер бирөөгө жаза берсеңер, силерге кандай жаза берген болсо эки эсе кылып жазаландыргыла. Жок эгер сабырдуулук көрсөтсөңөр анда бул сабыр кылгандар үчүн дагын да пайдалуу” (Нахл, 16/126), аятынын сабырдуулук насыйкатына басым жасаган.

Ал бир гана айланасындагыларга эмес, башка диндегилерге да жакшы мамиле жасаган. Өкүлдөр Жылында (хижраттын 9-ж.) Нежрандан келген христиан топ, асыр намазы убагында Месжид-и Небевийге келишкен болчу. Аз. Пайгамбар сахаба менен бирге намазды жаңы эле бүтүргөн болчу. Ал жерге келген христиандардын да сыйынуу убагы келген учур эле. Алар чыгыш тарапты карай ибадат кылууга чамынышат. Пайгамбардын досторунун бир бөлүгү мечитте алардын сыйынуусуна каршы чыгат. Бирок Аз. Пайгамбар аларга ибадатын кылууга мүмкүндүк таанайт жана алар ээн эркин сыйынуу милдетин аткарышат.



**Билесизби?**

Пайгамбарыбыздын жашоо түшүнүгү жана мүнөзү боюнча кечиримдүүлүк бул жөн коюу, кенебестик, көрмөксөн болуу жана иш албоо дегендик эмес.

Кечиримдүү мамиле ошол эле учурда, мүмкүнчүлүк тааныган тарбиялык мааниге ээ. Аз. Пайгамбар бул метод аркылуу үйрөтүлчү нерсени үйрөтүп, андан соң ал адамды көзөмөлдөп турган. Мечиттин ичин кирдеткен карапайым адамды жазаландыргысы келгендерге тоскоол болуп, кир болгон жерге суу төгүп тазалоону айтып: “Силер кыйындаштыруу үчүн эмес, оңойлоштуруу үчүн бул дүйнөгө келгенсиңер” (Бухарий, Вудуъ, 58; Адаб, 80), деген жана ал адамга тазалыкты кантип сактоо керек экендигин үйрөткөн.

Аз. Пайгамбар: “Ырайымдуу болсоң сага да ырайымдуу болушат” (Ибн Ханбал, I, 248), хадисинде бул нерсенин эки тараптуу экенине басым жасаган. Ырайымдуу мамиле каалаган адамдын, эң биринчи өзү ырайымдуу болуусу керектигин белгилей кеткен. Бул кечирим сезимин өз кызыкчылыгы үчүн пайдалангандарга да сабак түрүндө. Кечиримдүүлүк бир тараптуу мамиле сыяктуу кабыл алынса анда белгилүү убактан кийин ортодогу мамиле бузулушу мүмкүн. Андай болсо кечиримдүүлүк сезими эки тарапта да болуусу керек.

Аз. Пайгамбардын бейкут коом жаратуу максаты болгондуктан, ырайымдуулукту өз көмөчүнө күл тартуу үчүн колдонгондордон этият болгон. Тагырак айтканда

Аз. Пайгамбар кечирүү керек болгондо кечирип, ошону менен бирге ката кылган адамдын катасын оңдотууга аракет жасаган.

**Кезек Сизде**

Канчалык кечиримдүү экендигиңизди Аз. Пайгамбардын ырайымдуулугу менен салыштырыңыз?

## Бөлүмдү Жыйынтыктоо

Куранда Аз. Мухаммеддин биз сыяктуу пенде экендигине басым жасалган. Аны бизден айырмалап турган эң негизги нерсе, анын Аллахтан аян алгандыгы экендиги айтылган.

Пайгамбарыбыз адам затына жөнөтүлгөн акыркы пайгамбар б.э. Ал 23 жылдык пайгамбардык убагында Исламды түшүндүрүп, ошону менен бирге жеткирген нерселерин өзү да жашоосунда колдонуп, инсандарга үлгү болгон. Бул милдетин аткарып жүрүп көп жолу кыйын абалга туш келсе да ага чыдап, сабырдуу жана чечкиндүү кадам жасай алган.

Аз. Пайгамбар Исламды түшүнүү жана түшүндүрүүдө адамдарга үлгү болгон. Ибадаттарды аткарууда болсун, эл менен болгон мамиледе болсун дайыма туурасын жасап, мусулмандарга аны мисал алуусун сунуштап кеткен.

Ишенимдүү жана адилеттүү болуп, адамдардын баарын бирдей көрүп, эч кимди бөлүп жарган эмес. Убакытты туура колдонуп, инсандарды бул маселеде этият болууга чакырган. Ар бир адамдын пикирине баа бере алган. Бир иш кылганда Аллахка ишенүүнү, чечкиндүү болууну үйрөткөн жана насаат кылган.

## Бөлүмдү Анализдөө

1-Курандагы Аз. Пайгамбарды пенде катары мүнөздөгөн аяттарды айтып бериңиз.

2-Куранда Аз. Пайгамбарды пайгамбар катары мүнөздөгөн аяттарды айтып бериңиз.

3-Аз. Пайгамбар эл менен болгон мамилесинде кайсыл негиздерге таянганын ачыктаңыз.

4-Аз. Пайгамбарга эмне үчүн “ишеничтүү” деп айтышкан.

5-Аз. Пайгамбар даават кылганда кайсыл учурларда сабырдуулук көрсөткөн.

6-Аз. Пайгамбардын убакыт тууралуу айткан сөзүн ачыктаңыз.

7-Аз. Пайгамбар кеңешип иш кылган бир окуяны ачыктаңыз.

8-Аз. Пайгамбардын доосуна канчалык бекем экендигине мисал бериңиз.

9-Аз. Пайгамбар инсандардын тең укуктуу экендигин кантип ачыктаган.

10-Аз. Пайгамбардын адилеттүүлүгүн мисал менен ачыктаңыз.

11-Аз. Пайгамбар эмче үчүн ырайымдуу болууну насаат кылган? Ачыктаңыз.

## Жыйынтыктоочу Суроолор

**1-Төмөндөгүлөрдүн кайсынысы Аз. Пайгамбардын үлгүлүү мамилесинин негиздеринин бири эмес?**

А) Кичи-пейилдик Б) Текебердик

В) Адилеттүүлүк Г) Сый-урмат

**2-Аз. Пайгамбарга "ишеничтүү" деп айтылуусунун себеби эмне?**

А) Сабырдуу болуусу Б) Кеңешип иш кылуусу

В) Убакытты туура колдонуусу Г) Ишеничтүү болуусу

**3-Кайсыл сүрөдө "убакыт" үчүн ант ичилген?**

А) Исра Б) Кавсар

В) Аср Г) Ихлас

**4-Төмөндөгүлөрдүн кайсынысы убакытты туура колдонууга тоскоол болот?**

А) Ишти пландуу кылуу Б) Күчтүн баарын бир ишке жумшоо

В) Жок деп айтууну билбөө Г) Кыйын иштен баштап оңой ишке өтүү

**5-"Кеңешүү" деген эмне?**

А) Ар ишти өзү билип жасоо Б) Бир иш тууралуу жоопкерчилик алуу

В) Чечкиндүү болуу Г) Бирөөнүн пикирин суроо

**6-Аз. Пайгамбардын көз карашы боюнча "кечиримдүүлүк" деген эмне?**

А) Жөн койуу Б) Көрбөстүккө салуу

В) Шылдыңдоо Г) Туура мамилени үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк берүү

пайгамбарым

# V БӨЛҮМ

# Аз. Пайгамбардын Карым-Катнаш Түшүнүгү

1-Өмүрлүк Жолдош Катары Аз. Мухаммед

2-Ата Катары Аз. Мухаммед

3-Чоң Ата Катары Аз. Мухаммед

4-Коңшу Катары Аз. Мухаммед

5-Жакын Тууган Катары Аз. Мухаммед

6-Дос Катары Аз. Мухаммед

## БӨЛҮМ ТУУРАЛУУ

Бул бөлүмдө Аз. Пайгамбардын инсандар менен болгон карым-катнашы каралат. Бул маселе боюнча анын турмушунан мисал алынып, аны эл менен жакшы мамиледе болууга түрткөн аяттар берилет.

## ПЛАН

1-Аз. Пайгамбардын элдин арасында өзүн кандай алып жүргөнүн баамдоо.

2-Эл менен болгон карым-катнашында эмнеге көңүл бурганы ачыктоо.

3-Биз аны үлгү алганда эмнеге басым жасашыбыз керектигин белгилөө.

4-Күнүмдүк турмушубузда пайгамбарыбыздын кылган иштерин кантип орундатуу керек экендигин анализдөө.

## ОКУУ ЭРЕЖЕСИ

Бул бөлүмдү окуунун эрежеси:

1-План коюп окуу жана тийешелүү бөлүмдү анализдөө;

2-Аз. Мухаммеддин (с.а.с.) өмүр баянын үйрөнүү үчүн бул китеп менен чектелбөө. Кошумча булактарды изилдөө;

3-Аз. Мухаммеддин (с.а.с) өмүр баянына тийешелүү кино тасмаларды көрүү.

# 1 Өмүрлүк Жар Катары Аз. Мухаммед

**Ой Жүгүртүү**

Бейкут турмуштун түптөлүүсүндө жана өнүгүүсүндө аял заты кандай орунга ээ?

Аз. Пайгамбар диний баалуулуктарга бекем байланган үй-бүлө, өнүккөн коомдун пайдубалын түзөт деп айткан. Үй-бүлө курууну үгүттөп, ошол эле учурда баш кошууну оңойлоткон жана аял менен эркектин укуктарын белгилеген. Өзү да өмүрлүк жолдош катары аялардына жакшы мамиле жасаган, алардын укугун тебелебеген жана эч убакта копол мамиле кылган эмес. Жахилия доорунда аялдардын коомдогу орду эркектен төмөн болчу. Аз. Пайгамбар өз жашоосунда үлгү болуу менен бирге, инсандарга ушул сөзүн насаат кылган:

"Эң жакшы адам бул, үй-бүлөсүнө жакшы мамиле кылган адам б.э. Мен болсо үй-бүлөмө эң жакшы мамиле жасаган адаммын" (Ибн Маажа, Никах, 50).

Аз. Пайгамбар биринчи Аз. Хадича менен үйлөнгөн. Аз. Хадича каза болгонго чейин башка аялга үйлөнгөн эмес. Аны менен бактылуу турмуш курган. Аз. Хадича ага ишенген жана ар ишин колдогон өзгөчө орунга ээ аял болгон. Аз. Пайгамбар да дайыма анын коңулун көтөрүп, жакшы күткөн.

Аз. Пайгамбар үй-бүлө болуп жашоого берген баасын ыйман жана адеп-ахлак менен бекемдеген:

"Эң бекем ыйманга ээ болгон момун; адеп-ахлактуу жана үй-бүлө мүчөлөрүнө эң жакшы мамиле кылгандар б.э." (Ибн Ханбал, VI, 47).

Бул хадисте жакын адамдарга назик мамиледе болуу макталган.

Аял менен эркек бири бири менен сүйүнүчүн жана күйүнүчүн бөлүшкөн эң жакын адамдар болуп саналат. Аз Пайгамбар да кубанычын жана кайгы муңун аялдарына айтып, алар менен ой бөлүшүп турган. Аялдын эркекте, эркектин аялда акысы бар экендигин жана Бакара сүрөсүндө (2/187) буйрук кылынгандай: "... Алар (аялдар) силерге коргоочу, силер да аларга коргоочусуңар ..." деп, аял менен эркектин бири бирин коргоо жана бири бирине жөлөк болуу милдети бар экендигин айткан. Айрыкча аялдарга оор мамиле жасаган эркектерге: "Аялдарыңарды күндүз уруп, кеч

киргенде бирге болуп жатасыңарбы?!" (Ибн Ханбал, IV, 17), деп аялын ургандарга ачуусу келип, аларга эскертме берген.

Аз. Пайгамбар аялдарынын тууган уругуна да көңүл буруп турган.

Аялдарынын жана башка үй-бүлөлөрдүн коңул ачуусу жана эс алуусу үчүн мүмкүнчүлүк түзүп берген. Хабештен келген топ, бир майрамда мечиттин айбанында оюн-зоок уюштурганда, Аз. Аиша тамаша кылууну суранат. Аз. Пайгамбар анын сунушун кабыл кылып, оюн-зоок бүткөнгө чейин жанында күтүп турат (Муслим, Салатул-Иидайн, 18-19).

Айрыкча рамазан жана курман майрамында кыздары менен аялдарын алып барып, алардын көңүлүн ачып турган.

Аз. Пайгамбар аялдары менен дайыма кеңешип иш кылган. Мисалы Худайбияда тынчтык келишими түзүлгөндөн кийин сахабаларга курмандык чалып, чачын алууну айтат. Алар болсо келишимдеги шарттар мусулмандардын зыянына болду дешип, пайгамбардын сөзүн аткарышпайт. Аз. Пайгамбар бул нерсеге капа болуп, Умму Селеме деген аялынын жанына барып абалды түшүндүрөт. Ал: "Эй Элчи! Сен чыгып курмандык чал, чачыңы ал. Алар аркаңдан сенин кылганыңы кылышат", деп айткан. Аз. Пайгамбар анын сөзүнө макул болуп, айтканын орундатат. Чынында ал айткандай сахабалар пайгамбардын кылганын кылышат (Вакыдий, II, 613).



Айрыкча Аз. Пайгамбар, башка аялдар да динди туура так үйрөнсүн деп, өзүнүн аялдарына илим-билим үйрөтүп тарбиялаган. Алардын илимге билимге болгон кызыгуусун арттырган. Аз. Аиша Аз. Пайгамбардан эң көп хадис риваят кылгандардын бири б.э. Аз. Пайгамбар илимдүү, билбегенин тартынбай сураган чыгаан ансар аялдарын мактаган (Муслим, Хайз, 13).

## 2 Ата Катары Аз. Мухаммед

Пайгамбар негизинен жаш балдарды сүйгөн адам болгон. Ата катары өзүнүн уул-кыздарына да мээримдүү, боорукер болгондугу баарыбызга маалым. Аз. Пайгамбардын Аз. Хадичадан эки эркек төрт кызы болгон. Тұңгуч уулунун аты Касым, кийинкиси Абдуллах. Кыздары Зейнеп, Рукия, Умму Гулсум жана Фатима болгон. Аз. Фатимадан башкасы пайгамбарыбыз тирүү кезинде каза болушкан. Аз. Али менен турмуш курган Аз. Фатима болсо атасы каза болгондо кайгы муңга чөгүп, өтө кейиген жана андан алты айдан кийин өзү да каза болгон. Айрыкча пайгамбарыбыз Мадинада үйлөнгөн Мария деген аялынан Ибрахим деген уулдуу болуп, ал төрөлгөндө өтө



кубанып, убагынын көбүн уулуна бөлгөн. Бирок ал дагы эки жашында каза болуп калган. Ал каза болгондо Аз. Пайгамбар өтө кайгыланып көзүнөн жаш төгүлөт. Анын ыйлаганына таң калган сахаба: "Аллахтын элчиси, сен да ыйлап жатасыңбы?", деп сураганда ал: "Көз ыйлайт, көңүл чөгөт. Мен уулума болгон сүйүүмдөн ыйлап жатам. Ташбоор адам ырайым көрбөйт", деп айтып, уулуна болгон мээриминен ыйлаганын билдирет. Ал мурда мусулмандарга өкүрүп бакырып ыйлоону тыйуу салган болчу (Бухарий, Жанаиз, 44).


Аз. Пайгамбар балдарын өтө сүйчү. Фатима кызы жанына келгенде ордунан туруп, жүзүнөн өөп, өзү отурган ордуна аны отургузат эле. Сапарга аттанып жатканда да эң акырында Аз. Фатима менен коштошуп, кайтып келгенде эң биринчи ага учурагандыгы айтылат (Абу Дауд, Таражжул, 21). Бирок бул сүйүүсү уул кыздарын үммөтүнөн жогору коюуга себеп болгон эмес. Мисал беретурган болсок, бир күнү пайгамбардын колуна бираз акча түшөт. Аз. Фатима анын жанына келип, күйөөсү кудуктан суу алганда кыйналып жатканын, ошондуктан колундагы акчага алар үчүн кул сатып берүүсүн өтүнөт. Аз. Пайгамбар ага: "Суффадагы инсандарды ач коюп сенин өтүнүчүңү кыла албайм; баардык акчаны алар үчүн жумшаймын", деп айтып, кызын канчалык жакшы көрсө да бей бечаранын абалын ойлоп, акчаны кызы үчүн жумшаган эмес (Ибн Ханбал, 838).

Ал ата катары, уул-кыздары үчүн жасаган жакшы иштерди үммөтүнө да насаат кылып калтырган:

"Атанын бала-чакасына берген эң баалуу белеги бул, жакшы тарбия" (Хаким, IV, 26).

Бул хадисте атанын уулуна болгон милдети эскертилген. Себеби ар бир баланын ата-энесинен алчу акысы бул, жакшы тарбия б.э.

Пайгамбарыбыздын тарбиялык иштеринде колдонгон методдорунун бири, эки нерсени салыштыруу аркылуу үйрөтүү болгон. “Бир адамдын баласына жакшы тарбия берүүсү, бирөөгө бир кап буудайды садага кылып берүүсүнөн жогору турат” (Тирмизий, Бирр, 33), хадисинде эки нерсени салыштырып, ата-эненин эң маанилүү милдети уул-кыздарына эң жакшы тарбияны берүүсү экендиги баса белгиленген.



**Кезек Сизде**

Аз. Пайгамбардын бала чакасына болгон мамилесине мисал табыңыз.

## 3 Чоң Ата Катары Аз. Мухаммед

Аз. Пайгамбардын уул-кыздары жаш кезинде каза болуп, алардын сүйүүсүнө тойбой калган болчу. Кийинчерек Умаме, Асан жана Үсөн атуу неберелери төрөлгөндө уул-куздарына болгон кусалыгын алар менен кетирген. Негизи ал баардык жаш балдарды сүйгөндүктөн, аларга мээримдүү жана боорукер мамиле көрсөтүп, өөп жыттап эркелетүүдөн да качпай, жаш балага болгон мамиледе элге үлгү болгон. Бир адам анын жаш балдарды мынчалык жакшы көрөөрүнө таңыркап: “Сиз жаш баланы өбөсүзбү? Биз аларды өппөйбүз”, дегенде ага: “Аллах сенин жүрөгүңдө мээр калтырбаган болсо мен эмне кылайын” (Бухарий, Адаб, 18), деп жооп кайтарган.

Аз. Пайгамбар жаш балдарды ойнотуп эркелеткенди жакшы көргөндүктөн, бир күнү небересин мечитке көтөрүп келип, намаз кылып жатканда желкесине чыгарып ойнотот. Бул небереси Зейнеп деген кызынын Умаме аттуу кызы болгондугу айтылат. Бул нерсе ушундан улам маанилүү. Ал убакта наристе кыздын баркы болгон эмес болчу. Аз. Пайгамбар жашоо турмушу аркылуу үлгү болууга жана оңдоого аракет жасаган маселелердин бири ушул болгон. Мындайча айтканда наристе кыз менен наристе эркек тең укукка ээ. Кала берсе: “Эгер мен бирөөсүнүн укугу жогору деп тандайтурган болсом, наристе кызды тандамакмын” (Хаким, II, 284), деп айтып, кызга өтө жакшы мамиле жасалуусу керектигине басым жасаган. Азыркы учурда анын неберелеринен Асан менен Үсөн гана эскерилсе да, Умаме деген кыз небересин алардан төмөн көрбөй, эркек неберелерине болгон сүйүүсүн ага да көрсөткөн.

Неберелерин кучактап алып, алар үчүн: “Аллахым! Сен неберелериме ырайымдуу бол. Мен да буларга мээрим көрсөтүп жатам” (Бухарий, Адаб, 21), деп дуба кылчу. Кээ бир аймактарда жаш балдар эркелетилип, өөп жытталбаса да, Аз. Пайгамбар неберелерине болгон сүйүүсүн көрсөтүүдөн, аларды ойнотуп күлдүрүүдөн тартынган эмес. Анткени жаш балдар сүйгөндү да сүйүлгөндү да улуулардан үйрөнгөндүктөн, мээр карсөтүү аларды келечеке даярдоо үчүн керектүү нерсе. Аз. Пайгамбар неберелерине

болгон мындай мамилеси аркылуу үммөтүнө мисал болуп, аларга өзүндөй болуп мамиле жасоону үгүттөгөн. Аз. Пайгамбар жаш балдар менен улуулардай сүйлөшүп тамашалашып, алардын мүнөзүн калыптандырууга аракет кылган.

## 4 Коңшу Катары Аз. Мухамед

**Ой Жүгүртүү**

Аз. Пайгамбардын коңшулар менен болгон карым-катнашка басым жасоосунун себеби эмне?

Аз. Пайгамбар коңшуларынын акысын жебей, укугун тебелебей өмүр сүргөн. Коңшулардын бири биринин акысын тебелебөөсүн, бири бирине жардамдашуусун жана бири биринин кемчилигин жасшыруусун насаат кылып калтырган.

Коңшулар менен болгон мамилени эң жакында жашаган коңшудан баштап түптөө керек экендигин төмөндөгү окуядан билсек болот:

Аз. Аиша: “Менин эки коңшум бар. Экөөсүнүн кайсынысына белек берейин?”, деп сураганда Аз. Пайгамбар ага: “Кимдин эшиги сага жакын болсо ошого бергин”, деп жооп берген (Бухарий, Адаб, 32).

Биздин маданиятыбызда да коңшунун өзгөчө орду бар. “Узактагы тууганден, жакындагы коңшу артык” макалында айтылгандай, көпчүлүк убакта тууган урукка караганда коңшуларыбыз менен көбүрөк катташып, мамиле кылып турабыз. Аз. Пайгамбар жогорудагы хадисинде коңшулук мамиленин маанисине басым жасаган. Ал айрыкча, үч жолу: “Аллахка ант болсун момун мусулман эмес”, деп айтканда сахабалар ага: “Ким момун мусулман эмес?”, деп сурашат. Ал болсо: “Зулумдук жана жамандык кылып, коңшусун тынч жашатпаган адам (момун мусулман эмес)” (Бухарий, Адаб, 29), деген жооп айтып, коңшулук маселесинин канчалык жүйөөлүү нерсе экендигин билдирген. “Момун мусулман эмес” сөзү тууралуу ой жүгүртүү керек. Себеби бул маселе ыйман менен түздөн түз байланышы бар нерсе жана жакшы мусулман болуунун жолдорунан бири, коңшу менен жакшы мамиледе болууга таянат. Өзүн момун мусулманмын деп эсептеген адам, коңшулары менен кылдат мамиле кылганы жакшы.

Аз. Пайгамбар “жоготууга учураган” адам деп, “кыямат күнү намаз, орозо жана садага сыяктуу ибадаттардан келген сообу, бирөөгө жаман сөз сүйлөгөндүгү, бирөөгө жалаа жапкандыгы, бирөөнүн акысын жегендиги, бирөөнүн канын төккөндүгү, бирөөнү уруп сокkондугу үчүн, Аллахтын жанына барганда, тапкан сооптору кылган жамандыгынан

улам, жамандык кылган адамдарына таратылган, сообу жетпесе алардын күнөөсү өзүнө жүктөлгөн жана өзүнүн да алардын да күнөөсүнөн улам тозокко кирген киши" (Муслим, Бирр, 59), экендигин айткан. Ошондуктан коңшулук маселеси боюнча: "Аллахка жана акырет күнүнө ыйман кылган адам коңшусуна жамандык кылбасын" (Бухарий, Адаб, 31), деп буйрук кылган.

**Изилденип-Үйрөнгүлө**

Коңшу менен болгон мамилеге тийешелүү хадистерден кошумча кандай негиздерди тапсак болот?

## 5 Жакын Тууган Катары Аз. Мухаммед

Аз. Пайгамбар тууган урук менен болгон мамилеге да өзгөчө орун берген. Өзү жаш убакта жетим калганда, жакындары аны өз уулдарынан да жогору коюп, жетим экендигин сездирбей өстүрүшкөн болчу. Мындан улам ал өмүр бою алардын бул жакшылыгын билип жана баалап жашаган. Туугандарына сый урмат көрсөтүп, жакшы мамиле кылып турган.



**Билесизби?**

Аз. Пайгамбарды авасы Абу Талиб асырап алган болчу. Ал да анын уулу Аз. Алини асырап алып, анын таалим тарбиясы менен өзү алектенген жана кызы Аз. Фатима менен үйлөндүрүп, тууגандык байанышын бекемдеген.

Куранда: "Шексиз Аллах, адилеттүүлүктү, жакшылык кылууну, жакын адамдарга жакшылык кылууну буйрук кылат; уятсыздыкка, жамандык кылууга жана текебердикке тыюу салат. Ал ойлонуп кабыл кылгыла деп насаат айтат" (Нахл, 16/90), деп буйрук кылынган. Аз. Пайгамбардын бул негизге таянып жашагандыгын жана инсандарга үлгү болгондугун көрсө болот.

Пайгамбарыбыздын маданиятыбызда "тууганчылык" деп аталган, тууган урук менен болгон мамилеге канчалык маани бергендигин төмөндөгү хадистерден да байкасак болот:

"Кимде ким ырыскысын арттыргысы же өмүрүн узаткысы келсе, анда тууган уругу менен жакшы мамиледе болсун" (Бухарий, Адаб, 12).

Сүйүктүү пайгамбарыбыз дагы бир хадисинде: “Тууган менен эки тараптуу карым-катнашта болуу, тууган менен чыныгы катташуу болуп эсептелбейт. Чыныгы карым-катнаш бул, тууганы катташууну токтотсо да, өзү катташууну уланткан адам б.э.” (Бухарий, Адаб, 15), деп айткан. Демек эң маанилүүсү, үйгө келбей койгон тууганды да зыярат кылуу жана жардамдашпаган тууганга жардам берүү экен. Мындайча айтканда карым-катнашты үзбөө жана жакшылыктын артуусу үчүн жардамдашуу керек. “Жакшылыкка жакшылык ар кишинин кылаар иши, жамандыкка жакшылык эр кишинин кылаар иши”, деген макалда айтылган нерсе жогоруда айтылгандарды толуктоочу мааниде.

Негизинен инсандар жакшылыкка жакшылык менен жооп кайтарат. Бирок жамандык кылынганда ачууланып, кек сактап, жамандыкка жамандык менен жооп кайтарганга аракет кылат. Ошондуктан мындай нерседен узак болуп, Аллахка болгон жоопкерчилигибизди ойлоп, жакшы мамиледе болууну улантсак, натыйжа биздин пайдабызга болот. Себеби ар бир адам өзү кылган иши үчүн өзү жооп берет жана суракка алынат. Пайгамбарыбыздын жашоо турмушу жана сүйлөгөн сөздөрү бизге бул маселеде да жол көрсөтүп, эң туурасы эмне экендигин, кандай шартта болсок да жакшылык кылууну улантууну билдирген.

“Тууган урук менен карым-катнашты кантип түзүүнү улуулардан үйрөнгүлө. Катташуу туугандардын ортосунда сый урматты жана байлыкты арттырып, өмүрдү берекелүү кылат” (Тирмизий, Бирр, 49), деген хадисинде карым-катнаштын пайдалуу нерсе экендигин айткан.



**Кезек Сизде**

Учурда туугандардын ортосундагы мамиленин начарлоосунун себеби эмне деп ойлойсуз?

## 6 Дос Катары Аз. Мухаммед

Аз. Пайгамбар достук жана биримдик сезимин түптөп, өмүрүнүн аягына чейин муну бекемдөөгө аракет жасаган. “Ант болсун, силердин араңарга, кыйынчылыкка туш болсоңор кейиген, силерге боорукер болгон, момундарга жылуу мамиле жасаган, мээримдүү пайгамбар келди” (Тавба, 9/128), деген аят анын кандай адам экендигин сүрөттөп турат.

Пайгамбар болгонго чейин да өзгөчө соодагерчиликтен улам аны менен мамиле түзгөн адамдар, анын укук маселесинде так жана жакшы дос болгондугун айтышкан (Ибнул Асиир, Усдулгааба, II, 317). Мурунку бөлүмдөрдө айтылып кеткендей, анын

жалган сүйлөбөгөндүгү жана ишеничтүү адам болгондугу сыяктуу сапаттар достук мамилени түптөө үчүн эң керектүү мүнөздөр б.э.

Аз. Пайгамбар кичи пейилдүүлүгүн достук мамилесинде да көрсөткөн. Баардык досторунун ал-абалын сурап туруусу, үйүнө чакырса конокко баруусу, белек берилсе кабыл кылып ага да белек берип жооп кылуусу, биз үчүн үлгү алчу жакшы сапаттар б.э. Аз. Пайгамбар досторунун муктаждыгынан кабардар болууга жана жардамдашууга аракет жасаган. Досторуна ар дайым сый урмат көрсөткөн. Аларга чыныгы достун кандай болоорун жеке жүрүм-туруму аркылуу үйрөткөн. Ошондуктан достору да ар дайым анын жанында болгон. Мисалы Аз. Абу Бакир оор күндөрүндө ага жардамга чуркап турган.

Ал бир топ маселени достору менен кеңешип, алардын пикирин угуп, туура сөзгө “макул” дей алган. Аң Казуу Согушунда Салман Фарисийдин шаардын айланасына аң казуу сунушуна макул болуп, дароо ишти баштаткан. Жыйынтыктап айтканда ал досторуна, чыныгы достун үлгүсү боло алган. Айрыкча анын кандай адамды дос кармоо керектиги тууралуу айткан сөзүн да эске салуу абзел:

“Жакшы адам менен бирге отуруу жана жаман адам менен бирге отуруунун ортосунда, жанында атыр алып жүргөн адам менен чок кармап жүргөн адамдай айырма бар. Атыр алып жүргөн адам сага атырынан берет же аны сатып аласың. А чок кармаган адам сенин кийимиңи күйгүзүшү мүмкүн жана күйүк жыттанасың” (Бухарий, Буйуъ, 38; Муслим, Бирр, 146).

Макалда “Мага досуңу айт, сага ким экендигиңи айтайын”, деп айтылгандай, адамдын кандай экендиги досунун кулк мүнөзүнө карап калыптанышы мүмкүн. Ошондуктан бирөө менен дос болоордо, анын жакшы жамандыгын билип анан достошуу керек.

**Ой Жүгүртүү**

Аз. Пайгамбардын достук түшүнүгү менен өзүңүздүн достук түшүнүгүңүздү салыштырыңыз.

## Бөлүмдү Жыйынтыктоо

Сүйүктүү пайгамбарыбыз үй-бүлөнү, Аллахтын ыраазычылыгына татыктуу өмүр сүрүү, бейкут коомду түптөө жана адептүү урпак муунду тарбиялоонун негизи деп атаган. Үй-бүлө курууну сунуштоо менен бирге турмуш курууну оңойлотуп, ошону менен бирге аял эркектин бири бирине болгон милдетин белгилеген. Өзү да өмүрлүк жолдош катары аялдарына жакшы мамиле жасаган. Аларга копол жана көңүл оорутуучу мамиле кылып алардын укугун тебелеген эмес.

Аз. Пайгамбардын Аз. Хадичадан эки уул, төрт кызы болгон. Биринчи төрөлгөн уулунун аты Касым, андан кичүүсүнүн аты Адбуллах. Кыздарынын аты Зейнеп, Рукия, Умму Гулсум жана Фатима болгон. Аз. Фатимадан башкасы пайгамбар тирүү кезде каза болушкан. Мадинада үйлөнгөн Мария деген аялынан Ибрахим деген уулдуу болгон бирок ал дагы эки жашында көз жумган.

Аз. Пайгамбар уул-кыздарын катуу сүйгөн. Фатима кызы жанына келгенде ордунан туруп, жүзүнөн өөп, аны өзү отурган ордуна отургузган. Бирок балдарына болгон бул сүйүүсү үммөтүн унуттурган эмес.

Аз. Пайгамбар өзүнүн уул кыздары жаш кезде көз жумгандыгы үчүн, алардын сүйүүсүнө тойгон эмес. Аларга болгон кусалыгын кийинчерек Умаме, Асан жана Үсөн деген неберелери аркылуу унуткан. Неберелеринин баарына бирдей мамиле жасап, аларга болгон сүйүүсүн жашырбай, аларды өөп жыттап эркелетүүдөн качкан эмес.

Аз. Пайгамбар бирөө менен коңшу болуп жашоонун эрежесин, мыйзамын элге үйрөтө алган. Коңшу болуп жашагандарга бири биринин укугун тебелебөөнү, бири бирине жардамдашууну, кемчилигин жашырууну насаат кылган.

Пайгамбарыбыз тууган урук менен болгон мамилеге да басым жасаган. Өзү жаш кезинде жетим калып, туугандарынын колунда чоңойгон. Туугандары аны өзүн жетиммин деп сезбеши үчүн өз уулдарынан да жакшы мамиле жасап өстүрүшкөн. Пайгамбар муну билип жана баалап жашаган. Аларга дайыма сый урмат көрсөтүп, ал-абалын сурап турган.

Аз. Пайгамбар досторунун муктаждыгынан кабардар болууну жана аларга жардамдашууну өзүнө адат кылып жашаган. Досторун барктап, аларга чыныгы достун кандай болуусу керектигин өзү үлгү болуп көрсөткөн. Мындан улам сахаба да ар дайым анын жанында болгон.

## Бөлүмдү Анализдөө

1-Аз. Пайгамбардын кандай өмүрлүк жолдош болгондугун мисалдар менен айтыңыз.

2-Аз. Пайгамбардын кыздарына жана кыз небересине кандай мамиле жасаганын айтып бериңиз.

3-Аз. Пайгамбарды ата энеси көз жумгандан кийин кайсыл тууганы асырап алган.

4-Аз. Пайгамбар эмне үчүн коңшу менен болгон мамилеге басым жасаган? Аят жана хадистерди колдонуп ачыктаңыз.

5-Аз. Пайгамбардын эң жакын досу ким болгон?

## Жыйынтыктоочу Суроолор

**1-Төмөндөгүлөрдүн кайсынысы Аз. Пайгамбардын кызы эмес?**

А) Рукия    Б) Умму Гулсум

В) Мария    Г) Фатима

**2-Төмөндөгүлөрдүн кайсынысы Аз. Пайгамбар мечитке көтөрүп барган жана намаз убагында желкесине чыгарып ойноткон небереси б.э?**

А) Умама    Б) Асан

В) Үсөн    Г) Зейнеп

**3-Аз. Пайгамдар хижрат кылганда жанында болгон жана Куранда да аталып өткөн досу ким?**

А) Аз. Усман    Б) Аз. Али

В) Аз. Умар    Г) Аз. Абу Бакир

**4-Аз. Пайгамбардын Ибрахим деген уулунун энесинин аты ким?**

А) Аз. Аиша    Б) Мария

В) Аз. Хадича    Г) Умму Салама

# V

# БӨЛҮМ

## пайгамбарым





# Тарбиячы Катары Аз. Мухаммед

1-Мугалим Катары Жөнөтүлүүсү

2-Сабаттуулукка Басым Жасоо

3-Аялдарга Билим Берүүнүн Маани-Маңызы

4-Билим Берүүнүн Негиздери

## БӨЛҮМ ТУУРАЛУУ

Бул бөлүмдө Аз. Пайгамбардын “мугалим” катары жөнөтүлгөнүн айтуусу, илимге, сабаттуулукка басым жасоосу жана бул милдетти аткарып жатканда кайсыл негиздерге таянгандыгы тууралуу сөз болот.

## ПЛАН

1-Аз. Пайгамбар өзүн эмне үчүн мугалим деп мүнөздөгөнүн;

2-Аз. Пайгамбардын илимге, окууга жана үйрөнүүгө басым жасоосун анын жашоо турмушу жана айткан сөздөрү аркылуу;

3-Азыркы учурда колдонулган кээ бир тарбиялык усулдардын, Аз. Пайгамбарды туура түшүнбөөгө таянганын;

4-Аз. Пайгамбардын агартуу ишинде эмнеге көңүл бурганын жеткирүү.

## ОКУУ ЭРЕЖЕСИ

Бул бөлүмдү окуунун эрежеси:

1-План коюп окуу жана тийешелүү бөлүмдү анализдөө;

2-Аз. Мухаммеддин (с.а.с.) өмүр баянын үйрөнүү үчүн бул китеп менен чектелбөө. Кошумча булактарды изилдөө;

3-Аз. Мухаммеддин (с.а.с) өмүр баянына тийешелүү кино тасмаларды көрүү.

# 1 Мугалим Катары Жөнөтүлүүсү

**Ой Жүгүртүү**

Аз. Пайгамбардын: “Мен мугалим катары жөнөтүлдүм” (Ибн Ханбал, III, 328), деген хадисинин мааниси тууралуу ой жүгүртүңүз.

“Мугалим” агартуу ишинде эң маанилүү орунга ээ. Куранда пайгамбардын адамзаттын жол бошчысы жана тарбиячысы экендиги айтылган:

“Мурда китеп берилбегендердин арасынан, аларга аяттарын окуган, аларга билим берген, китепти жана акыйкатты аларга үйрөткөн пайгамбарды ал жөнөткөн ...” (Жума, 62/2).

Негизинен Аз. Пайгамбардын Исламга чакыруу милдетинин тарбиялык мааниде болгондугун айтса болот. Себеби ал адам затына Аллахтын буйруктарын үйрөтүү үчүн милдеттендирилген:

“Ээй Мухаммед! Биз сени адам затка, бир гана кабар берүүчү жана эскертүүчү катары жөнөттүк ...” (Саба, 34/28), аятындагы кабардар кылуу жана эскертүү маселеси Аз. Пайгамбардын тарбиялык милдетине тийешелүү нерсе.

“... Пайгамбардын ачык-айкын даават (чакыруу) кылуудан башка милдети барбы?” (Нахл, 16/35).

“... Сенин ишиң бир гана даават кылуу ...” (Шура, 42/48), сыяктуу аяттарда болсо, Аз. Пайгамбардын пайгамбардык милдетинин аныктамасы берилген.

“Китеп жана акыйкатты үйрөткөн пайгамбар жөнөтүп, Аллах момундарга ырайымдуулук кылган ...” (Аал-и Имран, 3/164), аятында болсо сүйүктүү пайгамбарыбыз сыяктуу мугалимдин, момундар үчүн баалуу белек экендигине басым жасалган.

Пайгамбарыбыз илимге билимге жана агартуу ишине өтө маани берген. Ал үчүн илим саналуу баалуулуктардан бири б.э. Илимдүү билимдүү болбой туруп, бир маселе тууралуу туура ой жүгүртүүнүн мүмкүн эместигин билдирген аяттар (Бакара, 2/78; Анъам, 6/11-148; Юнус, 10/36; Хужурат, 49/12; Зарият, 51/10; Нажм, 53/23), бул маселенин канчалык маанилүү экендигин баса белгилеген. Анын убагында инсандардын билүүгө жана үйрөнүүгө кызыгуусу арткан. Аз. Пайгамбар бир адамдын билгенин үйрөтүүгө же болбосо билбегенин үйрөнүүгө аракет кылуусун насаат кылып, бул эки нерседен бирөөсүн жасабаган адамдын натыйжасы жакшы болбостугун айткан. Аз. Пайгамбар Мадинага көчүп бараары менен, эң биринчи кылган иши, агартуу ишин жүргүзүү үчүн мечит куруу болгон. Бул жер тарбиялык иштер аткарылган мектепке айланган. Аз. Пайгамбар агартуу милдетин бир топ негизге таянып орундаткан жана түрдүү усулдарды колдонгон.

**Ой Жүгүртүү**

Аз. Пайгамбар Мадинада билим берүү үчүн эмнеге мечит салган?

## 2 Сабаттуулукка Басым Жасоо

Пайгамбарыбыз тарбиялык иштерде сабаттуулукка өзөчө орун берүү керек экендигине басым жасаган. Ал убакта окуп жазууну билгендер өтө аз болгондуктан, үйрөтүлгөн нерселерди калемге алып, аны сактоо маанилүү болгон. Исламдан мурда араптар жазууну аз колдонушкан. Ал учурдун эң чоң шаарларынан бири болгон Меккеде да окуп жазганды билгендер 15-20 адамдан көп болбогондугу айтылат. Бирок абалдын мынчалык жаман болбогондугун айткандар да бар. Калаберсе сабаттуу аялдардын да бар болгондугу, Аз. Умардын Хафса деген кызы бул аялдардын бири экендиги билдирилген (Ибн Ханбал, VI, 372). Хафса пайгамбарыбыздын аялы болгон жана аялдардын окуу иштери менен алек болгон. Аз. Хафса пайгамбарыбыздан бир топ хадис риваят кылган.



**Изилденип-Үйрөнгүлө**

Аз. Пайгамбардын убагында кайсыл аялдар тарбиялык иштер менен алектенген? Изилдеңиз.

Аз. Пайгамбар Меккеде, сахаба Эркамдын үйүн мектеп катары колдонгон. Ал жерде аяттарды мусулмандарга жеткирип, аяттарды жаздырып, Ислам дини үйрөтүлүп үйрөнүлгөн жана бул маалыматтар жашоо турмушта колдонулган. Аз. Пайгамбар бул маселе боюнча колунан келишинче үммөтүн үгүттөгөн. Хижраттан мурда Мадиналык мусулмандардын тарбиялык ишин кээде алар менен жолукканда, же болбосо атайын мугалим жөнөтүп аткарган. Хижраттан кийин болсо мечит салынганда жанына “Суффа” деген жер даярдап, сахабага илим алуу үчүн мүмкүнчүлүк түзүп берген. Мындайча айтканда “Суффа” мусулмандардын эң биринчи университети б.э. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз бул жерде өзү да мусулмандарга сабак берип турган. Суффадан өсүп чыккандар элди динге чакыруу жана динди үйрөтүү максатында Арап Жарым Аралына тарашкан.

**Билесизби?**

Пайгамбарыбыз билим беруу учун мушриктерден да пайдаланган. Алардын жазууну үйрөтүүсүнө каршы чыкпай кайра колдогон. Бедир Согушунда колго түшкөн адамдарга, он балага окуп жазууну үйрөткөндөрдү бошоторун айтып, илимге билимге берген баасын көрсөткөн (Ибн Саъд, 14-17).

Мындан чыкчу натыйжа, пайгамбардын сабаттуулук үчүн мушриктерден да кызмат алып, бул маселеге өзгөчө маани бергендиги б.э. Калаберсе мушрик мугалимдер окуучуларга оор мамиле жасаганын жана окуучулардын бирөөсү атасына барып: “Бедирдин өчүн алып жатышат”, деп айткандыгы айтылат (Ибн Ханбал, I, 247).

Бул айтылгандардан Аз. пайгамбардын сабаттуулукту канчалык баалагандыгын көрсө болот. Курандын аяттары жазылып, Меккенин элинин эсеби кагазга түшүрүлүп, Мадина Келишими баш болуп баардык келишимдер кагазга жазылган. Мамлекеттин казынасына түшкөн пайдадан тартып, согуш убагында жоокерлердин эсеби, аты жөнү да жазылган.

Пайгамбарыбыз жахилия доорунун каада салты боюнча жашаган элди Исламга чакырган. Коомдун мүчөлөрүн тарбиялап, алар менен бирге жаңы коомду түзгөн. Ушунчалык оор милдетти орундатып жатып, инсандарды илимге, билимге жана сабаттуулукка чакыруусунун түпкүрүндө Курандын үгүттөрү турган. Себеби Куран илимдүү адам менен илимсиз адамды бөлүп караган.

Куранда бул нерсеге тийешелүү аяттардын кээ бирлери төмөнкүчө:



“... Айткын: Билгендер менен билбегендер бирдей болмокпу? ...” (Зумар, 39/9).

“... Раббим илимимди арттыргын дегин” (Та ха, 20/114).

“... Андыктан билбесеңер билгендерден сурагыла ...” (Нахл, 16/43).

Тарыхтагы баардык пайгамбарлар адам затты туура жолго жеткирүүчү, Аллахтын ыраазычылыгын ала алган жакшы адам болуу үчүн керек болгон негиздерди жеткирген жана жашоо турмушу менен өздөрү да үлгү болгон инсандар болгон.

Аз. Пайгамбар аалымдарды пайгамбарлардын мураскору деп эсептеген:

“Аалымдар көктөгү жылдыз сыяктуу. Жылдыздар карангыда кандай жол көрсөтсө, алар да жер жүзүндөгү жол көрсүтүүчүлөр б.э.” (Бухарий, 3/30; Тирмизий, 3/19), деген хадисинде аалымдардын пайгамбарлардын жолун жолдогон инсандар экендигине басым жасайт.





## 3 Аялдарга Билим Берүүнүн Маани-Маңызы

Аз. Пайгамбар: “Илим алуу ар бир мусулман эркек жана аялга парз кылынган” (Ибн Маажа, Мукаддима, 17), деп буйрук кылып, үйрөнүп билүү аял эркек дебей баарыбызга парз экенин жана үйрөнүүнүн инсанды инсан кылган өзгөчөлүк экендигин белгилей кеткен.

Үй-бүлө тарбиянын эң биринчи бешиги б.э. Үй-бүлөдөгү тарбиянын канчалык маанилүү экендиги, жаш балдар өзгөчө башка адамдар менен мамиле кыла баштаганда билинет. Бала сүйлөгөн сөзү жана кылган иши аркылуу, үй-бүлөсүндө кандай тарбия алгандыгын көрсөтөт. Үй-бүлөнү багуу негизинен атанын милдети болгондуктан,

уул-кыздарды тарбиялоо милдети энеге жүктөлөт. Эне канчалык сабаттуу болсо, ал өстүргөн уул-кыздар да ошончолук билимдүү болуп чоңоёт.

Ата эне уул-кыздарын тарбиялап жатканда, аларды бул дүйнөдө да аркы дүйнөдө да бактылуулукка жеткирчү тарбия берүүсү керек. Аларды жакшы мүнөзгө жана адеп-ахлакка ээ кылып өстүрүү зарыл.

**Билесизби?**

Пайгамбарыбыз аялдарды окутуу маселесинде да үлгү болгон. Алар менен кээде өзү алектенип сабак берсе, кээде өзүнүн аялдарын жөнөтүп ал аялдарга көмөк көрсөткөн. Сахабаларга андан үйрөнгөн нерселерди, үйгө барганда аялдарына айтып берүүнү үгүттөгөн.

Кээ бир булактарда мечитте аялдарга тийешелүү бөлүм болгондугу айтылат. Бул жерде ибадат кылуу менен бирге Аз. Пайгамбардан, Аз. Аиша жана Умму Гулсумдан илим үйрөнүп турушкан. Бухаринин айтымы боюнча, пайгамбарыбыз жуманын бир күнүн бир гана аялдарга бөлүп, аларга жаңы нерсе үйрөтүп, суроолоруна жооп берип турган (Бухарий, Илим, 87). Ал убакта негизинен аялдар үйрөнүүгө аябай ынтызар болушкан. Пайгамбардын аларды илим алууга үгүттөөсүнүн натыйжасында баардыгы колдон келишинче окуп үйрөнүүгө аракет жасаган. Бир гана аялдар аялдарды окутуу менен чектелген эмес. Пайгамбардын аракетин көргөн сахабалар өз кыздарын окута баштаган. Аз. Пайгамбар аялдардын баркы болбогон бир коомдо ушунчалык маанилүү иштерди жасай алган.



**Кезек Сизде**

Тарыхта аялдардын сабаттуулугу тууралуу түрдүү көз караштардын кандай таасирлери болгондугу тууралуу ой жүгүртүңүз. Аялдардын диний маалыматын жогорулатуу үчүн кандай иш чара көрүү керек?

## 4 Билим Берүүнүн Негиздери

Аз. Пайгамбар мугалим катары жөнөтүлгөндүктөн, ал окутуучунун, жол көрсөтүүчүнүн, ой жүгүртүүнүн, адеп-ахлактын, бирөө менен кандай мамиле кылуунун жана кантип сүйлөөнүн үлгүсү б.э. Анын инсандарга ар тараптуу үлгү экендиги Куранда мындайча айтылат:

“Ээй инсандар! Ант болсун, силер үчүн, Аллахка жана акыретке жетүүнү көздөгөндөр жана Аллахты көп эстегендер үчүн Аллахтын элчиси эң сонун үлгү б.э.” (Ахзаб, 33/21).

**Ой Жүгүртүү**

Аз. Пайгамбардын тарбиялык иштерде кайсыл өзгөчөлүгү басымдуу болгон?

Аз. Пайгамбар динди үйрөткөндө, үйрөткөн нерсесин өзү да жашоосунда колдонуп үлгү боло алган. Ошону менен бирге, бир жерге мугалим жөнөткөндө, алардан үйрөткөн нерсесин өздөрү да аткаруусун күткөн. Ал бул нерсе боюнча мындай деп айткан: “Эй ыйман кылгандар! Өзүңөр кылбаган нерсени эмнеге айтып жатасыңар?” (Саф, 61/2-3).

Куранда да бул маселеге тийешелүү пайгамбарга жана мусулмандарга эл менен мамиле жасаганда жана элге бир нерсе үйрөткөндө эмнеге көңүл буруу керек экендиги айтылган. Ал аяттардын кээ бирлери төмөнкүчө:

“Раббиңин жолуна акыйкат жана жакшы насыйкат менен чакыр. Аларга өтө жакшы мамиле жаса. Чындыгында Раббиң анын жолунан чыккандарды өтө жакшы билет” (Нахл, 16/125).

“Аллахтын ырайымынан улам сен аларга жылуу мамиле кылдын. Эгер копол жана таш боор болгонуңда жаныңан тарап кетишет эле. Аларды кечиргин, алардын кечирилүүсүн тиленгин ...” (Аал-и Имран, 3/159).

“Жакшылык менен жамандык бирдей нерсе эмес. Эй ишенген адам. Сен жамандыкты куугун; ошондо сага душман болгон адамдын, жакшы дос сыяктуу экендигин көрөсүң” (Фуссулат, 41/34).

Жогоруда айтылган үгүттөр, пайгамбарыбыз мусулмандарга таалим тарбия бергенде таянган негиздер болгон. Бул негиздерди төмөндөгүчө белгилеп кетсек болот:

- Пайгамбарыбыз баардык нерсени оңойлоткондой, билим берүүнү да оңойлоштурган. Кыйын болгон нерселер адамды тажатып салышы мүмкүн. Ошондуктан оңой жолду тандоону сунуштаган.
- Жакшы сөз сүйлөгөн, баардык жакшылыкты сүйүп үйрөткөн жана сүйүүнү үйрөткөн: “Рухумун ээси болгон Аллахка ант ичип айтып жатам. Силер ыйман кылмайынча бейишке кире албайсыңар; бири бириңерди сүймөйүнчө чыныгы момун боло албайсыңар” (Муслим, Иман, 71-72), деп айтып, сүйүүнүн ыймандуулуктун белгиси экендин баса белгилеген.
- Бирөөгө бир нерсе үйрөтүп жатканда ачууланууга жана уруп согууга тыюу салып, сабак берип жатканда ачуулангандарга: “Ачуулаган убакта сөз сүйлөбөгүлө” (Ибн Ханбал, I, 239) деп, инсандардын көңүлүн оорутуудан жана үйрөнүүгө болгон

кызыгууну жоготуудан узак болгула деп эскерткен. Бир сахаба пайгамбар тууралуу мындай деген: “Мен Аллахтын элчисинен өткөн жакшы мугалим көрбөдүм. Мени урган да жок, сөккөн да жок, жемелеген да жок” (Ибн Ханбал, V, 447-448).

- Адамдардын мүнөзүнүн айырмачылыгына көңүл буруп, ар адамдын кулк мүнөзүнө жараша усул тандап сабак берген. Бир эле нерсени ар адамга ар түрдүү жол менен үйрөткөн. Себеби ар бир адам уккан билгенин өзүнүн аң сезимине жараша жоромолдой алгандыктан, окутуунун усулун адамга жараша тандоо керек экендигин билдирген.
- Кээде сүйлөп түшүндүрсө, кээде иш жүзүндө көрсөткөн.
- Суроо суроону сунуштап, суроо сурагандарды, суроого жооп бергендерди жана суроонун жообун элге жеткиргендерди мактаган.
- Элдин көңүлүн өзүнө буруу үчүн кызыктуу суроолорду сурап, элдин ою ага бурулгандан кийин үйрөткүсү келген нерсени үйрөткөн.
- Бир теманы жыйынтыктабай жаңы темага өткөн эмес.
- Теманы түшүндүрүп жатканда оңой маселеден баштап кыйын маселеге карай түшүндүргөн.
- Сабактын аягында түшүнүксүз болгон жерлерди кайрадан түшүндүрүп берген.

Негизинен билим берүү системаларында маани берилген бул усулдарды, ал өз жашоосунда колдонуп, мусулмандар үчүн билим берүү маселесинде да үлгү болгон.



**Изилденип-Үйрөнгүлө**

Аз. Пайгамбар билим берүүдө колдонгон усулдарга дагы кайсыл методдорду кошумчаласа болот?

## Бөлүмдү Жыйынтыктоо

Сүйүктүү пайгамбарыбыз илимге билимге өзгөчө көңүл бурган. Анын түшүнүгүндө илимдин орду жогору болгон. Билим берүүдө эн көп, окуп-жазууга басым жасаган. Себеби ал учурдун шарттары жана жазуунун зарылчылыгын карап көрсөк, анын сабаттуулукту эмне үчүн үгүттөгөнүн баамдайбыз. Пайгамбарыбыз: “Илим үйрөнүү ар бир мусулман эркек жана аялга парз б.э.”, деп буйрук кылып, аял эркек дебей баарыбыздын үйрөнүүгө умтулушубуз керектигин жана үйрөнүү бул инсанга тийешелүү баалуу нерсе экендигин билдирген. Аз. Пайгамбар аялдарга билим берүү маселесинде да үлгү болгон. Аялдарга кээде өзү сабак берсе, кээде аларга өзүнүн

аялдарын жөнөтүп окуткан. Кээде болсо сахабаларга, өзүнөн үйрөнгөн нерселерди аялдарына да айтып берүүсүн эскертип турган.

Мугалим катары жөнөтүлгөн Аз. Пайгамбардын мүнөзүндө окутуучунун, жол көрсөтүүчүнүн, адеп-ахлактын, эл менен мамиле кылуунун жана сүйлөө адебинин үлгүсүн тапса болот.

## Бөлүмдү Анализдөө

1-Аз. Пайгамбардын өзүн мугалим деп эсептөөсү Курандагы кайсыл аяттарга таянат?

2-Билим берүү эң биринчи кайсыл жерде орундатылган?

3-Аз. Пайгамбардын билим берүүнү баалагандыгы тууралуу бир окуя айтыңыз.

4-Аз. Пайгамбар аялдарга кантип билим берген?

5-Аз. Пайгамбар билим берүүдө кайсыл негиздерге таянган?

## Жыйынтыктоочу Суроолор

**1-Төмөндөгүлөрдүн кайсынысы Аз. Пайгамбардын билим берүүнү баалагандыгын билдирбейт?**

А) Мадина Окуясы

Б) Элдин санын эсептөө

В) Куранды жаздыруу

Г) Түрдүү аймактарга элчи жөнөтүү

**2-Төмөндгүлөрдүн кайсынысы Аз. Пайгамбар билим берүүдө таянган негиздерден эмес?**

А) Ар бир адамдын өзгөчөлүгүнө маани берүүсү

Б) Сабактын аягында түшүнүксүз болгон маселени кайталоо

В) Кыйын маселеден баштап оңой маселеге карай үйрөтүүсү

Г) Суроо суроону үгүттөөсү

**3-"Илим үйрөнүү ар бир мусулман эркек жана аялга парз б.э."**

**"Илим бул казына жана ал казынанын ачкычы суроо суроодо турат. Аллахтын ырайымы силерге болсун; суроо сурагыла. Себеби суроодо, төрт адамга сооп бар: Сураганга, үйрөткөнгө, укканга жана буларды сүйгөнгө."**

**"Эң жогорку садага бул илим жаюу б.э."**

**"Аллахым, пайдасы жок илимден сактагын."**

**"Аллахым, мени илимге бай кыл; акыл эстүү кыл; жамандыктан узак кыл; жакшылык кылууну насип кыл."**

Жогорудагы хадистерден кайсыл натыйжа чыкпайт?

А) Илим аял-эркек баарыбыз үчүн баалуу нерсе.

Б) Көп суроо суроо жаман нерсе.

В) Илимдин пайдалуу болуусу үчүн дуба кылуу керек.

Г) Илим инсанды чыныгы байлыкка жеткирет.

# Жооптор

## I-Бөлүм

1. А, 2. Б, 3. В, 4. Г, 5. В, 6. Г

## II-Бөлүм

1. А, 2. В, 3. В, 4. А, 5. Г, 6. В, 7. Г, 8. Г, 9. А, 10. В

## III-Бөлүм

1. В, 2. А, 3. Г, 4. Г, 5. В, 6. Г, 7. Г

## IV-Бөлүм

1. Б, 2. Г, 3. В, 4. В, 5. Г, 6. Г

## V-Бөлүм

1. В, 2. А, 3. Г, 4. Б

## VI-Бөлүм

1. Г, 2. В, 3. Б

## Колдонулган Булактар

Algül, Hüseyin, *Âlemlere Rahmet Hz. Muhammed*, Ankara 1994.

Algül, Hüseyin, *İslâm Tarihi*, I, İstanbul, 1986.

Azam, Abdurrahman, *Rasûl-i Ekrem'in Örnek Ahlâkı*, çev. Hayreddin Karaman, İstanbul 1971.

Belazuri, *Ensabü'l- Eşraf*, Kahire, 1959.

Bilgin, Beyza, *İslâm ve Çocuk*, TDV Yayınları, Ankara 1997.

Bozkurt, Nahide, *Siyer (Hz. Muhammed'in Hayatı)*, İmam Hatip Liseleri Ders Kitabı, MEB Devlet Kitapları, Ankara 2003.

Buhari, *Sahih*, Çağrı Yayınları, İstanbul, 1992.

Çağatay, Neşet, *İslâm Öncesi Arap Tarihi ve Cahiliye Çağı*, Ankara 1982.

Derveze, İzzet, *Kur'an'a Göre Hz. Muhammed'in Hayatı*, I-III, çev. Mehmet Yolcu, İstanbul 1998.

Dikici, Recep, *İki Cihan Güneşi Hz. Muhammed Aleyhisselam*, İstanbul 1984.

Diyanet İlmi Dergi-*Peygamberimiz Hz. Muhammed (sav)*-Özel Sayı-, Ankara 2000.

*Doğuştan Günümüze Büyük İslâm Tarihi*, I, Redaktör, Hakkı Dursun Yıldız, İstanbul 1986.

Ebu Gudde, Abdülfettah, *Bir Eğitimci Olarak Hz. Muhammed ve Öğretim Metotları*, çev. Enbiya Yıldırım, İstanbul 1998.

*Gelişim ve Öğrenme Psikolojisi*, Edit. Binnur Yeşilyaprak, Pegema Yayınevi, Ankara 2003.

Güçlü, Nezahat, "Zaman Yönetimi", *Eğitim Yönetimi Dergisi*, Yıl:7, Sayı:25, Kış 2001.

Günaltay, Şemsettin, *İslâm Öncesi Araplar ve Dinleri*, Sadeleştirenler: M. Mahfuz Söylemez-Mustafa Hizmetli, Ankara 1997.

Halil, İmadüddin, *Muhammed Aleyhisselam*, Konya 2003.

Hamidullah, Muhammed, *İslâm Peygamberi*, I-II, İstanbul 1980.

Hasan, H. İbrahim, *Siyasî-Dinî-Kültürel-Sosyal İslâm Tarihi*, I, çev. İsmail Yiğit ve Arkadaşları, İstanbul 1985.

Heykel, Muhammed Hüseyin, *Hz. Muhammed'in Hayatı, I-II*, çev. Vahdettin İnce, İstanbul 2000.

Hizmetli, Sabri, *İslâm Tarihi*, Ankara 1999.

*Hz. Peygamberin Hayatından Davranış Modelleri*, Yayına Hazırlayan, Recep Kılıç, Ankara 1998.

İbn Abdirabbih, *el-Ikdü'l-Ferid*, c. IV, Beyrut, 1985.

İbn Hanbel, *Müsned*, I-IV, Çağrı Yayınları, İstanbul 1982.

İbn Hişam, *es-Siretü'n-Nebeviyye*, Kahire, 1999, c.II.

İbn Mâce, *Sünen*, Çağrı Yayınları, İstanbul 1992.

İbn Sa'd, *et-Tabakatü'l-Kübra*, c.I, Beyrut, 1985.

İbn-i Hişam, *Hz. Muhammed'in Hayatı (es-Siretü'n-nebeviyye)*, çev. İzzet Hasan- Neşet Çağatay, Ankara 1971.

İbnü'l Arabi el-Maliki, *Sahihü't-Tirmizi Şerhi*, Kahire 1931.

İbnü'l-Esir, *el-Kamil fi't-Tarih*, Beyrut 1989, c.II.

*Kur'an-ı Kerim ve Açıklamalı Meali*, Türkiye Diyanet Vakfı (Heyet), Ankara 2000.

Müslim, *Sahih*, Çağrı Yayınları, İstanbul 1992.

Özaydın, Abdülkerim, "Arap" *Türkiye Diyanet Vakfı İslâm Ansiklopedisi*, III, 321-324.

Özaydın, Beyza - Mualla Selçuk, *Din Öğretimi*, Gün Yayıncılık, Ankara 1999.

Özbek, Abdullah, *Bir Eğitimci Olarak Hz. Muhammed*, Konya 1995.

Sarıçam, İbrahim, *Hz. Muhammed ve Evrensel Mesajı*, DİB. Yayınları, Ankara 2001.

Sarıçam, İbrahim, *İlk Dönem İslâm Tarihi*, Açık Öğretim Yayını 574, Eskişehir 1999.

*Seçme Hadisler*, DİB. Yayınları, Ankara 2000.

Şarkavi, Abdurrahman, *Özgürlük Peygamberi Hz. Muhammed,* çev. Muharrem Tan, İstanbul 1993.

Taberi, *Tarihü'l Ümem Ve'l-Müluk*, I-IV, İstanbul 1992.

Watt, W. Montgomery, *Hz. Muhammed Mekke'de*, çev. M. Rami Ayas-Azmi Yüksel, Ankara 1986.

Ya'kubi, *Tarihu Ya'kubi*, c. II, Beyrut tarihsiz.

Yiğit, İsmail - Raşit Küçük, *İmam Hatip Liseleri İçin Siyer*,1-2, İstanbul 1997.



